$$\sum_{i=1}^{n}x_{ij}=1, j=1,2,\dots,n, \qquad (3)$$

сырьенун ар бир түрүн бирден гана ишкана камсыз кылат.

Эгерде коюлган шарттар дал келбей калгандыктан маселе чечилбесе, анда "=" белгилерин "≥" белгилери менен алмаштырууга болот.

Ал эми экинчи жагдайга карата математикалык модел түзүп көрсөк. Бул үчүн биз өзгөрүлмөлөрдүн маанисин аныктайбыз: эгерде $i$-ишкана сырье жеткирип берүү менен камсыз кылса $x_i=1$, эгер жеткирип бере албаса $x_i=0$; ал эми $c_i - i$ ишканасынан сырье ташуу чыгымдары болот. Анда максаттуу функция төмөнкүдөй көрүнүштө болот:

$$f = \sum_{i=1}^{n} c_i x_i \to min, \quad (4)$$

башкача айтканда, төмөнкүдөй шартта чыгымдар минималдуу болот

$$\sum_{i=1}^{n} x_i \geq 1, i = 1,2, \dots, n, \quad (5)$$

тактап айтканда, ишкана өзүндө бар болгон сырьенун бардык түрлөрүн берет.

Мындай жагдайларда маселени ***чыгымдарды минималдаштырууга изилдөө*** аркылуу математикалык моделдештирүүнү пайдаланып оптималдуу чечим кабал алууга туура келет. Андыктан жеткирип берүүчү ишканалар менен керектөөчү ишкананын суроо талаптарын жана керектөөлөрүн аныктоо керек (1-таблица).

Таблица -1. Жеткирип берүүчү ишканалар менен керектөөчү ишкананын керектөөлөрү.

| Жеткирип берүүчү ишканалар | Керектөөчү ишканаы керектөөлөрү | | | | | Сырьенун запасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сырье 1 | Сырье 2 | Сырье 3 | Сырье 4 | Сырье 5 | |
| Ишкана 1 | 10 | 7 | 4 | 1 | 4 | 100 |
| Ишкана 2 | 2 | 7 | 10 | 6 | 11 | 250 |
| Ишкана 3 | 8 | 5 | 3 | 2 | 2 | 200 |
| Ишкана 4 | 11 | 8 | 12 | 16 | 13 | 300 |
| Керектөө деңгээли | 200 | 200 | 100 | 100 | 250 | |

1-таблицадан көрүнүп тургандай:

1) жеткирип берүүчү ишканалардын сырье жеткирип берүү мүмкүнчүлүгү – алардагы сырьенун запасы менен мүнөздөлөт:
2) керектөөчү ишкананын керектөөлөрү керектөө деңгээли менен мүнөздөлөт;
3) жеткирип берүүнүн бирдигине болгон баа (стоимость) сандык маанилер менен көрсөтүлгөн;

Берилгендерди пайдаланып (1) жана (4) формулалардын негизинде маселени минимумга изилдейбиз. Ал үчүн шарт боюнча эң аз баадагы сырье жеткирип берүүчү ишкананын маанисинен карайбыз. Эреже боюнча жолчонун башынан карай маанилерди салыштырып көрөлү. Эң кичине маани б.а. эң арзан баада 1- ишкана 4 сырьену жеткирип берет. 1-ишкананын жеткирип берүү мүкүнчүлүгү 100гө чейин. 4 сырьего болгон керектөө деңгээли да 100гө чейин. Демек, 1-ишкана 4 сырьену жеткирип берүү менен бардык мүмкүнчүлүгүн пайдаланып бүтөт, ал эми 4 сырьего болгон керектөө канааттандырылып бүтөт (2-таблица).

Таблица – 2. Жеткирип берүүчү ишканалардын керектөөчү ишкананын керектөөлөрүн канаатандыруу мүмкүнчүлүгүнө анализ.

| Жеткирип берүүчү ишканалар | Керектөөчү ишкананын керектөөлөрү | | | | | Сырьенун запасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сырье 1 | Сырье 2 | Сырье 3 | Сырье 4 | Сырье 5 | |
| Ишкана 1 | 10*0 | 7*0 | 4*0 | 1*100 | 4*0 | ***100*** |
| Ишкана 2 | 2 | 7 | 10 | 6*0 | 11 | ***250*** |
| Ишкана 3 | 8 | 5 | 3 | 2*0 | 2 | ***200*** |
| Ишкана 4 | 11 | 8 | 12 | 16*0 | 13 | ***300*** |
| Керектөө деңгээли | ***200*** | ***200*** | ***100*** | ***100*** | ***250*** | |

Андан ары, ар бир кийинки жеткирип берүүчү ишкананын бар болгон сырьелоруна карата эң аз баада жеткирип берүүлөрүнө анализди улантабыз. Эреже боюнча кийинки жолчодон салыштыруу менен анализдей берсек болот. Жыйынтыгында, ар бир жеткирип берүүчү ишкананын бар болгон сырьелорун жеткирип берүү мүмкүнчүлүктөрү минималдык чыгымга изилденген таблица пайда болот (3-таблица).

Таблица -3. Жеткирип берүүчү ишканалардын керектөөчү ишкананын керектөөлөрүн канаатандыруу мүмкүнчүлүгүнө анализ.

| Жеткирип берүүчү ишканалар | Керектөөчү ишкананын керектөөлөрү | | | | | Сырьенун запасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сырье 1 | Сырье 2 | Сырье 3 | Сырье 4 | Сырье 5 | |
| Ишкана 1 | 10*0 | 7*0 | 4*0 | 1*100 | 4*0 | ***100*** |
| Ишкана 2 | 2*200 | 7*50 | 10*0 | 6*0 | 11*0 | ***250*** |
| Ишкана 3 | 8*0 | 5*0 | 3*0 | 2*0 | 2*200 | ***200*** |
| Ишкана 4 | 11*0 | 8*150 | 12*100 | 16*0 | 13*50 | ***300*** |
| **Керектөө деңгээли** | ***200*** | ***200*** | ***100*** | ***100*** | ***250*** | |

(1) формулага карап маселени минималдык чыгымдар методу менен моделдештире турган болсок, $i$-ишкана сырье жеткирип берүү менен камсыз кылса $x_i=1$, эгер жеткирип бере албаса $x_i=0$; ал эми $c_i$ – $i$ ишканасынан сырье ташуу чыгымдары болот.

$$f=\sum_{i=1}^{n}\sum_{j=1}^{n}(c_{i1}x_{i1}+c_{i2}x_{i2}+c_{i3}x_{i3}+\cdots+c_{in}x_{in}+\cdots)$$
$$=(c_{11}x_{11}+c_{12}x_{12}+c_{13}x_{13}+\cdots+c_{1n}x_{1n}+\cdots)$$
$$+(c_{21}x_{21}+c_{22}x_{22}+c_{23}x_{23}+\cdots+c_{2n}x_{2n}+\cdots)+\cdots+(c_{11}x_{11}+c_{n2}x_{n2}$$
$$+c_{n3}x_{n3}+\cdots+c_{nn}x_{nn}+\cdots)\to min$$

Мында, формулага шарттуу түрдө дал келген маанилерди ишканалардын жеткирип берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн таблицасынан (3-таблица) алып коюп эсептеп көрөбүз.

$$f(x)=(0*10+7*0+4*0+1*100+4*0)+(2*200+7*50)+(2*200)+(8*150+12*100+13*50)=4300$$

Демек, ар кандай ишканалардын ар түрдүү сырьелорду жеткирип берүүлөрүндө, эки жагдайды эске алганда да минималдуу чыгым 4300гө барабар болушу керек. Мында жеткирип берүүлөргө кеткен чыгымдар, керектөөлөрдүн көлөмү өзгөрүлмө катары каралат. Алардын маанилерине карап ар кандай жыйынтык чыгышы мүмкүн, бирок бул метод менен чыгымдар минималдаштырылат деп айтса болот.

## Жыйынтык

Ар кандай экономикалык процесстерди караганда да анын чыгымдарын минималдаштыруу экономиканын негизги маанилүү параметрлеринин бири болуп эсептелет. Ошондуктан, чыгымдарды минималдаштуруу үчүн жогоруда карап өткөндөй, математикалык методдор менен моделдештирип маселени чечүү жолдорун изилдөө максатка ылайыктуу деп эсептейбиз. Андыктан экономикалык процессти математикалык моделдештирүү үчүн алгач, анын экономикалык моделин даярдап алуу керек.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Жусупбаева, А.** Экономикадагы операцияларды изилдөөнүн методдору жана моделдери [Текст]: окуу китеби / А. Жусупбаева, Г.Т. Маматкадырова, А.Ж.Аширбаева. – Бишкек, 2008. – 336 б.
2. **Никитина, Л.Н.** Экономико – математическое моделирование транспортировки грузов на промышленных предприятиях [Текст] / Л.Н. Никитина, Е.А. Фурсова // ИННОВАЦИИ.- Москва, 2010.- № 6 (140). – С. 89-93.
3. Стратегия устойчивого развития промышленности Кыргызской Республики на 2019-2023 годы. [Электрондук ресурс]. – Жеткиликтүүлүк режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/157190
4. ИАЦ «Кабар»: Государственная поддержка сельского хозяйства будет продолжена. URL: http://kabar.kg/news/iatc-kabar-gosudarstvennaia-podderzhka-sel-skogo-khoziaistva-budet-prodolzhena/ (дата: 18.02.2020)
5. **Имаралиев, Ө.Р.** Экономиканын кайра иштетүү секторунун атаандаштык стратегиясын иштеп чыгуу (Кыргыз Республикасынын түштүк регионунун мисалында) [Текст]: автореф. дис. ... канд. экон. наук: 08.00.05 / Ө. Р. Имаралиев.- Жалал-Абад, 2021.- 38 с.
6. **Имаралиев, О.Р.** Проблемы регионального развития перерабатывающей экономической сферы Кыргызстана [Текст] / О. Р. Имаралиев // Современные гуманитарные исследования. - Спутник+, 2019. - №2.- С. 14-16.
7. **Анаркулова, М.А.** Операцияларды изилдөөдөгү маселелердин чыгаруу жолдору [Текст] / М.А. Анаркулова // Вестник ОшГУ.- Ош: Билим, 2016.- №3 - 4. – С. 135 - 139.
8. **Имаралиев, О.Р.** Роль маркетинговых исследований и информационных технологий в развитии регональной перерабатывающей промышленности [Текст] / О.Р. Имаралиев, Н.С. Абдумаликова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2020. - №1. - С. 65- 69.
9. **Имаралиев, О.Р.** Вклад коммерческих банков в развитии регионов [Текст] / О.Р. Имаралиев, Тологон к. А., Т.Т. Эргешова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2020. - №1.- С. 69-72.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_110

Поступила в редакцию 03. 02. 2022 г.

# ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 37.3713;494.3**

***Масалиева Н.У.***
*ст. преп. Кыргызского госуд. универ. им. И. Арабаева, Кыргызская Республика*

## МАНАС ЭПОСУНДАГЫ РУХАНИЙ ЛЕКСИКАНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Бул макалада Манас эпосундагы руханий лексика каралат. Иштин максаты Манас эпосунун руханий лексикасын тематикалык жана лексика-семантикалык топторго ажыратуунун илимий-теориялык маселелерин иликтөө болуп саналат. Макалада эпостогу руханий лексикага талдоо жүргүзүү тилди иликтөөнүн сыпаттама жана салыштырма методдорунун негизинде ишке ашырылат. Тил илиминде сөздөрдү тематикалык жана лексика-семантикалык топторго ажыратуу, классификациялоо туурасында окумуштуулардын пикирлерине, көз караштарына илимий сереп жасалып, айрым окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен тематикалык жана лексика-семантикалык топторго ажыратуунун теориялык жоболорунун негиздери белгиленет. Айтылган жоболорду, коюлган теориялык маселелерди далилдеп тастыктоо максатында кыргыздын көөнөрбөс мурасы болгон Манас эпосунун ыр саптарында кездешкен кыргыз элинин руханий маданиятына мүнөздүү болгон баланын төрөлүшүнө, кызды күйөөгө узатууга байланышкан ар кыл каада-салттык көрүнүштөрдүн жана андай жөрөлгөлөрдү атаган сөздөрдүн мисалында айрым тематикалык жана лексика-семантикалык топторго ажыратылып, аларга лексикалык талдоо жүргүзүү аркылуу бул иликтөөнүн келечекте кеңири пландагы изилдөөлөргө муктаж экендиги баса белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *маданият; материалдык маданият; руханий маданият; лексика; руханий лексика; тарыхый катмарлануу; тематикалык топ; лексика-семантикалык топ; классификация; семантика; сөз.*

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ДУХОВНОЙ ЛЕКСИКИ В ЭПОСЕ «МАНАС»

*В данной статье рассматривается духовная лексика эпоса Манас. Цель работы- исследование научно-теоретических проблем деление духовной лексики эпоса Манас на тематические и лексико-семантические группы. Анализ духовной лексики эпоса в статье осуществляется на основе описательных и сравнительных методов языка. Проведен научный обзор взглядов некоторых ученых на тематические и лексико-семантические классификации групп слов в языкознании, а также на этой основе определены основные теоретические положения их принципов классификации. В качестве подтверждения вышеуказанных положений и теоретических вопросов были приведены иллюстративные материалы из эпоса Манас, являющейся ярким наследием кыргызского народа. Эпос Манас включает в себя лексику, связанную с различными ритуалами и традициями в связи с рождением ребенка, с проводами невесты в семью жениха, отражающего духовную культуру кыргызского народа. Проведенный лексический анализ данной лексико-семантической группы слов показал, что данное исследование нуждается в дальнейшем исследовании.*

***Ключевые слова:*** *культура; материальная культура; духовная культура; лексика; духовная лексика; исторические пласты; тематическая группа; лексико-семантическая группа; классификация; семантика; лексема.*

## SOME PROBLEMS OF SPIRITUAL VOCABULARY IN THE EPOS "MANAS"

*This article discusses the spiritual vocabulary of the epic "Manas". The purpose of the work is to study scientific and theoretical problems of dividing the spiritual vocabulary of the Manas epic into thematic and lexical-semantic groups. The analysis of the spiritual vocabulary of the epic in the article is carried out on the basis of descriptive, structural analysis and comparative methods of the language. A scientific review of the views of some scientists on thematic and lexical-semantic classifications of word groups in linguistics is carried out, and on this basis, the main theoretical provisions of their classification*

*principles are determined. Illustrative materials from the epic "Manas", which is a striking heritage of the Kyrgyz people, were presented as a confirmation of the above provisions and theoretical questions. The epic "Manas" includes vocabulary associated with various rituals and traditions in connection with the birth of a child, with the bride to the aul of the groom, reflecting the spiritual culture of the Kyrgyz people. The conducted lexical analysis of this lexical-semantic group of words showed that this research needs further research.*

***Key words:*** *culture; material culture; spiritual culture; vocabulary; spiritual vocabulary; historical stratum; thematic group; lexical-semantic group; classification; semantics; lexeme.*

**Киришүү.** Адам жашаган коомдо маданият өтө чоң мааниге ээ жана маданияттын алып жүрүүчүсү катары адам өзү дагы ансыз өнүгө албайт десек жаңылышпайбыз, башкача айтканда, адам менен маданият бири-бири менен тыгыз байланышта турат. Адамзат тарабынан жаратылган маданий табылгалар тилде сөз аркылуу гана чагылдырылып, сөздүн жардамы менен гана маданиятты кеңири даңазалап жайылтууга өбөлгө түзүлөт. Ошондуктан адам ишмердигинин натыйжасында жаралган материалдык жана материалдык эмес - руханий маданиятка тиешелүү болгон заттар, нерселер, түшүнүктөр тилде сөз аркылуу чагылдырылып, белгилүү бир убакыттын өтүшү менен лексикада катмарланып, лексикалык курамдын орчундуу бөлүгүн түзүп калат. Тилдеги мындай тарыхый катмарлануу процесси туурасында Б.Юнусалиев, Э.Тенишев, С.Сыдыков, Р.Бейбутова, Ү.Асаналиев ж.б. өңдүү окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө белгилешкен.

**Негизги бөлүм.** Тигил же бул элдин маданиятындагы руханий баалуулуктар дагы тил аркылуу туюндурулат. Кыргыз тилиндеги руханий лексиканын тарыхый жактан пайда болушун жана калыптанып-өнүгүшүн байыркы жазма эстеликтердин материалдары жана элдик оозеки чыгармалар, айрыкча “Манас” эпосундагы тилдик фактылар аркылуу изилдеп биле алабыз. Анткени, “Манас” эпосунда кыргыз элинин материалдык жана руханий маданияты кеңири чагылдырылган, анын мазмунундагы окуялар сюжеттик жана тилдик жактан катмарланган. Башкача айтканда, аталган эпостон түрдүү доорлордун изин көрөбүз. Макалабызда “Манас” эпосундагы руханий лексиканы изилдөөнүн илимий-теориялык, б.а. сөздөрдү тематикалык жана лексика-семантикалык топторго ажыратуу маселелерине көңүл бурмакчыбыз.

Тилдин сөздүк курамын изилдөө тил илиминдеги негизги проблемалардын биринен. Ар бир элдин тилинин сөздүк курамында материалдык жана руханий маданиятка байланышкан сөздөр орун алат. Эгерде материалдык маданиятка жашоо-турмушка, чарбачылыкка ж.б. адам ишмердигине тиешелүү болгон иш-аракеттерге байланыштуу сөздөр кирсе, руханий маданиятка байланыштуу лексикага каада-салтка, өнөргө, диний-мифологиялык көз караштарга, дүйнө таанууга, адеп-аклахка, тарбиялоого, укукка, философияга, этикага, эстетикага, илимге, адабиятка, элдик билимдерге байланышкан сөздөр кирет. “Манас” эпосундагы руханий лексиканы тематикалык жана лексика-семантикалык топторго туура, так классификациялоо үчүн алгач тематикалык жана лексика-семантикалык топ деген түшүнүктөрдү тактап алып, андан кийин аны классификациялоонун илимий-теориялык негиздерин аныктап алуу зарыл.

Белгилүү болгондой, тил илиминде лексикалык курамдагы сөздөрдү тематикалык жана лексика-семантикалык топторго ажыратуу маселеси боюнча бирдиктүү пикир жок. Айталы, А.А.Уфимцева сөздөрдү тематикалык группага бөлүштүрүүдө нерсе менен кубулушту классификациялоочу белгилерине гана көңүл бурса [1], Л.И.Ширина болсо

лексика-семантикалык группага бөлүштүрүүнү тематикалык классификация катары гана эсептейт [2]. Ал эми Р.Бейбутова лексикадагы сөздөрдү лексика-семантикалык жана тематикалык топторго ажыратуу процессин парадигмалык топко кирген сөздүн семантикасында да ички карама-каршылыктар бар болгондугуна байланыштуу аларды бири-биринен ажыратуу өтө татаал экенин, ошого байланыштуу лексика-семантикалык топту лексикалык курамдын тарыхый жактан өнүгүүсүнүн жыйынтыгы катары карап, ал эми тематикалык топту болсо алардын тилдеги орун алышы, же орун албашы деп гана эсептейт [3].

В.И.Кодухова болсо лексика-семантикалык топту бир түрдүүлүккө ээ сөздөрдүн лексикалык маанилеринин жакындыгы деп карап, лексика-семантикалык жана тематикалык топту бир түшүнүк катары гана эсептесе [4], Л.Ф.Алефиренко тематикалык топ катары экстралингвистикалык параметрлердин негизинде бир темага байланышкан сөздөрдүн тобун эсептейт [5]. Ал эми Ф.П.Филин тематикалык жана лексика-семантикалык топторду ажыратып бөлүү менен алардын ортосундагы чекти дааналап бөлбөйт, бирок ал тематикалык топко лексика-семантикалык топтор дагы кирерин баса белгилейт [6].

А.Л.Зеленецкий тематикалык топ жөнүндө түшүнүк лексика-семантикалык топко караганда кеңири экендигин, б.а. тематикалык топ лексика-семантикалык топторду камтый аларын белгилейт [7].

И.Е.Алексеева лексика-семантикалык группаны бири-бири менен тыгыз байланышкан сөздөрдүн тобу катары карап, тематикалык топту түрдүү сөздөрдүн бир темага биригиши деп эсептейт [8].

Демек, биз, А.Л.Зеленецкий, И.Е.Алексеевалардын пикирлерине кошулуу менен тематикалык топ деген түшүнүктү түрдүү сөздөрдүн бир темага тиешелүүлүгүн, же тиешелүү болушу деп эсептеп, лексика-семантикалык топ деген түшүнүктү семантикалык жактан бири-бирине байланышкан сөздөрдүн тобу деп эсептейбиз жана бул жобону жетекчиликке алабыз. Башкача айтканда, тематикалык топтун мааниси лексика-семантикалык топко караганда кеңири түшүнүктү туюндуруп турат деген теорияга таянабыз. Маселен, кыргыз элинин руханий маданиятынын бир өзөгүн түзүп турган каада-салттарга; *баланын төрөлүшү, бешик той, тушоо кесүү, сүннөткө отургузуу, уул үйлөнтүү же кыз узатуу, куда күтүү, калың берүү* ж.б.с. көптөгөн салт-жөрөлгөлөр кирет. Анын ичинен баланын төрөлүшүнө эле байланышкан ырым-жырымдарды карап көрө турган болсок, анда жаңы төрөлгөн баланы *оозантуу, ат коюу, сүйүнчүлөө, жээнтек той берүү, бешикке салуу, бешикке бөлөө, кыркын чыгаруу, кас-кас тургузуу* ж.б.с. бир топ ырым-жырымдар колдонулат. Алардын баары баланын төрөлүшүнө байланыштуу келип чыккан кыргыздын каада-салттарынын бири болгондуктан, биз алардын маанисин туюндурган сөздөрдүн тобун лексика-семантикалык жактан бириктирип *баланын төрөлүшү* деген бир топко киргизе алабыз. Ошондой эле бул топтогу баланы оозантууга, ат коюуга ж.б. байланышкан түшүктөрдүн аталыштарынын ар бирин дагы өз-өзүнчө кароого болот. Бир эле мисал, баланын төрөлүшүнө байланыштуу *баланы оозантуу, көйнөк кийгизүү, жентек берүү, сүйүнчү, ат коюу, баланын кыркын чыгаруу, чачын алуу, көрүндүк, бешик той ж.б.* сыяктуу салт-жөрөлгөлөрдү атаган бир катар сөз, сөз айкаштары бар. Ал тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган маанилер кичинекей наристенин төрөлүп жарык дүйнөгө келиши менен байланышкан адамдардын сүйүнүчүн, кубанычын жана аны менен коштолгон алардын каада-салттык кыймыл-аракеттерин аң-сезимде элестүү формада чагылдыруучу

касиетке ээ. Бул процесстер элдин миңдеген жылдар бою топтолгон турмуштук тажрыйбасынын улам пайда болуп, калыптанган руханий маданиятка мүнөздүү көрүнүштөр болуп саналат.

Руханий лексиканы тематикалык жана лексика-семантикалык топко классификациялоодо тилдин башка деңгээлдеринен айырмаланган айрым бир белгилерин эске алууга туура келет. Маселен, кыймыл-аракеттик маанидеги сөздөрдү тематикалык жана лексика-семантикалык топко ажыратууда алардын сөз түркүмдүк жана лексика-грамматикалык белгилерин негизге алууга болот. Мисалы, “кыймыл” деген эле сөзгө *тур, туруу, отур, отуруу, бас, басуу, жат, жатуу, чурка, чуркоо, жүр, жүрүү* ж.б. сөздөрдү кошуп, лексика-грамматикалык жактан бул сөздөрдү этиш сөз түркүмүндөгү, бир тектүү сөз түркүмү катары эсептей алабыз. Ал эми руханий лексиканы тематикалык жана лексика-семантикалык топторго ажыратууда лексика-грамматикалык жактан сөз түркүмдүк белгисин бардык учурда эле негизги критерий катары алууга мүмкүн эмес. Маселен, каада-салт тематикасына байланыштуу кыз узатууга тиешелүү болгон салт-жөрөлгөлөрүн атаган *сөйкө салуу, кыз ойнотоор, жар көрүшүү, кыз куумай, кыз узатуу, жүк жыюу, жүк көрүү, куржун, кийит, калың, сеп, чач өрүү, кошок айтуу, шөкүлө кийгизүү* ж.б.с. сөздөрүн карап көрсөк, анда бул топтогу сөздөр заттык жана этиштик маанилерди туюндуруп, бир тектүү эмес. Ошондуктан тилдеги, айрыкча фольклордук чыгармалардагы руханий лексиканы тематикалык жана лексика-семантикалык топторго классификациялоодо сөздөрдүн бири-бири менен болгон ички семантикалык байланышына, лексика-грамматикалык ж.б. белгилерине дагы кылдат анализ жүргүзүүгө туура келет.

Кыргыз элинин оозеки фольклордук чыгармаларынын сап башында турган “Манас” эпосунда материалдык маданиятка тиешелүү лексикадан сырткары руханий маданиятка тиешелүү лексикалык катмар дагы орчундуу орунду ээлеп турат жана анда жогоруда кеп кылынган кыргыз элинин каада-салттары кеңири кездешет. Маселен: эпосто кыз узатууга байланышкан *кайната, калың, куда, кошумча, кудагый, тогуздап төлөө, күйөө, жар, кенизек, көшөгө, мейман, кан күйөө, колукту, нике, кайын журт, жезде, келин, жүк жыюу, той, кутпа окуу, үлпөт, кайнене, жеңе, көшөгө ж.б.* руханий түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр жыш орун алат. Мисалы:

*Кайнатаңыз* Атемир,  
Айткан кеби бул деди [СО II 387].  
Камдап эми таба көр,  
*Калыңга* берчү малыңды [СО II 388].  
Алса катын ушунда  
*Куда* болор тушунда  
Ага-иниден *кошумча*  
Наркы бизге калганы [СО II 388].  
Байбиче Шакан *кудагый,*  
Барууга болгон ылайык,  
*Кудагыйдын* жолдошун  
*Тогуз* берип тыналык [СО II 390].  
Кылыгы чатак *күйөөң* бар,  
Кыз балдарың чында деп  
Ажыбай айтып салганы [СО II 393].

Мал өткөрүп, бата окуп
Кудай кошкон *жар* үчүн [СО II 396].
*Кенизектен* жетөө бар,
Рабийга буз кыздын
Келбесин деген нээти бар [СО II 397].
Алтын барда *көшөгө,*
Боосун чечкен сен кимсиң [СО II 399]
Бизге *мейман* сиз бол деп
Бөлүп алып тарашты [СО II 404].
Катын-калач барды деп,
*Кан күйөөнү* кыз-келин
Кастарлап күтүп алды деп,
Карбаластап Атемир
Капарына албаптыр [СО II 404].
Алганы жатып *колукту,*
Азапка бул эл жолукту [СО II 410].
Кара кыргыз канына,
*Никесине* кирүүгө
Барайын деп жанына [СО II 411].
Калың мал айдап келдиң деп,
*Кайын журтум* экен дедиң деп [СО II 415].
Кандайлыктан *жездеке*
Капилет калкты жедиң деп [СО II 415].
Кара суунун боюн
Тигилди *келин* үйлөрү, [СО,2,417]
Кырк жашаган катындай
Кыйбатты жыйган бир далай.
Такта коюп *жүк жыймак*
Так ошондон калыптыр [СО II 417].
*Тойго* какчу нагыра
Атемир азыр чалдырды [СО II 420].
Никеге *кутпа окутуп,*
Аалимдер сайын бир-бирден [СО II 420]. ж.б.

“Манас” эпосунда орун алган мындай сөздөрдү кыз узатууга байланыштуу келип чыккан сөздөрдүн лексика-семантикалык тобу деп эсептөөгө болот.

Демек, “Манас” эпосунун руханий лексикасын ушул теориялык жобого таянуу аркылуу тематикалык жана лексика-семантикалык жактан топторго ажыратып чыгууга мүмкүн. Алсак, тематикалык жактан элдик өнөргө байланыштуу сөздөрдү ич ара кол өнөрчүлүккө, уз-чеберчиликке, жасалга-жабдыктардын аталыштарына ж.б. байланыштуу лексика-семантикалык топ, элдик каада-салтка байланыштуу тематикалык топко баланын төрөлүшүнө, жаштарды үйлөнтүүгө, узатууга, түлөө өткөрүүгө, өлүк коюуга, аңчылыкка чыгууга ж.б. салттык түшүнүктөргө карата лексика-семантикалык топторго ажыратууга болот. Ошондой эле, оозеки чыгармачылыкка байланышкан тематикалык топко чыгармалардын жанрына, музыкалык аспаптардын аталыштарына, жасалышына,

колдонулушуна байланыштуу бөлүнсө, динге байланыштуу лексика-семантикалык топко диний жөрөлгөлөр (нике кыюу, жаназа окуу, намаз ж.б.), диний ишенимдер жана диний билимдерге байланыштуу лексика-семантикалык топторду киргизүүгө болот. “Манас” эпосундагы адамдардын дүйнө таанымына байланышкан тематикалык топко сүйүү, достук, жакшылык, жамандык, сабырдуулук, адамгерчилик ж.б. түшүнүктөрдү туюнткан сөздөрдүн лексика-семантикалык топторун киргизүүгө мүмкүн.

## Жыйынтык

“Манас” эпосунун руханий лексикасын тематикалык жана лексика-семантикалык жактан майда топторго ажыратууда бул багытта изилдөөлөрүн жүргүзүшкөн окумуштуулардын теориялык көз караштарын, жобо-принциптерин негизге алуу менен, тематикалык топ деген түшүнүктү түрдүү сөздөрдүн бир тематикага тиешелүү болушун, лексика-семантикалык топ түшүнүгүн семантикалык маанилери жагынан бири-бирине байланышкан сөздөрдүн тобу катары эсептейбиз. Ошондуктан, “Манас” эпосунун руханий лексикасын тематикалык жана лексика-семантикалык жактан топторго ажыратуу маселелери келечекте атайын өзүнчө изилдөөнү талап кылып турат десек жаңылышпайбыз.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Уфимцева, А.А.** Опыт изучения лексики как системы ( на материале английского языка) [Текст] / А.А.Уфимцева. – М.: АН СССР, 1962. – 287 с.
2. **Ширина, Л.И.** О соотношении логических и лингвистических категорий в лексико-семантических группах ( на материале прилагательных вкуса) [Текст] / Л.И. Ширина // Лексика русс. яз.: респ. сб. – Рязань, 1979. – С. 88 - 95.
3. **Бейбутова, Р.А.** Стратификация киргизской военной лексики досоветского периода [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / Р.А.Бейбутова. –Москва, 1988. - 22 с.
4. **Кодухов, В.И.** Введение в языкознание [Текст]: учеб. для студ. пед. ин-тов / В.И. Кодухов. – М.: Просвещение, 1987. – 288 с.
5. **Алефиренко, Л.Ф.** Теория языка: введение в общее языкознание [Текст]: учеб. пособ. / Л.Ф. Алефиренко. – Волгоград: Перемена, 1981. – 342 с.
6. **Филин, Ф.П.** Очерки по теории языкознания [Текст] / Ф.П. Филин. – М.: Наука, 1982. – 226 с.
7. **Зеленецкий, А.Л.** Теория немецкого языкознания [Текст]: учеб. пособ. для студ. лингв. ун-тов и фак. ин. яз. высш. пед. учеб. заведений / А.Л. Зеленецкий, О.В. Новожилова. – М.: Академия, 2003. – 400 с.
8. **Алексеева, И.Е.** Лексико-тематическая группа [Текст] / И.Е. Алексеева. - Челябинск, 2017.
9. “Манас” эпосу. Орозбаков Сагымбайдын варианты. 1-китеп. – Фрунзе, 1980.
10. “Манас” эпосу. Орозбаков Сагымбайдын варианты. 2-китеп. – Фрунзе, 1980
11. “Манас” эпосу. Орозбаков Сагымбайдын варианты. 3-китеп. – Фрунзе, 1981.
12. **Укуева, Б.К.** Искусство сказания эпоса Манаса и ее секреты [Текст] / Б.К. Укуева // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2016. - №3,4. – С. 72 – 77.
13. **Имаралиева, Ж.Р.** Пути воспитания к патриотизму и солидарности учащихся начальной школы при обучении эпоса «Манас» [Текст] / Ж.Р.Имаралиева // Наука.Образование.Техника.- Ош:КУМУ,2021.- №3.-С. 92-103.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_117

Поступила в редакцию 15. 01. 2022 г.

**УДК: 81’373.6**

***Караева З.К.***
*профессор Международного университета Кыргызстана*
***Жороева А.М.***
*доцент Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## «ЭРКЕК» КОНЦЕПТИН ТУЮНТУУЧУ СӨЗДӨРДҮН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

*Бул макалада “эркек” концепти изилдөөнүн предмети катары алынган. Изилдөөнүн максаты *er/эркек сөзүнүн түпкү келип чыгышына, сөздөгү фонетикалык жана морфологиялык өзгөрүүлөрдүн семантикалык маанилерине болгон таасирине, туунду сөздөрдүн маанилеринин арасындагы байланышына, сөздүн алгачкы маанилеринин берилишине, тектеш жана тектеш эмес тилдердеги формаларына этимологиялык талдоо жүргүзүү менен тектештикти аныктоо болуп саналат. Эркек сөзүнүн түпкү теги, анын тектеш жана тектеш эмес тилдердеги формалары, тыбыштык өзгөрүүлөрү, алмашуулары жана өнүгүшү, маанилеринин калыптанышы, семантикалык маанилеринин окшоштуктары, жакындыктары салыштырма–тарыхый ыкма аркылуу этимологиялык сөздүктөрдөгү жана ар түрдүү тарыхый булактардагы маалыматтарга таянып изилденди. Изилдөөнүн жыйынтыгы ‘эркек’ концептининин түпкү унгусу *er - эң продуктивдүү түп уңгу катары, анын туунду сөздөрүнүн түрк, индоевропа, кытай тилдик топторуна кирген тилдерде берилишинин фонетикалык жана семантикалык жактан окшоштуктары, жакындыктары бар экендигин аныктап көрсөттү. Алынган натыйжалардын жаңылыгы этимологиялык талдоонун негиздүүлүгүндө, берилген маалыматтардын тарыхый булактардан алынышында, *er сөзүнүн келип чыгышы тууралуу божомолдордун чындыкка дал келишинде болуп саналат. Макала жогорку окуу жайларында салыштырма лингвистика, лексикология, типология, концептология предметтерин окутууда колдонууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *этимология; эр; эркек; эрен; берен; баатыр; фонетикалык өзгөрүүлөр; туунду сөздөр; семантика;*

## ЭТИМОЛОГИЯ СЛОВ ВЫРАЖАЮЩИХ КОНЦЕПТ «МУЖЧИНА»

*В данной статье в качестве предмета исследования концепт «эркек-мужчина». Цель исследования - определить этимологию и происхождение слова *er “мужчина”, влияние фонетических и морфологических изменений слова на их семантические значения, взаимосвязь между значениями производных слов, передачу первичных значений слова, их формы в родственных и неродственных языках. Происхождение слова er/мужчина, его производных в родственных и неродственных языках, фонетические изменения, чередование и развитие звуков, формирование значений, сходства семантических значений изучались с помощью сравнительно-исторического метода, основанного на данных из этимологических словарей и различных исторических источников. Результаты проведенного исследования показали, что пракорень*er имеет сходные рефлексы с общими фонетическими и семантическими чертами в тюркских, индоевропейских и китайском языках. Новизна полученных результатов заключается в научной обоснованности этимологического анализа репрезентативов концепта “er/мужчина” данных, которые получены из исторических источников, достоверности предположений о происхождении слова *er в языках Евразии. Статья может быть использована при преподавании сравнительного языкознания, лексикологии, типологии, концептологии в высшей школе.*

***Ключевые слова:*** *этимология; мужчина; муж; самец; храбрец; воин; фонетические изменения; деривативы; семантика;*

## ETYMOLOGY OF WORDS EXPRESSING CONCEPT ‘ER/MALE’

*In this article, the concept of "er /male" is taken as the subject of research. The aim of the study is to determine the etymologically similar reflexes of the most ancient root *er/male, the influence of phonetic and morphological word changes on the semantic meanings, the relationship between the meanings of derivatives, the primary meaning of the word transmissions, their forms in related and*

*unrelated languages. The origin of the word *er/male, its forms in kindred and non-kindred languages, phonetic changes, the sound alternations in the words, the formation of meanings, and the semantic similarities were studied using a comparative - historical method based on information taken from etymological dictionaries and various historical sources. The study results showed that reflexes of the most ancient root *er /male as well as its derivatives have phonetic and semantic similar reflexes, and a close relationship with the words in the Turkic, Indo-European and Chinese language groups. The novelty of the results lies in the validity of the etymological representatives, data obtained from historical sources, the reliability of assumptions about the etymology of the word *er/male in Eurasian languages. The article can be used in teaching of comparative linguistics, lexicology, typology, conceptology in higher education.*

***Key words:*** *etymology; man; husband; male; hero; knight; phonetic changes; derivatives; semantics.*

**Киришүү.** Учурда этимологиялык изилдөөлөр кыргыз тил илими жаатындагы өнүгүүнүн жаңы перспективаларына ээ болууда. Бул биринчи кезекте тармактагы жаңы аспектилердин жана ыкмалардын пайда болуусу менен байланыштуу деп эсептесек болот. Айрым сөздөрдү, тигил же бул концепттин чегинде конкреттүү тилдик фактыларга таянып, лингвокогнитивдик, лингвомаданий жана этнолингвистикалык өңүттө талдап, этимологиялык чечмелөөлөр аркылуу изилдеген илимий иштер көп жазылууда. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн этимологиясына, деги эле келип чыгыш тарыхына, алардын морфологиялык түзүлүшүнө, тыбыштык өзгөрүүлөрүнө байланыштуу В.В. Радлов, Б.М. Юнусалиев, Х.К. Карасаев, К.К. Юдахин, М.М. Мураталиев, С. Давлетов, Б.О. Орузбаева, С. Кудайбергенов, Д. Исаев, К. Сейдакматов, К. Зулпукаров сыяктуу илимпоздордун эмгектери зор мааниге ээ экендиги талашсыз. Ошол эле учурда кыргыз этимологиясындагы заманбап тенденциялар көбүнчө элдик этимология деп аталган түшүнүктүн алкагында, анда да жеке көз караштар деңгээлинде калгандыгы да басымдуулук кылат.

Кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен байыркы тил катары азыркы казак, өзбек, уйгур, туркмөн, якут, алтай, хакас, тува, татар, кара калпак, башкыр, чуваш, карачай, ногой, башкыр, азербайжан, гагауз, кумык, түрк тилдери менен тектештиги, окшоштугу бар экендиги маалым. Түрк тилинде сүйлөгөн элдер биздин эрага чейинки Борбордук Азиянын аймагандагы монгол, манчжур, иран, кытай элдери менен чек аралаш жашагандыгы, тыгыз карым-катнашта болгондугу, сүйлөгөн тилдериндеги тыбыштык, уңгулук окшоштуктар, маанилик жакынчылыктар көптөгөн тарыхый изилдөө эмгектеринде фактылардын, эстеликтердеги калтырылган жазуулардын, гипотезалык ойлордун негизинде эбактан бери эле айтылып келет. Бул жөнүндө түрк тилдериндеги сөздөрдүн этимологиясын изилдеген белгилүү түрколог Э.В.Севортян байыркы кездеги түрк тилине мындай мүнөздөмө берет: 1) сөздүн үндүү тыбыштары туруктуу болбой, белгилүү деңгээлге чейин башка тыбыштарга алмашылып айтыла берген; 2) сөздүн үнсүз тыбыштары да айрым учурларда өз ара оошуу процессине дуушар болгон; 3) белгилүү фонетикалык закон ченемдүүлүк ырааттуу түрдө ишке ашпай, бир учурда ал колдонулса, экинчи учурда ал колдонулбай жана айрым бир тыбыштык закон ченемдүүлүктөр чектелген абалда болгон [1]. Бул мүнөздөмө кыргыз тилине да тиешелүү деген ойго толугу менен кошулабыз. Түрк тилдерин өз ара салыштыруу менен кыргыз тилинде да көптөгөн далил болуучу материалдарды табууга болот. Илимпоз К. Зулпукаров ханью (кытай) тили менен кыргыз тилинин ортосундагы окшоштуктарын салыштырып изилдеген көлөмдүү эмгегинде (*Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание, 2016*) кыргыз тили монгол, тунгус, маньчжур,

корей, япон тилдери менен чогуу алтай тилдеринин тобуна кирет, бирок кыргыз тилинде сүйлөгөн элдердин түпкү теги кытай-тибет тилдерине да жакындыгы бар деген гипотезага таянып, сөздөрдүн айтылыш жана маанилик окшоштуктардын бар экендигин мисалдар менен кенен баяндаган [2]. Жогоруда берилген маалыматтарга улай бул макалада биз *эр, эркек* сөздөрүнүн түпкү тегин, келип чыгыш тарыхын, тектеш жана тектеш эмес тилдердеги окшоштуктарын ар түрдүү булактарга, этимологиялык сөздүктөрдөгү маалыматтарга таянып, жана анын фонетикалык, семантикалык өзгөрүүсүн, ар түрдүүлүгүн салыштырма–тарыхый ыкма аркылуу талдап көрүүгө аракет жасайбыз.

**Изилдөө материалдары жана методдору**. Этимологиялык изилдөөлөрдү иш жүзүнө ашырууда көбүнчө салыштырма–тарыхый, салыштырма типологиялык жана реконструкциялоо ыкмалары колдонулат. Сөздөрдүн маанилеринин арасындагы байланышты, сөздүн алгачкы маанилеринин өнүгүшүн жана өзгөрүшүн тактоо этимологиялык талдоого алуудагы башкы кыйынчылык болуп саналат. Талдоону *эркек* сөзүнүн түпкү уңгусу *эр* (**er*) сөзүнөн баштасак, Э.Р.Тенишевдин редакторлугу астында чыккан “Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Лексика” китебинин 4-томунда **er* (муж) сөзүнүн түпкү маанилерин латын тамгалары менен мындай деп берет: **jer* сөзү бир канча тилдерде йоттошкон баштапкы j- тамгасы менен кошо жазылып, сакталып калган. Графикалык жазылышы *er түрүндө берилген формасы Орто Азиянын, Кавказдын жана ушул аймактарда жакын жайгашкан территориядагы жашаган элдердин тилинде колдонулат. Бирок азыркы түрк тилдеринде йоттошкон j- тамгасынын колдонулуусу суроо жаратат, анткени кээ бир түрк тилдеринин тобуна кирген тилдерде j-тамгасынын графикалык жазылышы бардык учурда эле бериле бербейт [3].

Байыркы уңгу **er* түрк тилдеринде негизги сөз түзүүчү архетип катары “күйөө, эр, жубай” маанисинде төмөнкүдөй формаларда колдонулуп келет: 1) *er (эр)*- алтай, байыркы түрк, казак, карагас, каракалпак, караим (крым диал.), карачай-балкар, койбал, крым татар, тува, түрк, сагай, сарыг-югур, сойот, уйгур, чагатай, якут; 2) *ir (ир)* - башкыр, татар, хакас; 3) *ar (ар)* - уйгур диал., чуваш; 4) *är (ар)* - азербайжан, түркмөн диал., уйгур диал.; 5) *ä̅r* - түркмөн; *ēr* - алтай; 6) *ey (эй)* - лобнор, уйгур диал.; 7) *ē* - уйгур диалектилери; 8) *ä̅, ä* - уйгур; 9) *yer (ер)* - казак, сарыг-югур; 10) *yär (яр)* - өзбек диал. *( Севортян, 1974).* Демек, **er* унгусунун ар кандай формаларда өзгөрүлүп берилиши а) башкы үндүү тыбыштын өзгөрүүсү, б) сөздүн башына кошумча тыбыш *j*- кошулуп айтылышы (протеза), с) акыркы үнсүз *–r* тыбышынын түшүп калышы (апокопа) сыяктуу өзгөрүүлөрдүн натыйжасында болгондугу байкалып турат. Көрүнүп тургандай, **ер* - эң продуктивдүү түп уңгу катары жалпысынан **ер* "күйөө, эркек" түрк архетибин калыбына келтирүү үчүн негиз болуп берет.

Ал эми “эркек” сөзүнүн келип чыгышы боюнча Э.В. Севортян уңгу сөз **эр* жана *–кек* мүчө айкалышып, *-кек* морфемасы “күч, энергия, потенция” маанини билдирет деп берет:

1) *erkek/ иркек* – алтай, турк, чагатай;
2) *ергәк / еркак* – алтай, карагас, койбал, сагай;
3) *irgek* – алтай, койбал, сойот, телеут, хакас;
4) *erngek* – байыркы түрк ( k/ng тыбыштарынын алмашуусу);

5) *erengek* - байыркы түрк (е эпентезалык тыбышынын кошулуусу жана k/ng алмашуусу);
6) *ernek*– байыркы түрк *(k/n алмашуусу)*;
7) *erbek*– якут (*k/b алмашуусу*);
8) *еркәк / йеркәк/ эркәх* – аз., өзб. гаг;
9) *иркәк* – башкыр, татар [4, 298].

Сөздөрдөгү тыбыштардын алмашуусу салыштырылган тилдерге мүнөздүү көрүнүш болуп саналат. Ушул эле **er* уңгусунун семантикалык маанилеринин берилиши тууралуу илимпоздор К. Зулпукаров, С. Амиралиев ж.б. "Евразия тилдеринде *er "эркек" баштапкы унгусунун рефлекстери" аттуу ностратика багытында жазган илимий макалабызда Евразия элдеринин тилдеринде **er (эр)* архетибин өтө терең изилдеп, далилдүү материалдар менен маанилерин бергенбиз. Анын негизги семантикалык маанилерин төмөндөгүдөй кыскача берүүгө болот:

1) «күйөө, эркек» –койбал, уйгур тилдеринен башка бардык тилдерде; «эркек» – байыркы түрк;
2) «баатыр, эр жүрөк, рыцарь, атлет, күчтүү» –алтай, казак, каракалпак, кыргыздар, ногойлор, якуттар; «эр жүрөк» – түрк, өзбек, якут; «кайраттуу эркек адам» – азербайжан, казак;
3) «күйөө, жубай» – азербайжан, башкыр, байыркы түрк, караит, карачай-балкар, кыргыз, крым татары, түрк, уйгур, хакас, чуваш;
4) «эркек» – караит, тува;
5) «жоокер» – түркчө;
6) «жетилген, бой жеткен (эркек адам)» – кыргызча; «бойдок» – түрк диалектилери; «жигит, жаш жигит» – тува; «бой жеткендик»–якут;
7) «адам» – карагас, койбал, сойот, уйгур диалектилери [5].

Бул маалыматтан эркек адамдын жана анын сапаттарынын жогорудагы бардык номинациялары эң байыркы **er* деген уңгудан өсүп чыккандыгын көрүүгө болот. Окумуштуу-түрколог Э.В. Севортян «эр» семантикасынын төмөнкүдөй өнүгүү тартибин белгилейт: эң байыркы уңгу **er* «эркек»: «эркек адам» > «жубай, күйөө» > «баатыр, эр жүрөк, атлет; рыцарь, жоокер; жентельмен » > «эр жүрөк (эр); адам» > «эрдик, күч, энергия» (Севортян, 1974).

Жогорудагы маалыматтарга улай, изилденип жаткан "эркек" концептинин түпкү *эр* уңгусун К. Сейдакматовдун тилдеги сөздөрдүн келип чыгышын изилдеген "Кыргыз тилинин этимологиялык сөздүгү" (Фрунзе, 1988) эмгегинен карап көрсөк, «**...**Г. Вамбери *ЭР* сөзү *ирик "*ири, чоң, күчтүү*"* сөзү менен бир уңгудан чыккан деп эсептейт. Э.В. Севортян *ирде* этиши *ир+де* деген бөлүктөрдөн турат да, *ир* уңгусу "чоң" маанисин туюндурат деген пикирге таянат. Байыркы кезде *ир/эр* варианты *"чоң"* маанисинде айтылганы божомолдонот. Кийинчерээк алардын тыбыштык өзгөрүүлөрүнө семантикалык жиктелүү кошулуп, экөө 2 башка сөзгө айлангандыгы айтылат. Татар, башкыр тилдериндеги *ир* түрү "чоң" дегенди, башка түрк тилдериндегидей *эр* түрү *"эркек"* дегенди туюнтуп калган. Анткени жаш бала эр жеткенде бою чоңоюп, күчкө толот» деп берет [6]. Мисал катары, кыргыз элибиздин элдик оозеки көркөм чыгармаларында колдонулган *эр*

сөзүн алып көрөлү. 3000 жылдык тарыхы бар «Манас» эпосубузда *эр* сөзү ар түрдүү коннотацияда колдонулат: (чонойуу, баатыр, эр жүрөк, ж.б.) Мисалы,

Эрешен тартып ***эр*** болсо,
***Эр*** уулу менен тең болсо,
Аман жүрсө бул Манас
Доочу келсе мал бергис,
Кара көк жал, ***эр*** болот (“Манас” эпосу).

Мында эпостук болжол менен берилет, кичинекей Манастын келечекте баатыр болушу божомолдонот. Э.Р. Тенишевдин редакторлугу алдында чыккан Древнетюркский словарь сөздүгүндө *er* сөзүнүн 1чи мааниси эр, эркек адам деп берилсе, 2чи маанисинде эр, күйөө, өмүрлүк жар, ал эми 3чү маанисине эркекче (er atim- эркекке таандык ат, ысым) деген түшүндүрмө берилет. Ушул эле сөздүктө 4чү маани катары берилген маани койчу, мергенчи [7]. Демек, бул учурда *койчу, мергенчи, улакчы* сыяктуу кесип эркек адам гана алектенген кесип катары берилет деген ой келет. Ушул эле сөздүктө *er* сөзүнүн деривативдерин карап көрсөк ушул эле уңгуга *–ап* мүчөсү жалгануу менен түзүлгөн eran (ерен, еран, әрен, ейен , ирен, ирән, йәрән) сөзү кыргыз тилиндеги *эрен* “баатыр, эр жүрөк” деген маанини туюндуруп, сөздүн тыбыштык өзгөрүү (*а-е*) менен берип жаткандыгын ырастайт [7]. Мисалы, “Манас” эпосундагы төмөнкү ыр саптарындагы *эрен* сөзү *баатыр* түшүнүгүн берип турат:

Балам Манас, кулунум!
***Эрен*** чыктың, шок чыктың,
Эрдик менен шердигиң
Бул дүйнөдө жок чыктың [9, 176] (“Манас” эпосу).
Мында *эрен* сөзүн *баатыр* сөзү менен алмаштырууга болот.

Ушул эле *эрен* сөзүнүн башында ***б*** тыбышы протеза болуп келип, ***б****ерен* “баатыр, эр жүрөк, азамат” маанисин туюнткан сөздү дээрлик кыргыз элинин тарыхый эпосторунан көп эле кездештүрүүгө болот жана мындай тыбыштык өзгөрүүлөр түрк тилдерине мүнөздүү көрүнүш:

Бээ баштаган беш жүздү
Эркек перзент көрдүм деп,
***Берен*** Жакып сойду эми [8, 80]
Бет ала келген балбандан
Бирөө тирүү калбады.
Беттешкендин баарысын,
***Берен*** Манас жалмады. [8, 170] (“Манас” эпосу)

Ал эми кытай тилинде **weiren** “көрүнүктүү, улуу инсан”, **wei** “күчтүү, улуулук”, *ал эми* **ren** “адам” деген сөздү жолуктурууга болот [2, 379]. *Берен- weiren* сөздөрүнүн айтылыштарында окшоштукту жана семантикалык маанисинде жакындыкты байкоо кыйын деле эмес. Кытай-тибет тилдеринде *ér* уңгусу бар сөздөрдүн курамында: *érmǎ* ‘айгыр’ (*mǎ*

-‘ат’), *ér* ‘уул’, *érnü* ‘балдар жана кыздар’ (*nü*- аял; кыз, жаш айым;), *érzi* ’бала’ (*zi*-’уул’; урук, жумуртка, икра’. Бул мисалдарда уңгу “эркек, уул, жаш улан” деген маанини билдирет (Зулпукаров, ж.б.) [5].

Андан ары карай турган болсок, *er* унгусуна -<u>*at*</u> мүчөсүн жалгоо менен *eran– эрен* сөзүнүн көптүк маанидеги формасы түзүлгөндүгүн жана *er<u>at</u>* зат атооч катары– *эркектер, жоокерлер*, ал эми фраза катары-*эркекче манералар, эркекке окшошуу* маанини берет [6]. Ушул эле сөздүктө негизги термин *erkak* сөзүнүн 1чи мааниси ‘муж, мужчина’ адам баласынын *эркек* жынысына таандык маанини көрсөтсө, 2чи мааниси болсо ‘конь, бычок’ – ат же айгыр, өгүз, б.а. жаныбарлардын эркеги (*самец, male)* деп берилет. 3чү мааниси катары ‘мужской’ же болбосо эркекке гана таандык же тиешелүү, эркекче деген маанини туюндурат деп берет [6].

“Манас” эпосунан алынган жогорудагы саптарда *эр, эркек, эрен, берен* түшүнүктөрүнүн түпкү теги ошол түрк тилдүү элдердин тилинде дээрлик бири бирине мааниси жагынан окшош маанини чагылдыргандыгын көптөгөн сөздүктөрдө, илимий эмгектерде белгиленет. К.З.Зулпукаров, С.М.Амиралиев ж.б. менен бирге жазылган “Reflexes of the Most Ancient Root *er “Male” in Eurasian Languages” (“Евразия тилдеринде *er “эркек” баштапкы унгусунун рефлекстери”) аттуу макалабызда **er* унгусу Евразия тилдеринде суффикстик морфема катары ар түрдүү тыбыштык өзгөрүлгөн трансформалары менен *баатыр* маанини туюндурарын, анда **ер* (баатыр) сөзү *-ер* суффиксине айланып, анын *-ер, -ор, -ур, -ир, -ыр, -р* алломорфтору менен төмөнкүдөй трансформаларда колдонулушун көрсөткөн элек: 1) монг. *багатур/батор/батур,* калм. *баатр* “баатыр”; 2) түр., чаг. *батур* “эр жүрөк, аскер башы”, кырг. *баатыр* “эр жүрөк, кайраттуу, эр”; 3) маньч. *батору/батуру* “эр жүрөк, кайраттуу, эр”, эвенк. *батур* “кызуу кандуу, ачуулуу, күчтүү, азамат”; 4) венг. *bator* “эр жүрөк, баатыр”; 5) болг. *богатыр*, укр. *богатир* “бай, колунда бар”, орус. *богатырь,* поляк. *bohater/bohatur* “баатыр” [5].

Индоевропа тилдеринде да **er* унгусу менен дал келген сөздөрдү кездештирүүгө болот. Мисалы, немис тилинде **er* “ал” 3чү жакта, жекелик түрдө эркек адамды билдирет. Биздин оюбузча, баштапкы учурда “эркек адам” маанисин гана билдирген болсо, кийинчерээк жансыз заттарды атоодо жана жактама ат атооч катары да колдонулуп калган. Ошондой эле азыркы немис тилинде *herr* “мистер, башкаруучу, кожоюн, жентельмен, сэр” протезасы менен эркек адамга кайрылуу маанисин берет. Ушул эле коннотацияда англис тилинде *sir* “сэр, кожоюн, жентельмен” эркек адамга сый-урмат менен кайрылуу иретинде колдонулуп келет. Мында s- протезасын белгилөөгө болот. Ал эми *Ирландия* (ire- эркектин номинанты) кыргызча “асыл, айкөл эрлердин өлкөсү” деген маанини туюндурат. Латын тилинде болсо *erus* “мистер, кулдун кожоюну”, *arkuwar* “жентельмен”, *gener* “күйөө бала, жезде”, италянча *eroe,* румынча *erou* “баатыр” маанилерин билдирет. Грек, иран, армян тилдеринде да *ar-/r-, перси тилиндеги *aršan-/arša* “эркек адам, баатыр” маанини туюндурат [9]. Демек, **ер* “эркек” аталышынын рефлекстери Индоевропа тилдеринде да көп учурагандыгын айтууга негиз бар.

**Жыйынтыктар:**

1. Демек, кыргыз тилиндеги “эркек” концептин туюнтуучу сөздөрдүн түпкү теги, анын эң продуктивдүү түп уңгусу **er* сөзүнүн тектеш жана тектеш эмес тилдердеги уңгулаш

сөздөрүнүн маанилеринин арасында этимологиялык тыгыз байланыштын бар экендиги ырасталды;

2. *Эр, эркек* сөздөрүндөгү үндүү жана үнсүз тыбыштарынын туруктуу болбой, ар кандай башка тыбыштарга алмашылып, кошумча тыбыштардын пайда болуусу же түшүп калуусу менен айтылуусу сыяктуу фонетикалык процесстердин бири-биринен айырмаланган трансформациялары сөздүн маанисинин конкреттештирилүүсүнө, учурдагы маанисине алып келгендиги аныкталды;

3. Кыргыз тилиндеги *эркек* сөзүнүн эр, эрен, берен, баатыр сыяктуу деривативдери түрк, алтай, кытай - тибет, индоевропа тилдик топторуна кирген тилдердин көпчүлүгүндө эркек адамдын физиологиялык, социалдык өзгөчөлүктөрүн камтыган, семантикалык жактан (*эр, күйөө, жубай, чыныгы баатыр, эр жүрөк, азамат, кайраттуу, алдуу- күчтүү*) бири - бирине жакын маанини туюндургандыгы белгилүү болду.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Севортян, Э.В.** Этимологический словарь тюркских языков [Текст] / Э.В. Севортян // АН СССР, Ин-т языкознания. -М.: Наука, 1974. – 768 с.
2. **Зулпукаров, К.З.** Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание [Текст] / К.З. Зулпукаров. – Бишкек, 2016. – 767 с.
3. **Тенишев, Э.Р.** Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Лексика Том 4 [Текст] / Э. Р. Тенишев. - М.: Наука, 2001. – 822 с.
4. **Севортян, Э.В.** Этимологический словарь тюркских языков. Общетюркские и межтюркские основы на гласные [Текст] / Э.В. Севортян. – Москва, 1974. – 386 с.
5. **Zulpukarov**, **K.Z.** Reflexes of the Most Ancient Root *er “Male” in Eurasian Languages [Текст] / [K., Zulpukarov, S. Amiraliev, A. Zulpukarova, A.Akmatova и др.] // Open Journal of Modern Linguistics, 2021.- P. 104-119.
6. **Сейдакматов, К.** Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү [Текст] / К.Сейдакматов. – Ф.: Илим, 1988. – 275 б.
7. **Тенишев, Э.Р.** Древнетюркский словарь [Текст] / Э.Р. Тенишев. – Ленинград: Наука, 1969. – 715 с.
8. https://new.bizdin.kg/kniga/epos-manas-pervyy-tom
9. The Brockhaus and Efron Encyclopedic Online Dictionary (1890-1907)
10. **Акматова, А.А.** Возрастные различия концепта «Женщина» и их жизненные обязанности в кыргызском языке [Текст] / А.А.Акматова // Наука.Образование.Техника.-Ош:КУМУ,2021.-№1.- С. 92-97.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_123

Поступила в редакцию 25. 01. 2022 г.

УДК 81'282

***Шакирова М.Р.***
*к.ф.н., доцент Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*
***Калыбекова З.С.***
*к.ф.н., доцент Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

# АДАБИЙ ТИЛДИН ӨСҮП-ӨНҮГҮШҮНҮН ИЧКИ ДИНАМИКАСЫ

*Макалада изилдөө предмети болуп бир учурдагы диалектизмдердин бүгүнкү күндө жазуучулардын чыгармаларында, журналисттердин макалаларында пайдаланылып, акырындык менен жалпы эл колдоно баштап, жалпы элдик тилге, адабий тилге да өтүп бараткандыгы*

*тууралуу сөз болду. Буга сөздүктөрдөн, көркөм чыгармалардан, оозеки сүйлөшүү кебинен мисалдар келтирилди. Тилчи-окумуштуулардын бул багыттагы изилдөөлөрүнө, ойлоруна шилтемелер, салыштыруулар болду. Диалектизмдердин ар кандай учурда эл арасында көп колдонулуп, жалпыга түшүнүктүү болуп, адабий тилде эквиваленти жок болгон учурда адабий тилге өтүү мүмкүнчүлүгүн изилдөө-тактоо менен алардын адабий тилдин өсүп-өнүгүшү үчүн ар дайым база болуп берери белгиленди. Көркөм чыгармалардын тилинен да адабий тилге өтүп колдонулуп баштаган диалектизмдерге токтолуп, аларды автор кандай максатта колдонуп жаткандыгын изилдеген атайын ыкмалар тууралуу ой айтылды.*

***Негизги сөздөр:*** *адабий тил; тил; диалектизмдер; этнографиялык диалектизмдер; сөздүк; динамика; лексика; стилистикалык кызмат.*

## ВНУТРЕННЯЯ ДИНАМИКА РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЛИТЕРАТУРНОГО ЯЗЫКА

*В статье предметом исследования является вопрос о том, что в настоящее время диалектизмы используются в произведениях писателей, статьях журналистов и, таким образом, постепенно входят в обыденную речь кыргызов, затем в кыргызский литературный язык. Были ссылки на исследования, идеи ученых-лингвистов, занимающихся изучением диалектизмов. С изучением перехода диалектизмов в литературный язык было установлено, что в любом случае диалектизмы служат лексической базой для развития литературного языка. Также в статье были затронуты вопросы о методах изучения путей перехода диалектизмов в литературный язык и цели использования диалектизмов авторами литературных произведений на конкретных примерах.*

***Ключевые слова:*** *эволюция; динамика; язык; литературный язык; этнографические диалектизмы; диалектизм; лексика; стилистика.*

## INTERNAL DYNAMICS OF THE DEVELOPMENT IN KYRGYZ LITERARY LANGUAGE

*The article deals with the issue that dialectisms are currently used in the works of writers, articles of journalists.Thus, gradually enter the everyday speech of the Kyrgyz, then into the Kyrgyz literary language in present. There were references for researches. Ideas of linguists involved in the study of dialectisms. With the study of the transition of dialectisms. The literary language, it was found that in any case, dialectisms serve as a lexical base for the development of the literary language. The article also raised the questions about the methods of studying the ways of transition of dialectisms into the literary language and the purpose of using dialectisms by the authors of literary works on specific examples.*

***Key words:*** *evolution; dynamics; language; literary language; ethnographic dialectisms; dialectism; vocabulary; style.*

Азыркы кыргыз адабий тили татаал жолду басып өткөндүгү баарыбызга белгилүү. Узак тарыхы бар кыргыз тили башка тилдер сыяктуу эле эволюциялык өсүштө болуп, анын өсүшүнүн ички динамикасы – диалектизмдерге, диалектилерге, говорлорго бай. Алар тилге терс таасирин тийгизбестен, тескерисинче, ар дайым тилдин ички системалык түзүлүшү, тилдик ажырагыс биримдиги, уюшкандыгы үчүн кызмат кылып келе жатат. Коомдун өсүп-өнүгүшүндө тилдин ички маани берүүчү семиасиологиялык системасы, түзүлүшү, пикир алмашуудагы кызматы бир топ туруктуу сакталып турат. Буга себептердин бири катары - кыргыз тилинин диалектилери жалпы элдик тил менен ар дайым карым-катнашта болуп, алардын ортосундагы жалпылыктардын басымдуулук кылгандыгын айтууга болот.

Диалектизмдер белгилүү аймакта жашаган элдин тилиндеги өзгөчөлүгү болуп, жазуучулардын чыгармаларында стилистикалык кызмат аткаруу максатында колдонулат да, жалпы элдин кабылдоосуна, колдонуусуна дуушар болгондон тартып, алардын адабий тилге өтүп колдонулууга мүмкүнчүлүгү жогорулайт.

Тилчи-окумуштуу К.К.Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» диалектизмдер деп белгиленген сөздөрдүн бир топ экендигин көрүүгө болот [12:572]. Ошол учурда диалектизмдер деп киргизилген сөздөрдүн көпчүлүгү бүгүнкү күндө жазуучулардын чыгармаларында, журналисттердин макалаларында пайдаланылып, акырындык менен жалпы эл колдоно баштап, жалпы элдик тилге, адабий тилге да өтүп бараткандарын байкоого болот. Мисалы, *аңызгече, кайналы, чексе, чарпая, яхна, шып, шиңгил, элет, эсине, эргинөөр, ылайка, шыпшырга, шүдүгөр, шапат, шамалкөй, чабайыл, чайдөш, чалбар, чарбалан, чоз, чөргө, чарым, чолток, чөөлү, чыканак, чыпта ж. б.*

Сөздүктөгү мындай диалектизмдердин бир тобу *(пайдубал, шып, шиңгил, бодо: бодо мал, аңызгече, ариет, перзент, дадил, нонок, пахтазар, өрүкзар ж.б.)* азыркы кезде жалпы элдик тилдин фондусунан орун алып, адабий тилге өтүп да калды [11:47]. Адабий тилдин катарында колдонулуп жаткан мындай диалектизмдердин колдонулушу бир топ кеңейип, жалпы элдин тилинде кеңири колдонулууга өттү. Бирок К.Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндөгү диалектизмдердин бардыгы адабий тилге өттү дегенге болбойт. Алардын кээ бирлери, биз мисал кылгандай, сөздөрдүн көпчүлүгү азыркы кезде адабий тилде, ал эми кээ бирлери ошол эле бойдон диалектилик касиетинде эле сакталып, айтылып келе жатат.

Тилчи-окумуштуулардын иликтөөлөрү көрсөткөндөй, сөздүктө диалектизмдер (же говордо айтылгандар) деп катталган сөздөрдүн бир канчасынын колдонулбай калганын да байкоого болот: *алеге, алем, алкорот, амек, андек, аспи (год лошади), гелава, гелдирвай, гендей, генек, гөспан (год овцы), гуса (куса), гүлкечте, гыза, падбот, падар, палаң (год барса), палта, панжи, пишман, пүргөн, пычан, сазда, саңгөөк, сарбан (погонщик верблюдов), сачак, серсөвлөт, сойрот (соорот), сөкүчөк, сувук, сыймала, табышман, таңги, телле, токкуз, түйө, тырпы, уваса ж.б.* сөздөр. Алар атайын диалектологиялык сөздүктүн ичинде камтыла турган чыныгы диалектилик сөздөр деп эсептөө керектигин баамдадык.

Диалектилик сөздөрдүн басымдуу бөлүгү жергиликтүү этнографиялык өзгөчөлүктөрдү туюнткан этнографиялык диалектизмдерден болуп, алар жергиликтүү элдин турмуш шартына, чарбачылыгына, үрп-адатына тиешелүү болгон нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн аттарын көрсөтүп турат. Ар кайсы аймактарда жашаган кыргыздардын турмуш-тиричилигинде, жүргүзгөн чарбачылыгында, колдонгон буюмдарында, түшүнүктөрүндө белгилүү айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү бар экендигин этнограф окумуштуулар белгилеп келишет. Илимий китептерде келтирилген төмөндөгүдөй мисалдар аркылуу этнографиялык диалектизмдер лингвистикалык адабияттарда сыпатталып түшүндүрүлөт да, адабий тилге мүнөздүү эмес болушат, бирок жалпы элдин лексикалык системасынан орун алып, адабий тилдин лексикасын байытууга алда канча жарамдуу келишет. Мисалы: куртек - мөмө жемиштин өтө шире алып бышкан учуру; Сүрөт -жешке эртелик кылган, дүмбүл боло элек жүгөрү сотосу ж.б. [5]. Ушундай мисалдарды дагы да издеп карап көрдүк: Шырбаз – козудан чоңураак, союшка ылайык, эти жумшак кой; Дарча – үйдүн эгин талаасынын өткөн жол. Шалча – бекем жиптерден түрдөлүп жасалган таардын бир түрү. Мындай тематикалык этнографиялык диалектизмдер Баткен, Ош областтарынын аймагында жашаган кыргыздардын тилинде, ичкилик кыргыздардын тилинде бир топ кеңири учурайт. Лексикалык диалектизмдердин колдонулушунан жалаң гана стилдик максаттарды издөө акын-жазуучулардын тилдик өзгөчөлүктөрүн туура түшүнүүгө дайым эле жол ача бербейт. Алар айрым диалектизмдерди

урунуу менен, адабий тилибиздин лексикасын байытууну да көздөшөт. Мындай сөздөр негизинен автордук баяндарда учурайт. Алардын адабий тилде абсолюттук синонимдери болбой же пассивдүү колдонууда болуп, ошол диалектизм элдин тилинде айтылып жүрүп, жалпы жамаатка түшүнүктүү болуп калган учурда алардын адабий тилге өтүү мүмкүнчүлүгү жогору болот.

Бир учурда диалектизмдер деп аталган сөздөр азыркы кезде кеп стилинин ар кандай түрлөрүндө кенен колдонулуп, анын активдүүлүгүнөн адабий тилдин бардык стилдеринде кенен колдонулууга өтүп калды. Мындай сөздөрдүн бир тобун карап көрөлү: агет, айбаалы, аркорот (чөптүн аты), алчын (узундук чен), аңызгече, атилес, галтек, гилас, гөөл (көөл), гүлбурак, гүлдесте, гүлзар, гүлчамбар, дак, далдал, дүрүлдөк, дыкат, жашык, жебекана (сторожевая вышка), жегене, жегенеле, кайналы, как (таштын суу көлдөгөн бети), кандек, кашага (суу жууп кеткен жээк), кашар, кексе, кепичкана (прихожая в квартире), нокот, нонок (бестолковый), чаткал, чермай (чүй. чыптама), чонтой, шыпшырга, ылайка ж.б. толуп жаткан сөздөр адабий тилдин лексикалык байлыгына өтүп, анын байышына өбөлгө боло алат. Мисалы: *Маркумдун мүрзөсүндөгү гүлчамбарлар анын белгилүү инсан экенинен кабар берип турат (Жаңылыктар, 2019-ж.). Гүлчамбар коюу аземи Жалал-Абад облусундагы Аксы районунун Боспиек айылында 2002-жылдын 17-мартында орун алган кайгылуу окуянын 14 жылдыгына арналды.(Жаңылыктар, 2016, 17-март). Быйыл кайналынын килограммын 20 сомдон саттык. Бардык мөмөлүү дарактардай эле кайналы да бир жыл түшумдүү болсо, кийинки жылы түшүмсүз болот (А.Ташбаев «Аксылыктар кайналы, таластыктар алкор дешет» Маек).*

*Кыргыз диалектологиясынын маселелерине кенен изилдөө жүргүзгөн окумуштуу Б. Юнусалиев өз эмгегинде диалектизмдер адабий тилдин өсүп-өнүгүшү үчүн ар дайым база болуп берерин белгилейт* [13:14]. Окумуштуу И.Абдувалиев К.К.Юдахиндин сөздүгүнө лингвистикалык илик жүргүзүп жатып, анын диалектизмдерди жыйнап, жалпы элдик тилдин лексикасы менен бирге сөздүккө киргизүүдө бир топ кыйынчылыктарга да кабылгандыгын белгилеп: «Орфографиялык эрежеге сыйып, ага моюн суна бербеген өтө көп сөздөрдү күч менен эрежеге ылайык келтирип, кашаанын ичине кыргыз алфавитинде жок тамга белгисин колдонуп, айтылыш турпатындагы жазылышын да жазып, көторуп талдоо жүргүзгөн. Китептин 122-бетинен: бедарек (бедәрәк), бедарт (бедәрт); 58: аңгер (әңгәр); 55: амек (әмәк); 50: алим (әлим); 606: папик (пәпик), паранда (пәрәндә); 519: маскүнем (маскүнәм); 125: бейхөнөр (бейһөнөр); 551: накь (нәк); 18: абжил (әбжил), абжор (әбжөр); 609: писант (писәнт), писта (пистә), питина (питинә), пияда (пийәдә) жана башка толуп жаткан мисалдарды келтирүүгө болот»,- деп жазган И.Абдувалиев [1:12].

Академик В.В.Виноградов: “Көркөм адабияттын тили жалпы элдик, жалпы улуттук тилге караганда байыркы тилдин архивдик фондусуна, элдик жергиликтүү говорлорго, адабий эстеликтердин тилине эркинирээк кайрыла алат, бирок ал жалпы элдик тилдин структурасынан, негизинен, анын грамматикалык түзүлүшүнөн жана негизги сөздүк фондусунан көбүрөөк чегинип кете албайт, антпегенде ал жалпыга түшүнүктүү болбой калат”,- деп көркөм адабиятта архаикалык каражаттардын жалпыга түшүнүктүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгын көрсөтөт [4:88]. Байыркы сөздөргө, диалектилерге жыш толгон, түрк тилинде жазылган “Коркут ата” чыгармасын кыргыз тилине профессор И.Абдувалиев которуп, анда кыргыз тилининин лексикалык мүмкүнчүлүгүн болушунча пайдаланып, кыргыз окурмандарына сунуш кылды [7:47]. Чыгармада тилдик бирдиктер, көркөм сөз

каражаттары, фразеологизм сөздөрү, алардын катарында диалектизмдер ж.б. кеңири орун алган. Мындагы кээ бир сөздөрдүн - эр, жапкы, сухбат, маслаат, дидар, гөзөл, абаз, пул, буер, пакыр ж.б. кыргыз тилинин диалектилеринде колдонулуп, алардын ичинен маслаат – тыбыштык турпаты өзгөргөн масилет формасында, дидар, дасмал – тасмал түрүндө, жапкы диалектизмдеринин адабий тилге жакындап колдонулуп калганын айтууга болот. Кайсы тилден киргени жөнүндө так маалыматы жок мындай сөздөрдүн байыркы экендигин, илгерки замандарда кабыл алынгандыгын белгилеп, кайсы бир деңгээлде, пикир алышууда, карым-катыш жасоодо элди тейлеп жаткандыгын байкоого болот. Мисалы, Кыйан селжүк уулу Далы Тондос айтты: - Бали хан, казан, маслаат [7:26]. Бул сүйлөмдөгү маслаат сөзүнүн кыргыз диалектилеринде маслаат, масилет, маслахат деген формалары кезигип, адабий тилде акыл-кеңеш деген маанини, тагыраак айтканда, чогулуп кеңеш куруу, бир ишти чечүү, иштин башталышында сүйлөшуп алуу, бир пикирге келүү үчүн чогулуу сыяктуу маанилерге ээ. Адабий тилде масилет формасында колдонулуп жүрөт: Ата-энеме масилет салып көрөйүн. Ушундай мааниде тарыхый көркөм чыгармалардан да кезиктирүүгө болот: Качуу оюңузда жок болсо, маслахат үчүн эле келген болсоңуз куп жакшы, ат жалынан бүткөрөм, датка [7:230].

Диний жыйындарда маанилик жактан жакындыгы бар тыбыштык түрү өзгөргөн маселе, масала деген формаларын учуратууга болот. Демек, маслаат байыркы сөздөрдөн болуп, алгачкы мааниси сакталуу менен кыргыз тилинин диалектилеринде катардлаш колдонулуп жүрөт: Айылда аксакалдардын “элге аш берет экен, ошого маслаатка чакырып жатат” деп бараткандарын көрүп калчумун.

Ушул сыяктуу лексикалык, семантикалык, этнографиялык диалекетизмдер “Коркут ата китеби” дастанында бир топ: Үнүмдү аңда, сөзүм тыңда, Аягым башмак, жүзүм жапкы көрбөдү [7:14]. Казандын алдынан бир суу көрүндү: “Суу ак дидарын көрсөтөр. Мен бул суудан кабар сурайын”, - деди Казан [7:29]. Дасмалын колуна алып өкүрө-өкүрө ыйлады [7:145].

**Жыйынтыктар:**

1. Көркөм чыгармалардын тилинен да адабий тилге өтүп кодонулуп баштаган диалектизмдерди көп учуратууга болот. Бирок аларды автор кандай максатта колдонуп жаткандыгын изилдеген атайын ыкмалар бар экенин да билип жүрүшүбүз шарт: Ошол чыгармадагы диалектизмдерди, алардын өзгөчөлүгүн массага жеткирүү, диалектизмдин колдонулгандыгын, алардын көркөмдүк каражатын түшүндүрүү, чыгарманын оригиналдуулугун, бул же тигил диалектиге таандык экендигин, тарыхын бөтөнчөлүгүн белгилеп көрсөтүү;
2. Кыргыз адабиятында айрым чыгармаларда диалектизмдерге көбүрөөк жол берилген болсо, мисалы, М.Абдукаримовдун “Жашагым келет” романынында, айрымдарында, тескерисинче, диалектизм берилүүгө тийиш, бирок берилбей калган же өтө аз берилген учурларды көрүүгө болот. Мисалы, жазуучу Саткын Сасыкбаевдин “Түпкүрдөгү нур” романындагы сүрөттөлгөн окуя ичкилик диалектисинин аймагында, башкача айтканда, Сүлүктү шаарынын айланасында өткөндүгүнө карабай диалектилер аз орун алган;
3. Бүгүнкү күндө бир учурда диалектизмдер деп берилген, жогоруда биз атап көрсөткөн сөздөрдүн жана ушуга окшогон диалектизмдердин адабий тилге өтүп

колдонулууга мүмкүнчүлүктөрү көп жана алардын бир тобу адабий тилде кеңири колдонулуп бара жатат.

### Колдонулган адабияттар:


1. **Абдувалиев, И.** К.К. Юдахин түзгөн сөздүк жана кыргыз сөздөрүнүн кагазга түшүш проблемалары [Текст] / И.Абдувалиев // ЖАМУ Жарчысы (атайын чыгарылыш). – Жалал-Абад, 2006. – Б. 8-14.
2. **Абдулдаев, Э.** Кыргыз диалектологиясынын очерктери [Текст] / Э.Абдулдаев. - Фрунзе, 1959.
3. **Бакинова, Г.** Лексический диалог киргизского языка в реальном освоении [Текст] / Г.Бакинова. – Фрунзе, 1990. - 88 с.
4. **Виноградов, В.В.** Насущные задачи советского литературоведения “Знамя” [Текст] / В.В. Виноградов, 1951.- №7.- 146 б.
5. **Жапаров, Ш.** Кыргыз тилинин диалектикасы [Текст] / Ш.Жапаров, Т.Сыдыкова. –Бишкек, 2013.- Б. 4-8.
6. **Касымбеков, Т.** “Сынган кылыч” романы [Текст] / Т.Касымбеков. – Бишкек, 1998.
7. Коркут ата китеби: түрк тилдеринин байыркы дастаны [Текст] / Которгондор: И.Абдувалиев, Т.Абылкасымова, Г.Сатимкулова. – Бишкек, 2004. -174 б.
8. **Мамытов, Ж.** Көркөм чыгарманын тили [Текст] / Ж.Мамытов. – Бишкек, 1990. - 121б.
9. **Мукамбаев, Ж.** Кыргыз тилин диалектикасынын сөздрөрү [Текст] / Ж. Мукамбаев . – Фрунзе, 1972. - 1Т. - 712 б.
10. **Орузбаева, Б.О.** О задачах дальнейшего изучения киргизских диалектов [Текст] / О.Б.Орузбаева – Бишкек, 2004. - 2 Т. – Б. 117-119.
11. **Шакирова, М.Р.** Кыргыз тилинин колдонулушу чектелген лексикасы [Текст] / М.Р. Шакирова // Монография.- Бишкек, 2015.
12. **Юдахин, К.К.** Кыргызча-орусча сөздүк [Текст] / К.К. Юдахин.- Москва, 1965. - 973 б.
13. **Юнусалиев, Б.М**. Кыргыз диалектологиясы [Текст] / Б.М. Юнусалиев. - Фрунзе, 1971.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_129

Поступила в редакцию 04.02. 2022 г.

**УДК 81'282**

***Калыбекова З.С.***

*к.ф.н. Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

***Шакирова М.Р.***

*к.ф.н. Джалал-Абадского госуд. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

## КУРГАКТА ӨЗҮ ЖҮРБӨГӨН УНАА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АТАЛЫШТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ОРУС ТИЛИНДЕГИ ПАРАЛЛЕЛДЕРИ

*Унаа кыргыз элинин да, орус элинин да чарбалык ишмердигинин, маданиятынын кандайдыр бир маанилүү бөлүгү. Тандалып алган теманын актуалдуулугу аталыштары речте кездешкени менен ушул мезгилге чейин өзү жүрбөөчү кургактагы унаанын бир түрүнүн аталышы экендиги талданып, тартипке келтирилбегендигинде. Ал эми көркөм тексттерде алар кездешет, бирок мындай сөздөрдүн кууш мааниси бар экендигин, жер бетинде жүрүүчү өзү жүрбөгөн унаанын бир түрүнүн аталыштары деп эч ким деле таанбаган. Макалада жер бетинде жүрүүчү өзү жүрбөгөн унаанын аталыштарына тактама берилип, алардын кыргыз жана орус маданиятындагы орду каралган. Мындай терминдердин кээ бирөөлөрү кыргыздын улуттук тил картинасына кирсе, кээ бирөөлөрү жаңыдан кире баштаган. Себеби тилдин өнүгүшүндө чет элден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн орду чоң. Макалада авторлор тарабынан ушул терминдердин кыргыздардын жана орустардын таанымындагы лингвокультурологиялык маанисин чечмелөөгө аракет жасалды.*

***Негизги сөздөр:*** *термин; унаа; жер бетинде жүрүүчү унаа; өзү жүрбөгөн унаа; маданият; эквиваленттүүлүк; компонент; түшүнүк; көп компоненттүү термин; атайын лексика.*

## НАЗВАНИЯ НЕСАМОДВИЖУЩИХСЯ ВИДОВ СУХОПУТНОГО ТРАНСПОРТА В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ И ИХ ПАРАЛЛЕЛИ В РУССКОМ

*Транспорт составляет важную часть хозяйственной деятельности, культуры как кыргызског, так и русского народов. Актуальность выбранной темы обосновываются тем, что доселе названия несамодвижущихся видов сухопутного транспорта не были упорядочены и изучены в лингвокультурном аспекте, хотя в речи стихийно встречаются. В художественных текстах тоже встречаются, но мало кто обратил внимание, что эти слова имеют узкоспециальное значение, обозначая несамодвижущиеся виды транспорта. В статье рассматриваются названия несамодвижущихся видов транспорта, их культурные ценности в современном состоянии в сопоставительном аспекте. Некоторые термины подобного рода входят в современную языковую картину мира как кыргызов, так и русских, связанную со средствами передвижения или перемещения. В статье авторы постарались раскодировать такие понятия и определить, какие лингвокультурулогические ценности они имеют в кыргызском или русском национальном языке. Отобранные термины подробно описаны и растолковываются как в языковом, так и культурном плане и сгруппированы по видам.*

***Ключевые слова:*** *средства передвижения; термин; понятие; транспорт; сухопутный транспорт; несамодвижущийся транспорт; культура; эквивалентность; компонент; многокомпонентные термины; специальная лексика.*

## THE NEIMS OF NON-SELF-PROPELLED TYPES OF LAND TRANSPORT IN KYRGYZ LANGUAGE AND THEIR PARALLELS IN RUSSIAN

*This article is about names of non-self-propelled types of land transport in the Kyrgyz language and sheir parallels in Russian. In this article we try to show how we should use the new words and word combinations which belongs to this types of transport. The relevance of the chosen topic is justified by the fact that hitherto the terms of non-self-propelled types of land transport have not been streamlined, although they are spontaneously encountered in speech. They are also found in literary texts, but few have paid attention to the fact that these words have a highly specialized meaning, denoting non-self-propelled modes of transport. The article discusses the terms of non-self-propelled modes of transport, their cultural values. Some terms of this kind are included in the modern linguistic picture of the world, both Kyrgyz and Russian, associated with vehicles or transportation. In the article, the authors tried to decode such concepts and determine what linguocultural-logical values they have in the Kyrgyz or Russian national language. The selected terms are detailed and interpreted in both linguistic and cultural terms.*

***Key words:*** *term; transport; land transport; non-self-propelled transport; culture; equivalence; component; multicomponent termins; special vocabulary.*

Развитие торгово-экономических отношений привело к росту способов передвижения, которые во многом зависели от состояния дорог. По узким, неудобным для передвижения дорогам люди сначала ходили пешком, а затем, приручив животных, они стали их использовать для перевозки людей и грузов. Для смены пастбищ, перекочевывания с одного места на другое, для торговли потребовалось создание специального приспособления для перевозки грузов и людей. Хотя первые прицепные устройства были примитивными, но всё же они во многом помогали людям более эффективно передвигаться и перевозить грузы. Социально-экономические и географические условия, образ жизни кыргызского народа сами диктовали выбор вида транспорта, от которого зависело перемещение или перевозка людей и грузов. Названия таких видов, как *араба-повозка, чийне-волокуша, чана-сани* вошли в языковую картину

мира, имея лингвокультурной значимости в связи наличием «у нее национально-культурной специфики» [8, С.10] и существуют в языке, согласно классификации форм проявления лингвокультурологической специфики языковых явлений Е.Н.Маклаковой, как «наименования национально-материальных (бытовых) реалий» [8]. В настоящее время вид несамодвижущегося транспорта развивается, а их названия все больше пополняются, находя место в национальной культуре и языке. Но в сопоставительной лингвокультурологии, изучающей «в сопоставительном ракурсе на материале двух и более языков взаимодействие языка и культуры как целостных структур при помощи системных методов и с ориентацией на современные приоритеты и культурные установления, исследующая взаимодействие языков и культур в их функционировании» [1] и в отечественном когнитивном терминоведении такие названия не были изучены в сопоставительном аспекте, несмотря на множество словарей, отражающих значения этих названий. Соотвественно, цель лингистического анализа состоит в изучении названий несамодвижущихся видов сухопутного транспорта в сопоставительном аспекте.

Задачи изучения темы определены в соответствии с целью работы:

- определение и упорядочение названий несамодвижущихся видов сухопутного транспорта в кыргызском и русском языках;
- определение их места и роли несамодвижущихся видов сухопутного транспорта в терминологической системе кыргызского и русского языков, лингвокультурной значимости данных слов со специальным значением в кыргызском и русском языках;
- определить языковые параллели кыргызские названия несамодвижущихся видов сухопутного транспорта в русском языке.

**Несамодвижущиеся сухопутные транспортные средства** приводятся в движение мускульной силой человека, животных или другими силами источников энергии и включают в свою специальную лексику 12 терминов. Они могут быть 1) *колесными, 2) бесколесными.*

***1) Бесколесные несамодвижущиеся виды сухопутного транспорта*** появились в быту кыргызов первыми. Данная группа терминов раскрывается через термины *чийне – волокуша, чана – сани, лыжа, коньки, сноуборд.*

***Чийне – волокуша.*** Распространенный вид несамодвижущегося транспорта в сельских местностях, приспособленный к перевозке сена, соломы и других грузов. Изготавливается из скрепленных на концах жердей, которые привязываются по бокам транспортного животного с помощью каната. Возможно, это было первое приспособление кыргызов, на котором осуществлялась перевозка грузов и людей по горным извилистым тропам до появления более удобных для передвижения дорог и колесных видов несамодвижущегося транспорта. Сохранилось схожее звучание термина в некоторых тюркских языках: кырг. *чийне,* узб. *чина.* В настоящее время этот вид транспорта сохранился как вид несамодвужущегося транспорта в хозяйстве, соотвественно в языковой картине кыргызов. В кыргызском языке существует базовое слово *чек*, означающее *впрягать, привязывать.* Путем аффиксации (алломорф -на) образовано слово чийне – название транспорта, приводимый в движение мускульной силой тяглового животного или человека. В русском языке образовано на базе слова “волочиться”, т.е. концы волочились по земле, а к передним привязывали тягловое животное: собаку, лошадь, быка, оленя, с одной стороны. Но существует и другое мнение, что в русском языке кыргызскому *чийне* соответствует слово

*волокуша,* в основу которого лежит слово *волока* — особое приспособление для перевозки грузов, предок саней. В XIX веке в толковом словаре Даля было написано следующее: «*есть деревни в непроезжих лесах и болотах; жители не знают колеса, а ездят, по мокрому моху, на волочугах…*».. существует устаревшие варианты слова *волокуша, волочуга, волочня, волочень, волоковица, колодка* [9]. Такое вид сухопутного транспорта имело место в хозяйственной жизнедеятельности как кыргызов, так и русских.

***Чана – сани.*** Удобный в зимнее время вид несамодвижущегося транспорта, приводимый в движение мускульной силой человека или транспортного животного. В Кыргызской Советской энциклопедии указывается, что *чана – сани* это такое бесколесное оборудование, впрягаемое к транспортным животным и приспособленное для перевозки людей и грузов [3]. По сути сани более совершенная форма волокуши. Термин *чана* в тюркских языках индивидуальное звуковое оформление: кырг. *чана,* хак. *соор (шоор)*, тат. *шана,* узб. *чана*, турец. *kizak*, используется для обозначения зимней повозки на двух полозьях. Если в русском языке термин *сани,* соответствующий английскому термину *sledge,* употребляется только во множественном языке, то в тюркских языках употребляются как в единственном, так и во множественном числе. В культуре кыргызов *чана-сани* играет большую роль, при этом в быту кыргызов используется не только зимой, но и в жаркое и сухое время года. В сельских местностях до настоящего времени на таких санях возут сено. В русским языке встречается термин *нарты,* называющий длинные узкие сани, используемые для передвижения на собаках и оленях. Термин эквивалентен, соответствует кыргызскому *ит чана, бугу чана,* где определяющая часть указывает на вид саней. В речи кыргызов встречается лексический вариант слова *чана – сойлок,* предназначенный для перевозки грузов на склонах гор, образованный от слова *сойло – ползи*. Это вид транспорта приводится в движение тягловым животным и хорошо ползает на склонистых участках земли.

***Лыжа.*** Безэквивалентный термин [10], называющий вид несамодвижущегося транспорта, изготовленного из плоских деревянных полозьев, приводимого в движение мускульной силой человека, предназначенного для передвижения человека по снегу. Термин происходит от слав. языков. Сравним: белорус. *лижа*, укр. *лижва,* польс. *lyzwa.* В тюркских языках термина *лыжа* нельзя назвать безэквивалентным: башк. *calғa*, турец. *kayak (lar),* напоминающий термин водного транспорта *кайык.* В русском языке бытует фразеологизм *навострить лыжи*, эквивалентный кыргызскому *куйругун түйүү, качууга дем коюу.* Географические условия территории русских обусловило использование данного предмета более широко, чем у кыргызов.

***Коньки.*** Термин *коньки* вошел в кыргызский язык из русского языка и занимает безэквивалентную позицию в семантической иерархии транспортной терминологии. Термин называет транспортное приспособление в виде лезвий из металла или другого твердого металла, которое прикрепляется к обуви и служит для катания или передвижения по льду. Наименование произошло от старославянского слова *конек* (русск. *конь*, белоруск. *конь*, укр. *конь*). В хакасском языке имеет две формы *тайгак* и *тайбас*, в каракалпакском языке термин имеет составную форму – *тимiр тайгах*, в турецком языке – *paten(ler), роликовые коньки – tekerleklipaten (ler).*

***Сноуборд.*** Термин проник в кыргызский язык не посредством русского языка, а прямым путем, так как он появился в языках народов СНГ после распада СССР. Поэтому

его невозможно обнаружить в языковых словарях. Термин называет тип бесколесного транспорта, сделанного из доски неправильной формы с замысловатым или не очень рисунком и десятком-другим дырочек. Термин образован путем сложения двух англ. слов: *snow –снег, board – доска.* В народной речи распространена просторечная форма термина *доска*.

**Лифт.** Термин, обозначающий *«устройство для вертикального подъема и спуска людей и грузов в многоэтажных зданиях или шахтах», ( от англ. — lif), в* русском языке он появился в XIX в. [10]. Через посредничество русского проник в кыргызский язык. Появившись в русском языке путем заимствования из английского языка, данное слово имеет широкое распространение в речи кыргызов (в основном, городских). По семантике этому слову соответствуют в кыргызском языке *көтөргү, көтөргүч*. В русском языке существуют *подъемник*. Но в обоих сопоставляемых нами языках оно используется без перевода.

**Несамодвижущиеся колесные виды сухопутного транспорта.**

Несамодвижущиеся колесные виды сухопутного транспорта появились позднее, когда люди уже обнаружили вращательное движение, когда у людей домашний инвентарь уже стал более сложным. Этот вид транспорта отличается от бесколесных встроенными к ним колесами. Простую волокушу заменила повозка с колесами. Она стала применяться с 4 тысячелетия до н.э. в Мохенджо-Даро (Индия, по последним данным ученых эта страна существовала 12 тыс. лет назад) [2.С.55]. Но сказать о том, что волокуша совсем забыта людьми, неверна, так как в сельских местностях она при перевозке сена, соломы, небольшого груза также распространена, как и много лет назад.

Данная группа терминов раскрывается через термины *араба – повозка, өзү жүрмө – самокат, чыгырыкча – ролик, скейтборд.*

***Араба – повозка, арба.*** Появление колесных несамодвижущихся видов транспорта связано с изобретением колеса, что позволило коренным образом изменить способы передвижения по суше и в определенной степени облегчить жизнь людей в перевозке грузов и людей. II тыс. лет до н. э. изобретено колесо со ступицей, позднее колесо со спицами [2.С.55], которые существуют и в наши дни. Термин *араба* проник из арабского языка в значении *высокая двухколесная повозка* [6.С.164] и в тюркских языках имеет одинаковое звуковое и графическое оформление: азерб. *араба*, каз. *арба*, узб. *арава*, турец. *araba,* крымскотат. *араба,* фуюй.-кырг. *tergen*, но в чув. языке означает *колесо*. В русский язык вошел как тюркизм с некоторыми фонетическими различиями в соответствии с языковыми особенностями народа: *арба, абра, гарва.* В турецком и узбекском языках термин *араба* имеет обобщающее значение, является эквивалентом термина *автомобиль.* Но этимологические данные термина *араба* вызывает споры среди ученых-тюркологов. Это вызвано разнобоем в написании слова *араба* в арабских источниках. О тюркском происхождении слова говорится в работах Х. Румду, Н.К. Дмитриева [7.С.164] и др. Термин *араба* в сочетании с терминоэлементами *одноколесный, двухколесный, трехколесный, четырехколесный,* образует вид повозок по конструкции, которые с помощью числительных могут быть противопоставлены между собой. В отдельную группу объединяются термины, называющие типы повозок по количеству лошадей. Такие термины в русском языке имеют однокомпонентную, реже двухкомпонентную структуру. Отличие наименований по компонентному составу прослеживается из приведенных ниже примеров.

Сравним: *бир ат чегерилме араба – однолошадная повозка, арба; эки ат чегерилме араба – двулошадная повозка, арба; үч ат чегерилме араба – тройка; төрт ат чегерилме араба – четверня; алты ат чегерилме араба – шестерня,* синоним устаревшего названия *шестерик*, обозначающего *упряжку в шесть лошадей* [6.С.795]. Термин *шестерня* коррелируется с названиями деталей транспорта.

***Өзү жүрмө – самокат.*** Это такое средство передвижения, которое способствует быстрому передвижению человека по суше на не очень далекие расстояния. Самокат рассчитан только на перевозку человека с небольшим грузом. В кыргызском языке термин образован путем сочетания (но не сложения) двух слов: *өзү – сам, жүрмө – катающийся*, в русском языке – путем сложения двух основ *сам* и *кат* с помощью соединительного суффикса -о.

***Чыгырыкча – ролик.*** Ролик –это род коньков на колёсиках для катания по гладкой поверхности. Самый распространенный вид транспорта в городских условиях среди молодежи. Термин вошел в современный кыргызский язык посредством русского языка из немецкого языка Rolle, что в переводе означает *таптама – каток.* В кыргызском языке используется эквивалент *чыгырыкча*, образованный путем аффиксации.

***Скейтборд.*** В кыргызский язык термин вошел прямым путем, распространен в городских условиях. Термин образован сочетанием английских слов skate *– кататься +* board *доска*, т.е. *роликовая доска*, что в дословном переводе в кыргызском языке означает *чыгырыктуу тактайча.* Основное наименование *скейтборд* безэквивалентен, несмотря на широкое использование среди молодежи в наше время как один из проявлений взаимодействия культур.

По структурной организации парадигма терминов самодвижущегося вида сухопутного транспорта разнообразна, встречаются однословные и двухсловные термины, которые соответствуют следующим структурно-семантическим моделям, где *Х-доминирующий элемент, х-пассивно доминирующий элемент, П-уточняющий элемент, п-пассивно уточняющий элемент, Д-слово с процессуальным значением:*

*1)* ***П+Х.*** Здесь доминирующее слово (***Х***) имеет уточняющий элемент (***П***), в качестве которого могут выступать как слова с определительным, так и предметным значением.

***ПХ*** ***П Х***

***бугу чана–оленьи упряжки***

*2)* ***п+П+ Х***. С помощью активного уточняющего элемента указан вид несамодвижущегося транспорта **- колесный,** пассивным терминоэлементом – подвид колесного несамодвижущегося транспорта – количество колес. По этой модели образованы всего 4 термина**:** *бир дөңгөлөктүү араба, эки дөңгөлөктүү араба, үч дөнгөлөктүү араба.*

*3)* ***П+х+Д+Х***. ПО этой модели образованы, указывающие на тип повозок по количеству лошадей, где активная доминанта (***Х***) связывается с пассивной доминантой (***х***), имеющей при себе терминоэлемента со значением признака (***П***), одной из форм слов с процессуальным значением – *чегерилген, чегерилме.*

**П х Д** ***Х П Х***

**Бир ат чегерилме араба – однолошадная повозка или арба, үч ат чегерилме араба – тройка.**

Как показывает сопоставление кыргызского и русского вариантов названий, в

кыргызском языке присутствие слова с процессуальным значением (Д) обязательно, а в русском языке данный термин имеет однословную структуру.

## Выводы:

1. Несамодвужущиеся виды сухопутного транспорта создают отдельную подсистему в системе специальной лексики транспорта. Такие термины-понятия входят в национальную языковую картину мира кыргызов, представляя собой названия таких средств как **чана-сани, чийне-волокуша** и др.;

2. Некоторые термины, служащие названиями некоторых транспортных средств вошли в кыргызский язык через язык-источник – русский язык способом калькирования: **лыжа, коньки** и др.;

3. Названия отдельных терминов-понятий вошли в кыргызский язык без языка-посредника: **сноуборд, скейтборд** и др. как результат взаимордействия культур и требуют дальнейшего тщательного изучения;

4. При определении языковых параллелей следует обратить внимание на морфологические и генеалогические особенности языков. При калькировании некоторых однословных терминов несамодвижущегося вида сухопутного транспорта они обретают многокомпонентную структуру и наоборот: *алты ат чегерилме араба – шестерня; үч ат чегерилме араба – тройка.* В этом важную играет роль принадлежность кыргызского и русского языков к разным структурным типам: русский язык является синтетическим, а кыргызский язык – аналитическим;

5. Результаты данного исследования могут быть использованы про лексикографии, на занятиях дисциплин "Сопоставительная лексикология", "Сопоставительная лексикология", "Лингвокультурология".

## Список литературы:


1. **Алимжанова, Г.М.** Сопоставительная лингвокультурология: сущность, принципы и единицы [Текст]: дис. …д-ра. филол. наук / Г.М. Алимжанова.- Алма-Аты, 2010.
2. **Зворыкин, А.А.** История техники [Текст] / [А.А.Зворыкин, Н.И.Осьмова, В.И.Чернышев, С.В.Шухардин]. – М.: СЭТ, 1962. - 772 с.
3. Кыргыз Совет энциклопедиясы: 6Т. [Текст] / башкы ред. Б.О.Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз Совет энцикл.– 1980. – 656 б.
4. Кыргыздар. Санжыра, тарых, мурас, салт [Текст] / түз. Кенеш Жусупов. – Б.: Кыргызстан, 1993. – 1Т. – 621 б.
5. Кыргызстан: энциклопедия [Текст] / редкол. О.Ибрагимов. – Б.: Мамл. тил ж-а энцикл. борбору, 2001. – 544 б.
6. **Ожегов, С.И.** Толковый словарь русского языка [Текст] / С. И. Ожегов, Н.Ю. Шведова. – М. : Азбуковник, 2000. – 940 с.
7. **Севортян, Э.В.** Этимологический словарь тюркских языков: Общетюркские межтюркские основы на гласные [Текст] / Э.В.Севортян. – М.: Наука, 1974. – 767 с.
8. **Стернин, И.А.** О понятии лингвокультурной специфики языковых явлений [Текст] / И.А. Стернин // Язык. Словесность. Культура, 2011.
9. Русско-кыргызский словарь: 51000 слов [Текст] / под. ред. К.К.Юдахина.- Б.: Шам, 2000.-992 с.
10. электр. ресурс: wikipedia.org
11. электр. ресурс: lexicography.online


DOI:10.54834/16945220_2021_1_134

Поступила в редакцию 04. 02. 2022 г.

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК:576.6**

***Сияев Т.М.***
*д.п.н., профессор Нарынского госуд. универ. им. С. Нааматова, Кыргызская Республика*
***Кадырова Т. Р.***
*аспирант Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## КЕЛЕЧЕКТЕГИ ФИЗИКА МУГАЛИМДЕРИНИН ТААНЫП БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН АКТИВДЕШТИРҮҮ ЖАНА КӨП КЫРДУУ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ МОТИВАЦИЯЛАР

*Кыргыз Республикасындагы билим берүүчү жогорку окуу жайларында келечектеги физика мугалимдерин даярдоодо окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн активдештирүүнүн жана көп кырдуу мотивациялык моделдердин теориялык жана практикалык абалы каралды. Изилдөөнүн предмети - болочоктогу физика мугалимдеринин ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу татаал мотивациялык моделдери, ал эми изилдөөнүн максаты – жогорку окуу жайларында физиканы адистештирип окутуудагы салыштырмалуу ыкмаларын колдонуп болочоктогу физика мугалимдеринин өз кесибине болгон мотивацияны пайда кылуу саналат. Мотивациялык, инсандык багыттагы, системалык, кибернетикалык сыяктуу оптималдык мамилелердин жыйындысы пайдаланылып, студенттердин кызыгуусуна багытталган болуп, анда объекти башкаруунун эсебинен окуу процессинин натыйжалуулугу жогорулай тургандыгын белгилей кетишибиз керек. Себеби, мотивациялык мамилелердин дал ушул жыйындысы гана азыркы билим берүүнүн максаттарын толук жүзөгө ашырууга жол ачат жана окуу процессинин баардык катышуучуларынын ийгиликке жетишине түзүлгөн шарт түздөн-түз келечектеги физика мугалиминин ишмердүүлүгүнүн негизин түзүшүлүшүнө мүмкүндүк берет.*

***Негизги сөздөр:*** *мотивациялык суроо талаптык; көп кырдуу мотивация; таанып билүү мотиви; мотивация; мотивациялык мамиле; кызыгуу; социалдык мотив; кесип; кесипке багыттоо.*

## АКТИВАЦИЯ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ И МНОГОПЛАНОВЫЕ РЕГУЛЯРНЫЕ МОТИВАЦИИ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ ФИЗИКИ

*Рассмотрены теоретическое и практическое состояние активизации учебно-познавательной деятельности и многоплановые мотивационные модели в подготовке будущих учителей физики в образовательных учреждениях Кыргызской Республики. Основной предмет исследования - сложная мотивационная модель, регулирующая деятельность будущих учителей физики. Целью исследования было изучение сложных многогранных моделей мотивации будущих учителей физики в своей профессии с использованием сравнительных методик профильного преподавания физики в высшей школе. Следует отметить, что эффективность повысится. Это связано с тем, что только такой набор мотивационных установок позволяет в полной мере реализовать цели современного образования, а условия, созданные для успеха всех участников учебного процесса, непосредственно составляют основу будущего учителя физики.*

***Ключевые слова:*** *мотивационная потребность; многогранная мотивация; познавательный мотив; мотивация; мотивационный подход; интерес; социальный мотив; специальность; направление к профессии.*

## ACTIVATION OF COGNITIVE ACTIVITY AND MULTI-PLANE REGULAR MOTIVATION OF FUTURE TEACHERS OF PHYSICS

*The theoretical and practical state of enhancing educational and cognitive activity and multifaceted motivational models in the training of future physics teachers in educational institutions of the Kyrgyz*

*Republic are considered. The main subject of the research is a complex motivational model that regulates the activities of future physics teachers. The aim of the study was to study complex multifaceted models of motivating future physics teachers in their profession using comparative methods of specialized teaching physics in higher education: It should be noted that the efficiency will increase. This is due to the fact that only such a set of motivational attitudes makes it possible to fully realize the goals of modern education, and the conditions created for the success of all participants in the educational process directly form the basis of the future physics teacher.*

***Key words:*** *motivational need; multifaceted motivation; cognitive motive; motivation; motivational approach; interest; social motive; specialty; direction to the profession.*

Россия Федерациясынын окумуштуусу А.К. Маркова мотивацияны мотивдердин (таанып билүү жана социалдык) активдешүү процесси катары аныктайт. Себеби, болочоктогу физика мугалимдеринин кызыкчылыгына багытталган объекти башкаруунун эсебинен билим берүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга болот. Ошол эле учурда студенттердин кызыкчылыгы таанып билүү жана пикир алышуу (социалдык) багытта болушу толук мүмкүн. Анткени, окуу материалдарынын мазмуну, окуу-таанып билүү жана ой жүгүртүү ишмердиктери, кырдаалдар, карым-катыш жараяны, биргелешкен ишмердүүлүк ыкмалары кызыктыруучу объект болуп саналат.

Кызыгуу процесси субъективдик факторлор менен мүнөздөлүнөт. Тагыраак айтканда, ал ар бир адам үчүн түпкү суроо-талабынын күчүнө ылайык кызыгуу ар түрдүү деңгээлде болот. Анын негизинде субъектин ишмердигинин эффективдүүлүгүн аныктай турган таанып билүү жана социалдык мотивдеринин калыптануу деңгээлинин ар кылка экендигин бышыктоого болот. А.Н. Леонтьевдин көз карашы боюнча аракет да, операциялар да максатка, мотивдерге көз каранды болбойт. Анда бул (аракеттер, операциялар) аркылуу ар кандай адамды, кандай шартта болбосун окутуп үйрөтүү мүмкүнчүлүгү болжолдонот. Башкача айтканда, азыркы салттык мектептердеги окуу процесси окуучулардын өздүк кызыгуусун эске албайт. Ошондуктан, окутуу процессинде окуучулардын мүмкүнчүлүктөрү толугу менен ачылбай калат.

Эгерде, окуунун натыйжасын субъектин (окуп үйрөнүү процессине катышуучунун) жана сырткы субъектин (окутуучу, окуп үйрөнүүнү уюштуруучу, окууга кызыктыруучу) эффективдүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары карала турган болсо, анда окууга болгон мотивациянын деңгээлинин жогорулашы күтүлүшү керек. Тагыраак айтканда, "таанып билүү суроо-талабы канааттандырылган учурда гана окуп үйрөнүү жеке ишмердик болуп саналат" [1].

1-сүрөттө педагогикалык психологиянын мыйзамдуулугу жана формалдуу логикасынын мыйзамдарына шартталган окууга карата мотивациялык мамиленин маани-маңызын түзгөн негизги түшүнүктөрдүн өз ара байланышы көрсөтүлгөн. Эффективдүү педагогикалык кызматташуунун, ийгиликтин, субъектилик тажырыйбанын ой жүгүртүү формаларынын кырдаалынын өнүгүшү–инсандык багыттагы билим берүүдөгү билим берүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу шарты болуп эсептелет. Бирок студенттерге кибернетикалык мамиленин шартында, маалыматтык технологиялардын негизиндеги карым-катышта калыптанган негизги суроо-талапка социалдык мотив дагы таасир бериши мүмкүн. Себеби, дал ушул шарт оптималдык педагогикалык мамилелердин (мотивациялык, инсандык багыттагы, системалык, кибернетикалык) позициялары аркылуу – таанып билүү суроо-талабын канааттандыруу жолуна өтүү үчүн таанып билүү мотивин активдештирүүгө мүмкүнчүлүк берет (1-сүрөт).




1-сүрөт. Келечектеги физика мугалимдеринин ишмердүүлүгүнүн мотивациялардын модели.

Бирок ошол эле учурда студенттердин баардыгында пикир алышуунун негизинде калыптанган негизги суроо-талаптан келип чыккан социалдык мотив дагы таасир берет. Дал ушул шарт системалык мамиленин жогоруда белгиленген позициясы аркылуу таанып билүү мотивинин активдешишине негиз болуп, таанып билүү суроо-талабын катааттандыруунун фактору болуп калат. Бул багытта төмөнкүдөй шарттуу белгилер киргизилет: ТСТ – таанып билүү суроо-талабы; ТМ – таанып билүү мотиви; ОТБИ – окуу-таанып билүү ишмердиги; КСТ – карым-катыштагы суроо-талап; СМ – социалдык мотив [2].

Демек, жогорку окуу жайында болочоктогу физика мугалимдери ар тараптуу инсан болуу менен бирге физика илимин терең, өздөштүрүп, аны окуучуларга жагымдуу абалда түшүндүрүү касиетине ээ болушу керек. Бул багытта, студент алдына коюлуп жаткан талаптарга болгон өзүнүн ой толгоосун так даана аныкташы абзел. Буга кошумча, азыркы учурда коомдо жаны баалуулуктар пайда болууда: өздүк инсандык өнүгүү, өздүк билим алуу, үзгүлтүксүз өнүгүү жана башка. Көрсөтүлгөн жагдайлар жана факторлор студенттердин мотивин жана мотивациясын диагностикалоо актуалдуу маселеге айландырылат [3]. Адистештирилген билим берүү шартындагы окууну уюштуруу учурунда студенттердин психикалык-физиологиялык өнүгүүсүн эске алып, мотивациялардын деңгээлин жогорулатуунун төмөнкүдөй төрт багытын белгилөөгө болот:

- мугалимдин же кай бир окуучунун субъектилик тажырыйбасын пайдаланып, сабакта проблемалуу кырдаал жаратуу;
- окуучунун же бир топ окуучулардын субъектилик тажырыйбасын пайдаланып, сабакта проблемалуу кырдаал түзүү;
- массалык маалымат каражаттарын, илимий-популярдуу, көркөм адабияттарды, искусстволук чыгармаларды ж.б.у.с. жардамы аркылуу окуп үйрөнүү сабагында проблемалык кырдаал жаратуу;
- проблемалык эксперименттин жардамында сабактарада проблемалык кырдаал жаратуу.

Болочоктогу физика мугалимдеринин окууга болгон мотивациясы - таанып билүү ишмердигинин баардык түрүндөгү кызыгууларын, окуу материалдардын мазмунун, ошондой эле ишмердиктин активдүү ыкмаларын ийгиликтүү натыйжага алып бара турган негизги шарттарды түзүп, инсандын таанып билүү чеберчилигинин жана өзүн-өзү аныктоо жөндөмүнүн өнүгүшү үчүн базис болот деп ишенимдүү айтууга болот [4].

Акыркы жылдары инсандык багыттагы окууга психологдордон, педагогдордон тышкары усулчулар да Ш.А. Амонашвили, В.И. Андреев, Ильясов, И.В. Лернер, В.А. Якунин, Е.В. Яковлев жана башкалар көңүл бура башташты. Албетте, бул кокустуктан болгон иш эмес. Себеби, жаңы шартта адистештирилген билим берүү принциптерине индивидуалдаштыруу, персоналдаштыруу негизги маселеге айланды. Бул принциптерге жүргүзүлгөн методологиялык анализ алардын арасындагы олуттуу айырмачылыктарды бөлүп кароого жол ачат. Мисалы, М.В. Потапова “персоналдаштыруу принцибинен айырмаланып, индивидуалдаштыруу принциби ишмердүүлүктүн ар башка түрүндө инсандын өнүгүүсүнүн эффективдүүлүгүн сүрөттөйт,” – деп белгилейт. М.В. Потапова өзүнүн изилдөө ишинде: “окуу убактысынын бирдей көрүнүшүндө, бирдей дидактикалык максаттарда жана окуунун окшош технологиясында гетерогендик топтордон окуунун белгилүү бир ийгилигин көрүүгө мүмкүн эмес” – деп белгилейт [5].

Илимдеги бул багытта жүргүзгөн изилдөөлөрүн жалпылаштырып, мотивациялык мамиле болочоктогу физика мугалимдери үчүн төмөнкү педагогикалык шарттар белгиленет:

- окуу- таанып билүү ишмердүүлүгүнүн натыйжаларында ар бир студент кызыгуучулук атмосферанын түзүлүшүнө;
- окуу-таанып билүү ишмердигин уюштурууда ишмердүүлүктүн таанып билүү функциясына, студенттердин психологиялык инсандык мүнөздөрүнө ылайык келген (кабыл алуу, көңүл буруу, эс тутумда кармоо, ой жүгүтүү, элестеттүү) ар түрдүү активдик, интерактивдик формаларды жана ыкмаларды пайдаланууга;

- жеке ишмердүүлүк өздүк рефлексия жөндөмүн өстүрүүгө;
- жеке кызыкчылыктарын жана жөндөм-шыгын эске алып, өзүн-өзү аныктоо жөндөмүнүн өнүгүшүнө;
- коммуникативдик ишмердүүлүккө карай чеберчиликтин өнүгүшүнө: инсандар аралык ийкемдүү өз ара кызматташууну, карым-катыштын түрдүү формаларын окуу процесинде монологдун, диалогдун, полилогдун пайдаланылышына карата шартталат.

Инсандык багыттагы мамиленин шартындагы болочоктогу физика мугалимдеринин модулдук окуусун изилдөө менен И.С. Карасова менен О.Н. Королева окутуунун модулдук моделин иштеп чыгышкан [6]. Ал модель жалпылаштырылган моделдердин баардык мүнөздүү параметрлерин өзүнө камтыйт. Ошондуктан, физика боюнча адистештирилген билим алууга даярдаган элективдик курстарда пайдаланылышы мүмкүн. Бул моделдерге ылайык, студент окуу процессинин негизги субъектиси болуп саналып, анын субъектилик тажырыйбасы окуу процессинде өнүгөт. Ушул шартты эске алып, инсандын субъектилик тажырыйбаларынын: стихиялык (турмуштук); аң-сезимдик (баалуулук- маңыздык); башкарылма (**мотивациялык-суроо-талаптык**) үч деңгээлде кароого болот. Көрсөтүлгөн деңгээлдер, албетте, окуп үйрөнүү мазмуну, этаптары, түрлөрү боюнча өз алдынча таанып билүү менен байланышта жүрөт. Субъектилик тажырыйбанын бир деңгээлден экинчисине өткөн учурунда таанып билүүнүн өз алдынчалык түрү өзгөрүүгө туш келет. В.С. Мерлин, Е.В. Оспенникова, О.Н. Королевалардын [7] идеяларына ылайык, операциялык өз алдынчалуулуктан окуучу өз алдынча аракеттенүүгө өтөт да, өз алдынча ишмердүүлүккө айланат. Жыйынтыгында, субъектилик тажырыйбанын өнүгүшү өз алдынча таанып билүүнүн этаптарын өзгөрүүгө алып барат. Анын ичинде маалыматтык белгисиздиктен мугалим маалыматтык айкындуулукка алып чыгып, андан кийин окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясына багытталат. Бул учурда студенттердин таанып билүү ишмердигинин мүнөзү да максатка жетүү багытында операцияларды аткаруу ыкмаларынан - аракеттерди аткаруу ыкмаларына айланат. Андан суроо-талапты канааттандырууга багытталган **мотивациялык ишмердүүлүккө** өтүү жолу менен өзгөрөт.

## Жыйынтык

Эгерде мотивациялык, инсандык багыттагы, системалык, кибернетикалык сыяктуу оптималдык мамилелердин жыйындысы болочоктогу физика мугалимдерин кызыгуусуна багытталган болсо, анда объекти башкаруунун эсебинен окуу процессинин натыйжалуулугу жогорулайт. Себеби, мамилелердин дал ушул жыйындысы гана азыркы билим берүүнүн максаттарын толук жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Жогорку деңгээлдеги синтездөө үчүн окуу-таанып билүү ишмердигинин маани-маңызын аныктаган ишмердик мамилеси, ошондой эле системалык мамиле негиз боло алат. Себеби, 1-сүрөттө модели көрсөтүлгөн окуу-таанып билүү ишмердигинин баардык компоненттерин камтыйт. Мындан тышкары, окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мыйзамдары, принциптери, эрежелери, функциялары сыяктуу компоненти өз ара тыгыз байланышта болот. Алар ишмердүүлүктүн ар бир мамиленин белгилерин бөлүп алууга мүмкүнчүлүк түзүү менен бирге, алардын окшоштугун, өз ара бири-бирин шарттап тургандыгын да көрсөтөт жана билим берүүдөгү билим берүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу шарттарын аныктайт.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Столяренко, Л.Д.** Педагогическая психология.Учебники и учебные пособия [Текст] / Л.Д. Столяренко. - Ростов-на-Дону: Феникс, 2003.– 63 с.
2. **Мамбетакунов, Э.М.** Педагогикалык жогорку окуу жайларында физиканы окутуу [Текст] / Э.М. Мамабетакунов, М.Жораев.- Бишкек, 2014.- Б. 44 - 45.
3. **Кадырова, Т.Р.** Диагностика мотивации относительно профессии будущих учителей физики [Текст] / Т.Р. Кадырова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2020.- 81 б.
4. **Сияев, Т.М.** Болочоктогу физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн мотивациялык мамилеси [Текст] / Т.Р. Кадырова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУМУ, 2021.- Б. 108 - 112.
5. **Потапова, М.В.** Пропедевтический курс общей физики [Текст]: учеб. метод. указ. / М.В.Потапова.–Челябинск: ЧГПУ, 2001.–206 с.
*к. п. н., доцент Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Разыков Т.С.***
*к. п. н., доцент Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗ УЛУТТУК СПОРТТУК КҮРӨШТӨ СПОРТТУК КАЛЫСТЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УКУКТУК ЧЕНЕМДИК НЕГИЗИНИН АБАЛЫ

*Бул макалада спорттук мелдешти калыстык кылуудагы ченемдик укуктук базаны өнүктүрүү жана калыптандыруу көйгөйлөрү индикаторлор жана анын профессионалдуу калыптанышы талкууланат. Педагогикалык изилдөөнүн максаты – спорттук калыстардын кесиптик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук негизинин маселелерин талдоо. Изилдөөнү жүргүзүүдө теориялык жана эмпирикалык ыкмаларды:адабий булактардын маалыматтарын, архивдик документтерди, материалдарды талдоо, байкоо, аңгемелешүү, интервью алуу, амалияттык ишмердүүлүктө колдонулган иш кагаздарын жана адистердин иш тажрыйбасын сурамжылоо колдонулду. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында, кыргыз улуттук спорттук күрөштүн калыстарын даярдоо жана кесиптик деңгээлин жогорулатуу терең маанилүү, үзгүлтүксүз тутумга ээ болгон өркүндөтүүгө муктаж экендиги аныкталды. Спорттук калыстыктын теориялык жана методикалык, инсандык өзгөчөлүгүнүн психоло-педагогикалык негиздерин жана мотивтерин терең түшүнүүгө багытталган окуу жараянын уюштуруу сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *мелдеш ишмердүүлүгү; спорттук калыс; мелдештин эрежелери; профессионалдык чеберчилик; улуттук спорттук күрөш.*

## СОСТОЯНИЕ НОРМАТИВНО-ПРАВОВОЙ ОСНОВЫ СПОРТИВНОГО СУДЕЙСТВА КЫРГЫЗСКОЙ НАЦИОНАЛЬНОЙ СПОРТИВНОЙ БОРЬБЫ КУРЕШ

*В данной статье рассматриваются проблемы становления и развития нормативно-правовой основы в судействе спортивных соревнований - показатель его профессионального становления. Цель исследования – анализ вопросов развития нормативно-правовой основы судейства кыргызской национальной спортивной борьбы куреш, направленная для совершенствования профессиональной компетентности спортивных судей. В ходе педагогического исследования были применены теоретические и эмпирические методы: анализ данных литературных источников, архивных материалов и документов, наблюдение, беседа, интервьюирование, анализ документов и продуктов деятельности, опыта работы специалистов.*

*В результате изученных документальных источников определено, что нормативно - правовая основа спортивных соревнований борьбы куреш и подготовка профессиональных спортивных судей нуждается в глубоком системном, осмысленном совершенствовании. Рекомендовано проведение образовательного процесса с глубоким изучением основы теории и методики спортивного судейства, психоло - педагогическое своеобразие личности судьи и его побуждений.*

***Ключевые слова:*** *соревновательная деятельность; спортивные судьи; правила соревнований; профессиональное мастерство; национальная спортивная борьба куреш.*

# THE STATE OF THE REGULATORY AND LEGAL FRAMEWORK OF SPORTS JUDGING OF THE KYRGYZ NATIONAL SPORTS WRESTLING KURESH

*This article discusses the problems of the formation and development of the regulatory framework in refereeing sports competitions - an indicator of its professional development. The purpose of the study is to analyze the development of the regulatory framework for refereeing the Kyrgyz national wrestling kuresh, aimed at improving the professional competence of sports judges. In the course of pedagogical research, we used theoretical and empirical methods: analysis of data from literary sources, archival materials and documents, observation, conversation, interviewing, analysis of documents and products of activity, work experience of specialists. As a result of the studied documentary sources, it was determined that the legal basis for the sports competitions of kuresh wrestling and the training of professional sports judges needs a deep systemic, meaningful improvement. It is recommended to conduct an educational process with a deep study of the basis of the theory and methodology of sports refereeing, the psycho-pedagogical originality of the personality of the judge and his motives.*

***Key words:*** *competitive activity; sports judges; competition rules; professional skill; national wrestling kuresh.*

Повышение уровня профессиональной (судейской) подготовленности является важнейшей задачей процесса физического воспитания занимающихся людей. Одним из существенных сторон подготовленности спортивной судьи к профессиональной деятельности является его судейская грамотность. Наиболее полное представление о сущности технико-тактической подготовленности курешистов, спортивные судьи получают в процессе глубокого изучения и непосредственного участия в спортивной тренировке (спортивной подготовки), при освоении технико-тактических действий, правил и организаций спортивных соревнований, по своей сути являющихся неотъемлемой частью учебно-тренировочной и соревновательной деятельности курешистов. Освоение этих сторон действий в процессе подготовки спортивных судей базируется на основе системы спортивной тренировки путем изучения социально-философских, медико-физиологических, психолого-педагогических дисциплин и практического опыта. Это объясняется тем, что система кыргызских национальных видов спортивной борьбы куреш интегрирует в себе многовековой опыт в сфере единоборств.

Происходящие преобразования в сфере физической культуры и спорта, и в частности профессионального образования в спортивном судействе, особенно в кыргызских национальных видах спорта и игр, на наш взгляд, вызывает большую полемику среди специалистов.

Коммерческий (профессиональный) спорт в Кыргызской Республике официально разрешен с момента распада бывшего СССР, в тоже время судейство спортивных соревнований как своеобразный вид деятельности по-прежнему не является профессиональной и зачастую организовывается на уровне самостоятельного образования.

Достоинство самостоятельного образования в судействе спортивных соревнований заключается в том, что оно укрепляет вариативную составляющую общего образования в судействе спортивных соревнований. Специальные приказы, изданные в период существования бывшего СССР: «О мерах улучшения работы судейских коллегий и судей по спорту», «Типовое положение о судьях по спорту и судейских коллегиях при комитетах по физической культуре и спорту», «О торжественном церемониале спортивных соревнований», «Об утверждении положения о судьях и судейских категориях по спорту» несомненно, будут способствовать профессиональному самоопределению, реализации соответствующих знаний и умений, полученных от переосознания и переосмысления этих приказов.

В связи с отсутствием в Кыргызской Республике нормативно-правовой базы, важнейшей главенствующей сутью вышеперечисленных приказов для сегодняшних спортивных судей являются потребности в развитии профессионально-творческой возможности. Приспосабливаться в современном спорте, тем более в спортивной борьбе куреш имеют вероятность судьи достаточно высокой квалификации, сочетание в себе справедливости и честности, к большому сожалению, отсутствуют у многих судей.

С большим сожалением следует подчеркнуть, что молодые специалисты, выпускники Академии физической культуры и спорта, и других учебных заведений, не обладают специальными теоретическими знаниями, и практическими умениями в системе профессиональной подготовки спортивных судей.

Одним из важнейших документов по совершенствованию физической культуры и спорта, и в частности, судейства спортивных соревнований, явилось Постановление ЦК ВКП(б) от 27 декабря 1948 года «О ходе выполнения Комитетом физической культуры и спорта при Совете Министров СССР директивных указаний партии и Правительства о развитии массового физкультурного движения в стране, и повышении мастерства советских спортсменов».

Это Постановление позволило принятие уникальных нормативно-правовых документов в судействе спортивных соревнований. Одним из таких документов явился приказ Комитета физической культуры и спорта при Совете Министров СССР от 10 июня 1954 года №200 «О мерах по улучшению работы судейских коллегий и судьям по спорту» [1].

Этот приказ внедрил архиважное решение Постановления ЦК ВКП(б) - обеспечение спортсменам СССР лидерского положения на Международных спортивных соревнованиях и успешное выступление на Олимпийских играх и наряду с вышеуказанными сделан глубокий анализ, и давал соответствующую оценку в практике судейства спортивных соревнований, что не потеряло свою значимость по сей день.

Таким образом, в бывшем СССР сложилась собственная система судейства спортивных соревнований, в основе которой заложено воспитательное значение спортивных соревнований, справедливость спортивных судей, позволяющей повысить роль в деле воспитания спортсменов, в духе предъявляемых требований нравственности и этики.

В тоже время, наряду с вышеуказанными в деятельности спортивных судей наблюдались недостатки, оказавшие свое влияние на качество организации и проведения многих спортивных соревнований, уменьшавших их воспитательную значимость и повышения спортивного мастерства.

В свою очередь, республиканский Комитет по физической культуре и спорта при Совете Министров Киргизской ССР, а также областные и городские комитеты спортивные общества не уделяли необходимого внимания делу подготовки и выдвижение новых, талантливых спортивных судей, крайне слабо осуществляли контроль за деятельностью коллегий судей, явившегося одной из основных причин допущения серьезных упущений и недостатков в работе спортивных судей.

Из-за указанного по многим международно-признанным и национальным видам спорта сложилась такая обстановка, когда уровень и качество судейства спортивного соревнования не отвечали предъявляемым требованиям в повышении спортивного мастерства спортсменов. Недостаточность необходимой строгости, объективности в принятии решений, наличие равнодушного отношения толкованию правил соревнований способствовали к уменьшению их воспитательной значимости.

Отсутствие критики и самокритики в судейской деятельности способствовали к тому, что явно допущенные недостатки и упущения в деятельности спортивных судей не устранялись, что впоследствии создавало обстановку самоуверенности, самоуспокоенности. Многие спортивные судьи по спортивной борьбе куреш перестали заниматься над улучшением своей профессиональной подготовленности, способствовали появлению зазнайства, высокомерия, снижению целенаправленности поведения, чувства ответственности за выполнение своего профессионального долга перед общественностью.

Недостаточность необходимой требовательности со стороны Агентства по делам молодежи, физической культуры и спорта при Министерстве культуры Кыргызской Республики, Федерации спортивной борьбы куреш, судейских коллегий приводят к многочисленным показателям, когда квалифицированные спортивные судьи умышленно уклонялись от организации и проведения квалификационных отборов, тем самым наносят непоправимый вред всемирному развитию спортивной борьбы куреш и профессиональному повышению спортивных судей из числа молодежи.

Имеет место и такие не позволительные случаи, не которые руководители физкультурных организаций и учреждений прилагают усилия, чтобы использовать свое административное положение для того, чтобы оказать свое влияние на решение судей, не испытывая при этом сопротивления со стороны судейских коллегий спортивных соревнований [2].

Соответствующие организации и учреждения физической культуры и спорта, как правило, крайне недостаточно используют существовавшую в бывшем СССР перспективную систему присвоения судьям по спорту, соответствующих судейских категорий, которая при грамотном ее использовании являлась эффективным средством, ориентирующим общественную активность спортивных судей, и постоянную их работу над улучшением собственной профессиональной квалификации, и естественно его личностного качества [3].

Так, например, по республике в 1976 году впервые республиканская категория была присвоена лишь Х.Ф. Анаркулову, а в 1977 году Т. Асанкулову [4]. Затем в долгое время такая категория не присваивалась. К сожалению, в данное время это проблема выпало из поля зрения соответствующих организаций и учреждений, т.е. наблюдается самотек.

Необходимо отметить, предъявляемые требования на присвоение квалификации судьи республиканских категорий являлись одним из наиболее трудно выполнимых.

Судья – кандидат должен был быть главной судьей первенства или кубка, или чемпионата, или спартакиады Республики.

Присвоение спортивным судьям следующих судейских категорий осуществлялось в основном без соответствующего рассмотрения предполагаемого лица на совещаниях судей и в ряде случаев носил формальный характер. Также слабо организовался обмен опытом деятельности ведущих спортивных судей, и приобщение к судейству спортивных соревнований квалифицированных курешистов.

Агентство по делам молодежи, физической культуры и спорта при Министерстве культуры Кыргызской Республики не всегда обращал внимания спортивным судьям, что их роль как организаторов спортивных соревнований возлагает на них особо важные и более ответственные задачи: воспитания спортсменов и привития им соответствующих нравственно- патриотических качеств, и чувств в деле повышения роли спортивных соревнований как эффективного средства пропаганды и агитации кыргызских национальных видов спорта и игр в повышении спортивного мастерства курешистов.

Эти задачи предъявляли требования к спортивным судьям: принципиальности, справедливости, объективности, решительности при принятии соответствующих решений, систематической работы над улучшением своей профессиональной подготовленности, знания и осознания. Правила и умения грамотно разъяснять их тем самым рассматривая правила не как « не сдвигаемая точка», а как руководство к исполнению в условиях спортивного поединка курешистов. Наряду с высокой принципиальности спортивные судьи должны решительно вести борьбу с проявляемыми случаями недисциплинированности, грубости, неуважения курешистов к своему сопернику и оперативно реагировать на запрещенные в правилах соревнований тактико- технических действий.

В настоящее время в общероссийском классификаторе профессии рабочих, должностей служащих и тарифных разрядов, утвержденных Постановлением Госстандарта РФ от 26 декабря 1994 года №367, числятся профессия – судья по спорту, к великому сожалению, такая профессия в Кыргызской Республике не значится [5].

Профессиональная деятельность спортивной судьи по спортивной борьбе куреш- чрезвычайно сложное и крайне ответственное, присуще выраженной своеобразностью, проходить в условиях ограниченного времени и оказывающих постоянные помехи со стороны преподавателей-тренеров, болельщиков, зрителей и самих спортсменов [6]. Решение данной архиважной педагогической проблемы способствует более грамотно подходить и успешно решить задачи, непосредственно связанные с Законом Кыргызской Республики «О кыргызских национальных видов спорта и игр», подготовкой высококвалифицированных спортсменов, спортивных резервов духовно богатой, морально чистой, физически совершенной молодежи, формирование здорового образа жизни, продления активного трудового долголетия и отбор, педагогическое сопровождение и профессиональная подготовка спортивных судей.

Анализ данных, полученных из источников исследовательской работы предопределили разработку рекомендаций по возрождению, повышению и совершенствовании профессиональной деятельности в спортивном судействе кыргызской национальной спортивной борьбы куреш.

В профессиональную подготовку спортивных судей следует проводить целенаправленно – системно по следующим направлениям:

- профессиональная ориентация, отбор и селекция лиц, имеющих склонности и способности к такому необычному виду человеческой деятельности;

- профессионально – ориентированная подготовка спортивных судей.

В систему целенаправленной профессиональной подготовки и переподготовки спортивных судей необходимо включать планомерно организованный образовательный процесс с глубоким изучением основы теории и методики спортивного судейства, психоло - педагогическое своеобразие личности судьи и его побуждения, знание государственного и иностранного языка, состояние двигательной, физической и тактико-технической, психологической подготовленности, систему осуществления контроля и самоконтроля профессиональной подготовки и механизмы обеспечивающие, и способствующие эффективность деятельности спортивной судьи.

**Выводы:**

1. Определено нормативно- правовая основа спортивных соревнований по спортивной борьбе куреш и подготовка профессиональных, компетентных спортивных судей, нуждается в глубоком системном, осмысленном совершенствовании методики и тактики;

2. Установлено, что процесс подготовки и проведения судейства спортивных состязаний спортивными судьями базируется на основе системы спортивной тренировки путем изучения правил соревнований, психолого-педагогических дисциплин, освоением знаний, умений и навыков грамотного, профессионального, объективного и справедливого действия, и личных качеств, и практического опыта.

**Список литературы:**

1. **Саралаев, М.К.** Физическая культура и спорт в Кыргызской Республике [ Текст] / М.К. Саралаев, С.С.Азизбаев. – Бишкек: КГАФКиС, 2004. – 287 с.
2. **Узакбаев, И.С.** Педагогическое обоснование принципов и закономерностей построения годичного цикла спортивной тренировки в видах единоборств [ Текст] / И.С. Узакбаев, Т.С. Разыков, Н.К. Матазимов // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2018.- №1. - 111с.
3. **Кунянский, В. А.** О судьях и судействе [ Текст] / В. А. Кунянский. –М. : Спорт академия пресс, 2012. - 9с.
4. **Шарабакин, Н.И.** Умственное воспитание на занятиях физической культурой [ Текст] / Н.И.Шарабакин, Х.Ф.Анаркулов // Актуальные вопросы физической культуры и спорта. – Фрунзе, 1985. – С. 12-13.
5. **Будогосский, А.Д.** Организационно-педагогические аспекты построения процесса профессиональной подготовки футбольных рабитров начальной категории [ Текст]: автореф. дис.…канд. пед. наук: 13.00.08 / А.Д.Будогосский. – Москва, 2008. – 22 с.
6. Кыргызские национальные виды спорта: правила соревнований [ Текст]. – Б.: Мектеп, 2000. – 15 с.
7. **Узакбаев, И.С.** Подготовка допризывной молодежи к службе в вооруженных силах [ Текст] / И.С. Узакбаев, Т.С. Разыков // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2017.-№1 – 80с.

DOI:10.54834/16945220_2021_1_162

Поступила в редакцию 03. 03. 2022 г.

**УДК: 372.882(575.2) (04)**

***Акматова У.Ж.***
*преп. Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# АДАМДАРДЫН ОРТОСУНДАГЫ КАРЫМ-КАТНАШТА ТОЛЕРАНТТУУЛУКТУН МААНИСИ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети катары-педагогика, философия, социология, тектеш илимдерге таянуу менен коомдун өнүгүүсү үчүн жаштарды толлеранттуулукка тарбиялоонун зарыл шарты каралды. Толеранттуулукту тарбиялоо көйгөйүндө заманбап көз караштарды аныктоодо адамдар ортосундагы кечиримдүүлүк, чыдамдуулук, сабырдуулук касиеттери жөнүндөгү көз караштарды ачып берүү максат кылып коюлган. Бул изилдөөдө суроо-жооп, анализ, талдоо усулдары колдонулду. Толеранттуулук – адамдарга карата баалуулук мамилеге негизделген, аларга ылайык адам өзүнүн жеке турмуштук позициясына ээ болуу менен өзгөлөрдүн өзүнөн айырмалуу кабылдоосун, ой жүгүртүүсү жана маданиятын арттыруу ошондой эле адамдардын ултуна,кесипкөйлүгүнө, майыптуулугуна, же болобосо туткан динине карабай мамилелешүү керектиги көрсөтүлдү. Орто кесиптик окуу жайлардын студенттеринин толеранттуулугун жогорулатууда,адамдардын ортосундагы карым-катнашуу аркылуу жаштар арасында бири-бирине жакшылык кылуу,ынтымакта жашоо,адамдарды улуту боюнча бөлбөө,жалпы адамдарды урматтоо жана башка сапаттарын калыптандыруу зарыл экендиги белгилүү болду. Жалпы билим берүү мекемелеринде, кесиптик колледждерде жана жогорку окуу жайларда окуу жараянын уюштурууда колдонсок жакшы жыйынтык берээри тастыкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *толеранттуулук; когнитивдик; методология; резолюция; дефиницияларын аныктоо; коммуникация; интегративдик; динамикалуу.*

# ВАЖНОСТЬ ТОЛЕРАНТНОСТИ В ЧЕЛОВЕЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЯХ

*В данной статье рассматривается, как предмет исследования-педагогика, философия, социология, необходимо для развития общества воспитывать молодежь. При определении современных взглядов на проблему воспитания толерантности ставилась цель раскрыть представления о качествах межличностного прощения, терпимости, терпимости. В этом исследовании использовались методы вопросов и ответов, анализа, анализа. Толерантность-ценностное отношение к людям, в соответствии с которым показано, что человек должен иметь свою личную жизненную позицию и развивать восприятие, образ мышления и культуру, отличные от собственных, а также относиться к людям независимо от их национальности, профессионализма, инвалидности или вероисповедания. Стало известно,что в повышении толерантности студентов средних профессиональных учебных заведений,через межличностное общение среди молодежи необходимо формировать качества доброго друг друга,мирного сосуществования,непризнания людей по национальности, уважения к людям в целом и другие. Было подтверждено, что применение в организации учебного процесса в общеобразовательных учреждениях, профессиональных колледжах и высших учебных заведениях даст хорошие результаты.*

***Ключевые слова:*** *толерантность; когнитивная; методология; разрешение; определение дефиниций; коммуникация; интегративная; динамическая.*

# THE IMPORTANCE OF TOLERANCE IN HUMAN RELATIONSHIPS

*This article examines how the subject of research is pedagogy, philosophy, sociology, it is necessary to educate young people for the development of society. When determining modern views on the problem of tolerance education, the goal was to reveal the ideas about the qualities of interpersonal forgiveness, tolerance, tolerance. In this study, the methods of questions and answers, analysis, analysis were used. Tolerance is a value attitude towards people, according to which it is shown that a person should have his own personal life position and develop a perception, way of thinking and culture different from his own, as well as treat people regardless of their nationality, professionalism, disability or religion.It became known*

*that in increasing the tolerance of students of secondary vocational educational institutions, through interpersonal communication among young people, it is necessary to form the qualities of kind to each other, peaceful coexistence, non-recognition of people by nationality, respect for people in general, and others. It was confirmed that the application in the organization of the educational process in general education institutions, vocational colleges and higher educational institutions will give good results*

***Key words:*** *tolerance; cognitive; methodology; resolution; definition of definitions; communication; integrative; dynamic.*

Адам өз турмушунда ар кандай улуттун, маданияттын дүйнөлөрдүн, конфессиялардын, социалдык катмарлардын өкүлдөрү менен байланышат, андыктан, өзүнүн, ошону менен бирге эле өзгөлөрдүн да маданий баалуулуктарын, динин сыйлаганды үйрөнүү, байланышуу чекиттерин табуу абдан маанилүү. Мындан тышкары толеранттуулук инсандык сапат катары күтүлбөгөн жагдайларга ийгиликтүү ыңгайлашуу үчүн зарыл болуп эсептелет. Толеранттуулукка ээ болбогон адамдар категориялуулукту көрсөтүү менен, бизден турмуш талап кылган өзгөрүүлөргө жөндөмсүз болушат.

Толеранттуулук – бул биздин дүйнөнүн маданияттарынын бай көп түрдүүлүгүн, адамдык индивидуалдуулукту жана өзүн көрсөтө билүү ыкмаларын жана формаларын кабылдоо жана туура түшүнүү, сый-урмат менен мамиле жасоо.

«Толеранттуулук» түшүнүгүнүн маңызын жана мазмунун чагылдыруучу эл аралык алгачкы документ катары «Толеранттуулук принциптеринин декларациясы («Декларация принципов толерантности») эсептелет, ал Бириккен Улуттар уюмунун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча (ЮНЕСКО) 1995-жылы 16-ноябрда болуп өткөн Башкы конференциясында резолюция катары кабыл алынган. Толеранттуулукту дүйнөнүн жана бардык элдердин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн маанилүү принциби эле эмес, зарыл шарты катары да жарыялоо менен, ал толеранттуу жүрүм-турумдун нормаларын социалдык практикада калыптандыруунун жана жайылтуунун маанилүү экендигин далилдеп турат. 16-ноябрь толеранттуулукка арналган Эл аралык күн катары белгиленүүсү кокусунан келип чыккан эмес.

Толеранттуулук – кызыкчылыктарында мүмкүн болгон айырмачылыктарга, тең укуктуулукка, кызматташууга, бири-бирин сыйлоосуна карабастан, айланасындагылардын көз карашын сыйлоо, кабылдоо жана туура түшүнүү. Адамдардын бири-бирине болгон толеранттуулугу карым-катнаш процессинин бардык субъектилерин түшүнүү, кабыл алуу жана кабылдоодо, ачык баарлашууда, инсанды сыйлоодо, толеранттуу инсанды тарбиялоо жөндөмдүүлүгү аркылуу көрүнүп турат.

Толеранттуулукту психологиялык-педагогикалык феномен катары кароо траекториясын төмөнкүдөй иретте аныктайбыз: толеранттуулук түшүнүгүнүн маңызын ачып берүү, ар кандай негиздер боюнча толеранттуулуктун түрлөрүнүн классификациясын изилдөө, инсандар ортосундагы мамлелерде, анын ичинде педагогикалык процессте толеранттуулуктун көрүнүшүн изилдөө, анын дефиницияларын аныктоо. «Толеранттуулук» термининин келип чыгышына, анын маңызына көңүл бурабыз. Маңыз методологиялык категория катары предметтин калган бардык дүйнөдөн, окшош маанилик категориялардан айырмасын аныктап турат [1]. Андыктан толеранттуулуктун дефинициясын аныктоодо, алгач, ага тектеш «чыдамкайлык» термининен негизги айырмачылыктарын карап, андан соң аталган феномендин көрүнүшүнүн мүнөздөмөсүн изилдейбиз. Философиялык ойлор тарыхындагы толеранттулук түшүнүгүнүн

эволюциясынын анализи Кайра жаралуу дооруна тиешелүү окумуштуулардын эмгектеринде алгачкы түшүндүрмөлөрдүн болгондугун көрсөтүп турат. Терминдин өзү католиктер менен протестанттар ортосундагы диний согуштардын жүрүшүндө келип чыккан. Бул узакка созулган кагылышуулар Европадагы философиялык ойлорго олуттуу таасирин тийгизген [2]. Андан ары карай толеранттуулук феноменин активдүү изилдөө XX кылымдын экинчи жарымына – XXI кылымдын башына туура келет. Бул маселеге карата кызыгуунун туулушунун фактысы катары, биринчи кезекте, Европанын полимаданий аймактарындагы инсандар аралык мамилелердеги маселелерди айтууга болот.

1995-жылы кабыл алынган ЮНЕСКОнун толеранттуулук принциптеринин Декларациясынын биринчи макаласында минтип айтылат: «Толеранттуулук – бул биздин дүйнөлүк бай маданияттарыбыздын, адам жашоосунун формаларынын жана жолдорунун түрдүүлүгүн сыйлоо, кабылдоо жана жогорку баа берүү. Аны билим, ачык-айрымдуулук, коммуникация жана ойдун эркиндиги, ыйман жана ишеним аркылуу тарбиялоого болот. Толеранттуулук – бул айырмачылыктардагы шайкештик (гармония). Аны биз моралдык милдет катары эле эмес, саясий жана укуктук талап катары да кабыл алышыбыз керек. Толеранттуулук тынчтыкты түзүүгө умтулган мээрман катары согуш маданиятын тынчтык маданияты менен алмаштырууга салым кошот. Толеранттуулук жеңилип калуу, басынуу же шыкак берүү эмес, бул - адамдын универсалдык укуктарын жана эркиндигин таануунун негизинде калыптануучу чындыкка карата активдүү мамиле».Сабырсыздыктын алдын алуунун натыйжалуу каражаты катары толеранттуулук менталитетин тарбиялоо жана калыптандыруу эсептелерин баса белгилеп кетүү зарыл. Мына ушуга байланыштуу, адамдардын мамилелеринде толеранттуулукту тарбиялоо, толеранттуулук менталитетин калыптандыруу – XXI кылымдагы билим берүүнүн эң маанилүү милдеттеринин бири болуп эсептелет деп айтууга болот.

Толеранттуу аракеттенген адам үчүн «башкалар» кандай аракеттенип жатканын элестетүү жана сезүү абдан маанилүү, мына ушунун негизинде алардын динге жана маданий өзгөчөлүктөргө эле эмес, жашоонун башка бардык жактары менен байланышкан аракеттери жана чечимдери да негизделген. Толеранттуулукту түшүнүүдөгү бул өзгөрүү учурда колдонулуп жаткан «толеранттуулук» жана «чыдамдуулук» түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылыкты баса белгилейт. Биздин түшүнүгүбүздө толеранттуулукту бул өңүттө кабыл алуу адамдардын көз карашындагы, дүйнө таанымындагы айырмачылыктарга карабастан, башкалардын укуктарын сыйлоо жана таануу менен натыйжалуу карым-катышуу түзүү жана диалог куруу мүмкүнчүлүгүнө жол ачат. Толеранттуулукка каршы кайдыгерлик катары моралдык релятивизм эсептелет, бул учурда адам эмне менен байланышса, дээрлик бардыгын өздөштүрүп кабыл алат. Мындай мамиленин мисалы катары балдарынын туура эмес жорук-жосундарына кош көңүл мамиле жасаган ата-энелерди айтууга болот [3]. Толеранттуулук «өзүндүн» көз карашыңа дал келбегендин баары априордуу түрдө жамандыкка айланат дегенди билдирген жөн гана макул болгон сабырдуулукка караганда натыйжалуу жашоо үчүн маанилүү сапат болуп эсептелет.Ошентип, толеранттуулуктун маңызын ачып берүүдө кайдыгерлик продуктивдүү болуп эсептелбей тургандыгын баса белгилеп кетмекчибиз.

Толеранттуулук бири-бирин түшүнүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу катары түшүндүрүүчү мамиле да коомдогу ажырымдыкка алып келет. Башка бирөөгө карата сый мамиле болгон учурда да түшүнүүгө мүмкүн эместиктин болушу баарлашуунун мүмкүн

эместигине алып келет. Толеранттуулук өзүнүн табияты боюнча башка маданиятты, адамдарды аракеттендирүүчү мотивдерди, алардын максатын түшүнүү мүмкүнчүлүгүн билдириши керек. Өз маданиятынын артыкчылыгы тууралуу, өзүнүн жеке көз карашы гана туура деген түшүнүк, албетте толеранттулукту башкаларга карата боору оору катары кабылдайт. Мындай мамиле «өзүнүн» тобунан айырмаланган адамдарды алсыз, толук кандуу эмес, боору ооруган, камкордук көрө турган абалга алып келет. Бирок учурдун чындыгы ушундай, баалуулуктардын бир системасы, бир маданият экинчисинен артыкчылыктуу деген кандайдыр бир иерархияны куруу мүмкүн эмес.




1-сүрөт- Кластер аркылуу инсандар ортосундагы карым-катнашты байланыштырып туруучу толеранттуулук сапаттардын көрсөтүлүшү.

Демек, толеранттуулук, ошол толеранттуулукту көрсөтүп жаткан адамдын, адамдардын тобунун көз карашынан алганда, алсыздарга боору оору жана жек көрүү менен мамиле кылууга негизделбеши керек. «Толеранттуулук – башкалардын пикирине жана аракеттерине пассивдүү табигый эмес баш ийүү эмес; чыдамдуулук менен баш ийип берүү эмес, бири-бирин түшүнүү үчүн чыдамдуулукка карата активдүү адептик позициясы жана психологиялык даярдыгы…». Толеранттуулук активдүү адептик позицияда, башка чөйрөнүн, анын ичинде маданий, улуттук, этникалык, диний, социалдык жана башка өкүлдөрү менен диалог курууга көрсөтмөлөрдө ачык байкалат [4].

Толеранттуулукту натыйжалуу диалог куруунун негизи катары кароо инсандын баалуулук негизге ээ болгон кандайдыр бир сапаты катары аныктоого мүмкүндүк берет, ага ээ болуу социалдык ишмердикти ишке ашыруу үчүн зарыл. Мындай жеке сапат субъекттин ишмердигинде көрүнүп турат жана адамдын жүрүм-турумунун жана жашоосунун бардык аспектилеринде мааниге ээ.Заманбап дүйнөдө глобалдашуу процесстеринин күч алышы, адамдардын ар кандай коомдорунун аянты жана тереңдигинин кеңейиши, бардык социалдык процесстердин динамикасынын ылдамдатылышы толеранттуулуктун социалдык талап кылынышын аныктап турат. Толеранттуулук инсандын адаптогендик сапаттарынын бири катары мында эки ролду аткарууда: бир жагынан, кагылышуусуз

ишмердикти камсыздоочу универсалдуу аспап катары кызмат кылса, экинчи жагынан – калыптандыруу жана өнүктүрүү объектиси болуп эсептелет [4].

Толеранттуулук – адам өзүнүн жашоодогу жеке позициясына ээ болуу менен өңгөлөрдүн башкача кабылдап, ой жүгүртүп, аракеттенүү укугун сыйлайт жана кабылдайт, көп түрдүүлүктүн баалуулугун көрөт, ошондой эле башка көз караштарды эске алуу менен карым-катышууларды түзүүгө даяр болуусуна ылайык, адамдарга карата баалуулук мамилелерге негизделген, айланасындагылар менен карым-катышууда адептик принцип катары көрүнүүчү субъекттин интегративдик динамикалык жеке сапаты. Ошентип, адамдар ортосундагы карым-катышта толеранттуулуктун көрүнүшүн изилдөөлөрдү жалпылоо менен, анын продуктивдүүлүгүнө өбөлгө түзүүчү төмөнкүдөй аспектилерди белгилеп кетмекчибиз [7].

- Когнитивдик, анын ичинде маданий тажрыйбаны өздөштүрүү жана өткөрүп берүү;
- Аксиологиялык, ар кыл маданияттардын жана дүйнөлүк ар түрдүүлүктүн баалуулуктарын түшүнүү;
- Акмеологиялык, субъекттин өз аң-сезимин, өзүн өзү идентификациялоосун калыптандыруу, белгисиздик кырдаалындагы психологиялык туруктуулук;
- Эмоционалдык-эрктик;
- Ишмердиктик: социалдык мобилдүүлүктү күчөтүү, инсанга бөтөн социалдык чөйрөгө интеграциялануусуна мүмкүндүк берүүчү карым-катыштын адаптогендик ыкмаларын өнүктүрүү.

Макаланын жыйынтыгында көйгөйлөрү жана маселелери көп коомдун өнүгүүсүнүн учурдагы тенденцияларын эске алганда, билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын толеранттуулугун тарбиялоо зарыл экендиги аныкталды. Толеранттуу личностту тарбиялоону билим берүү процессинин максаты жана натыйжасы катары толеранттуу мамилелерди адам ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөлөрүнө жайылтуу, анын натыйжасы катары, бүгүнкү коомдун жашап кетиши жана ийгиликтүү өнүгүшү белгиленди [5]:

- коомдун туруктуулугун жана адамдардын тынчтыкта жашоосун камсыздоочу моралдык принцип, баалуулук – бул толеранттуулук сапат экендиги(философиялык түшүндүрмө);
- жагымсыз факторго карата билинер-билинбес аракет кылуу, субъект үчүн анын маанисинин төмөндөшүнүн натыйжасы катары социалдык кыжырданууга карата курч таасирленүүнүн азайышы (психологиялык аспект);
- кыжырданууга карата сезимталдыктын төмөндөшү жана ага көнүү (медициналык аспект);
- ар кыл баалуулуктарга ээ социалдык топтордун конструктивдүү карым-катышы, диний жана саясий багыттары (социология) эсептелинет.

**Жыйынтыктар:**

1. Биздин изилдөөбүздүн жыйынтыгында өсүп келе жаткан жаш муундардын арасында толеранттуулук сапаттарын арттырууда адам баласынын улутуна, кесиптүүлүгүнө, түсү жана жынысына же кемчилдигине карабай өзүнүн көз карашынан өзгөчө болгон түшүнүктөрдү кабылдоосу, ой жүгүртүүсү жана маданиятын арттыруу

ошондой эле адамдарды бардык тараптан тең укуктуу экендигин сактоо керектиги көрсөтүлдү;

2. Мында - адам өзүнүн жашоо турмушунда ар кыл улуттардын, социалдык катмарлардын, дүйнө өкүлдөрү менен баарлашуу,мамилелешүү, алакалашуу ошондой эле башка көз караштарды эске алуу менен карым-катышууга даяр болгон, айланасындаргылар менен кадырлашып, урматташып биргеликте жашоого көнүгүү, адептик динамикалуу жеке сапаттарга ээ экендиги ырасталды. Жалпы билим берүү мекемелеринде, кесиптик колледждерде жана жогорку окуу жайларда окуу процессин уюштурууда колдонсок жакшы жыйынтык берээри тастыкталды.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Жердева, Н.Н.** Толерантность: проблемы осмысления в современной науке [Текст] / Н.Н.Жердева // Вестник.- Ставрополь, 2009.-№61.- С. 76 - 81.
2. **Карабалаева, Г.Т.** Роль семейного воспитания в формировании толерантности в педагогической культуре кыргызского народа [Текст] / Г.Т. Карабалаева, А.С. Баялиева // Вопросы педагогики. – Москва, 2018. - С. 84-87.
3. **Осипова, С.И.** Генезис сущности и содержания понятия «Толерантности» [Текст] / С.И.Осипова, А.И. Богданова // Сибирский педагогический журнал. – Сибирь: СПЖ, 2011. - 114 с.
4. Декларация принципов толерантности [Электрондук ресурс]: [Текст] / Жеткиликтүүлүк режими: tpy/www.un.org/iH/documents/dec Lconv/ declarations/ toleranc (кайрылган дата: 07.10.2014).
5. **Акматова, У.Ж.** Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө толеранттуулукту тарбиялоо көйгөйүнө азыркы көз караштар [Текст] / У.Ж Акматова // Наука.Образование.Техника.- Ош:КУУ, 2020.- №3.- С. 86-92.
6. **Асмолов, А.Г.** На пути к толерантному сознанию [Текст] / А.Г. Асмолов // Смысл.- Москва, 2000. - 255 с.
7. **Акматова, У.Ж.** Студенттерди толеранттуулукка тарбиялоодо элдик педагогиканы колдону [Текст] / У.Ж Акматова.- Б.: КНУ, 2019.- С. 129-135.
8. **Акматова, У.Ж.** Чынгыз Айтматовдун чыгармаларындагы элдик педагогика менен тарбиянын айкалыштары [Текст] / У.Ж. Акматова // Наука.Образование.Техника.- Ош: КУУ, 2018.- № 1.- С.81-88.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_168

Поступила в редакцию 10. 03. 2022 г.

**УДК: 372.882(575.2) (04)**

***Акматова У.Ж.***

*препод. Кыргызско-Узбекского Междун. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# КОЛЛЕДЖДИН СТУДЕНТТЕРИНДЕ ТОЛЕРАНТТУУЛУКТУ ЖОГОРУЛАТУУ УСУЛДАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

*Изилдөөнүнүн предмети болуп колледждин студенттеринин толеранттуулугун жогорулатууда жаштар арасында толеранттык сапатты арттыруу жана студенттердин потенциалын күчөтүү менен окуу жайдагы жалпы жаштарды толеранттуулукка тарбиялоо жараяны каралган. Ал эми изилдөөнүн максаты болуп – толеранттуулукка тарбиялоо көйгөйүндө заманбап,көптөгөн усулдарды колдонуу менен бүгүнкү күндөгү студенттерге толеранттуулук*

*жөнүндөгү түшүнүктөрүн, көз караштарын ачып көрсөтүү саналат. Изилдөө усулдарында педагогика, философия, социология, маданият таануу жана башка ушул сыяктуу тектеш илимдерге таянуу менен коомдун өнүгүүсү үчүн жаштарды толлеранттуулукка тарбиялоо зарыл экендиги изилденген. Изилдөөнүн жыйынтыгында көйгөйлөрү жана маселелери көп коомдун өнүгүүсүнүн учурдагы тенденцияларын эске алганда, билим берүү жараянынын бардык катышуучуларынын толеранттуулугун тарбиялоо зарыл экендиги аныкталды. Макала жалпы билим берүү мекемелеринде, кесиптик колледждерде жана жогорку окуу жайларда окуу жараянында уюштурууда сунуштоого болот.*

***Негизги сөздөр:** толеранттуулук; жүрүм-турум; дүйнө таануу; методология; социалдык мобилдүүлүк; тенденция.*

## РАЗВИТИЕ МЕТОДОВ О ПОВЫШЕНИЯ ТОЛЕРАНТНОСТИ СРЕДИ СТУДЕНТОВ КОЛЛЕДЖА

*Предметом исследования является процесс воспитания толерантности среди молодежи в учебных заведениях путем повышения толерантности студентов и повышения потенциала студентов. Цель исследования – выявить взгляды и представления современных студентов на толерантность, применяя множество современных методик в проблеме воспитания толерантности. В методиках исследования изучалось, что для развития общества необходимо обучение молодежи толлеренциализму, опираясь на такие смежные науки, как педагогика, философия, социология, культурология и другие. По итогам исследования выявлено, что с учетом современных тенденций развития общества, проблем и проблем, необходимо воспитывать толерантность всех участников образовательного процесса. Статья может быть предложена при организации учебного процесса в общеобразовательных учреждениях, профессиональных колледжах и высших учебных заведениях.*

***Ключевые слова:** воспитание толерантности; педагогическое образование; методика; социальная мобильность; предписывающая; описательная.*

## DEVELOPMENT OF METHODS ABOUT INCREASING TOLERANCE AMONG COLLEGE STUDENTS

*The subject of the study is the process of fostering tolerance among young people in educational institutions by increasing the tolerance of students and increasing the potential of students. The purpose of the study is to identify the views and ideas of modern students on tolerance, using a variety of modern techniques in the problem of tolerance education. In the research methods, it was studied that for the development of society it is necessary to teach young people tollerentialism, relying on such related sciences as pedagogy, philosophy, sociology, cultural studies and others. According to the results of the study, it was revealed that taking into account the current trends in the development of society, problems and problems, it is necessary to foster tolerance of all participants in the educational process. The article can be offered when organizing the educational process in general education institutions, professional colleges and higher educational institutions.*

***Keywords:** tolerance education; pedagogical education; methodology; social mobility; prescriptive; descriptive.*

Акыркы жылдары Кыргызстанда социалдык-экономикалык, ошондой эле социо-маданий өңүттө өтө олуттуу өзгөрүүлөр болууда. Коомдун учурдагы абалы глобалдашуу, социалдык мобилдүүлүк, миграция, бардык деңгээлдердеги маданий байланыштардын өнүгүшү, дүйнөлүк жалпы маалыматтык мейкиндиктин түзүлүшү, баалуулук багытталуулардын кескин өзгөрүүсү сыяктуу процесстер менен мүнөздөлүүдө. Ошону менен бирге эле, этностор аралык агрессиянын, маданий келишпестиктин, диний жана этникалык экстремизмдин жогорулашы байкалууда.

Белгилей кетүүчү нерсе, толеранттуу жүрүм-турумду жогорулатууда башкы роль социалдык институттарга, биринчи кезекте билим берүү уюмдарына таандык, бул

инсандын өзүн-өзү өстүрүүсүнө, анын мүнөзүнө жана дүйнө таанымына түздөн-түз таасир этет [1].

Заманбап педагогикалык жараяндар аларга таасир этүүчү факторлордун жана ишке ашыруу шарттарынын кайталангыс айкалышына байланыштуу өзүнүн татаалдыгы жана динамикалуулугу менен айырмаланып турат. Андыктан педагогикалык жараяндар тууралуу алынган илимий билимдердин объективдүүлүгү аларды изилдөө методологиясын тандоо менен аныкталып турат. Илимий таанып билүү теориясында «методологиялык мамиле» изилдөөчүнүн белгилүү бир дүйнө таанымдык көз карашына туура келет. Педагогикада методологиялык мамиле автордук көз караштын, түшүнүктүн жана педагогикалык көрүнүштөрдү түшүндүрүүсүнүн моделин берет. Учурда педагогикалык изилдөөлөрдүн авторлору тарабынан ар кандай усулдук мамилелер колдонулуп жүрөт. Андыктан педагогикалык жараяндарды изилдөөгө карата изилдөөнүн максаты катары заманбап усулду, мамилелерге теориялык илик жүргүзүүнү тандап алды [2].

Ишмердиктин биринчи түрүнүн милдети – педагогикалык илимдерди анын практикасына, педагогикалык изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу принциптерине, ошондой эле алардын деңгээлдик түшүнүктөрүн жана усулдарын иликтөөгө байланыштуу өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана тенденцияларын аныктоо. Изилдөөнү методологиялык камсыздоо – изилдөө программасын негиздөө жана ал качан жүргүзүлүп, качан аяктагандыгын, анын сапаттарын баалоо үчүн болгон методологиялык билимдерди колдонуу. Аталган айырмачылыктар менен педагогикадагы методологиянын эки функциясын бөлүп кароо шартталган – *дескриптивдик,* башкача айтканда сүрөттөөчү, мында объектинин теориялык сүрөттөлүшүн калыптандыруу да каралган, жана *прескриптивдик* –педагог-изилдөөчүнүн иши үчүн багыт түзүүчү нормативдик. *Дескриптивдик* методология илимий билимдердин түзүлүшү, илимий таанып билүүнүн мыйзам-ченемдүүлүктөрү тууралуу окуу катары изилдөө процессинде багыттоочу кызматты аткарат, ал эми *прескриптивдик* болсо, ишмердикти жөнгө салууга багытталган

Изилдөөнүн негизги усулдарынан катарында биз төмөнкү усулдарды пайдаландык: теориялык – философиялык, педагогикалык, психологиялык, социалдык, маданий адабиятты, изилдөө темасы боюнча нормативдик-укуктук базаны иликтөө, теориялык моделдөө усулу; атайын орто окуу жайларда толеранттуу тарбияны уюштуруу маселелери боюнча тажрыйбаны иликтөө; эмпирикалык усулдар – байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, анкета жүргүзүү, студенттер жана окутуучу курам менен аңгемелешүү, колледждин документтерин жана иш пландарын иликтөөгө алуу; педагогикалык эксперименттин усулу, изилдөө натыйжаларын иштеп чыгуунун математикалык жана статистикалык усулдары. Бул усулдардын баары колледждин (ЖОЖдун) студенттеринин толеранттулугун калыптандыруу (жогорулатуу) маселесинин абалын изилдөө үчүн колдонулган.

*Моделдөө усулу,* айрым бир объектилердин башка бир объектиге аларды изилдөө үчүн атайын түзүлгөн мүнөздөмөсүн көрсөтүүсү. Моделдөө усулунун алкагында модель деп оригиналдын маанилүү айрым касиеттерин көрсөтүп туруучу, аны изилдөө аталган объект тууралуу жаңы маалымат бере турган объектилердин же белгилердин системасын түшүнүүгө болот [3]. Моделдөө усулу реалдуулукта өзү же анын айрым бир сапаттары кайсы бир себептерден улам болбогон көрүнүштөрдү, процесстерди же объектилерди жаңылоо максатында заманбап илимий жана практикалык педагогикада кеңири колдонулат. Моделди долбоорлоонун натыйжасында жаңылоо же жакшыртуу максатында

көрүнүштүн же объектинин түзүмдүк компоненттерин иликтөөгө алууга жана аныктоого болот.

Биздин изилдөөлөрүбүздө педагогикалык колледждин студенттеринин толеранттуулугун калыптандыруу үчүн анын теориялык модели иштелип чыккан. Теориялык моделдин маңызы педагогикалык колледждин студенттеринин толеранттуулугун калыптандырууга өбөлгө түзүүчү педагогикалык шарттарды аныктоону жана негиздөөнү иштеп чыгууда жатат. Теориялык модель төмөнкү компоненттерден турат: максаттык (белгиленген процесске жетишүү максаты), теориялык (принциптер, мамилелер), мазмундук (даярдоочу-тааныштыруучу, практикалык-ишмердиктик, рефлексивдик этаптар), процессуалдык (формалар, усулдар, каражаттар), диагностикалык-натыйжалык (критерийлер, көрсөткүчтөр, процесстин натыйжасы),

алардын жыйындысы педагогикалык колледждин студенттеринин толеранттуулугун ийгиликтүү калыптандырууга өбөлгө түзөт [4].

*Эмпирикалык усулдар* катары төмөнкүлөр колдонулду:

*Байкоо жүргүзүү* – бул педагогикалык маалымат чогултуу усулу, психологиялык-педагогикалык изилдөөнүн эмпирикалык усулдарынын бири болуп эсептелет. Байкоо жүргүзүү адатта алдын ала белгиленген план боюнча байкоо жүргүзүүнүн конкреттүү объектилерин белгилеп алуунун негизинде жүргүзүлөт.

Биздин изилдөөлөрүбүздө байкоо жүргүзүүнүн жардамы менен окуу-тарбиялык ишмердик процессинде биз педагогикалык колледждин студенттеринин толеранттуулугун калыптандырууну изилдөөгө багытталган конкреттүү фактылык материалды алууну каалаганбыз.

Байкоо жүргүзүү жараянында биз *камтылган жана камтылбаган байкоо жүргүзүү деп эки топко бөлүп карадык.*

*Камтылган* байкоо жүргүзүүдө -биз студенттик тайпалардын окуу жана тарбиялык процесстеги студенттердин толеранттуулугунун калыптануусуна оң таасирин тийгизүүчү толеранттуулук, сый, чыдамдуулук сыяктуу түшүнүктөр тууралуу айтып бердик.

Ал эми *камтылбаган* -байкоо жүргүзүү жашыруун, сырттан, башкача айтканда, биз студенттин жүрүм-турумуна, башкаларга жасаган мамилелерине, канчалык алар сабырдуу жана эмпатиялкк экендигине байкоо жүргүздүк.

*Сурамжылоо усулу* – аңгемелешүү, интервью, сурамжылоо. *Аңгемелешүү* – бул жүрүм-турум мотивдерин, баалуулук багытталууну, сурамжылануучунун тынчсыздануу сезимдерин аныктоо үчүн натыйжалуу усул болуп эсептелет. Ошондой эле, мындан тышкары, биз *интервью* жүргүздүк, аңгемелешүүдөн айырмаланып, мында суроолор белгилүү тартипте, алардын толеранттуулук, толеранттуу мамиле тууралуу жалпы билимдерин аныктоо үчүн берилип, ал суроого берилген жооптор жазылып алынды.

*Анкета жүргүзүү* – анкета жүргүзүүнүн жардамы менен массалык материал жыйноо усулу. Анкеталар *ачык* (суроого жооп берүүчү), жана *жабык* (сунушталган бир катар жооптун бирин тандоо) болушу мүмкүн. Биздин анкета аралаш болду, анткени, мында суроолордун жооптору бир нече вариантка ээ болуп, ошондой эле өзүнүн көз карашын талап кылуучу суроолор да киргизилди **Мисалы:** *Силердин жамаатта кагылышуулар кантип, канчалык деңгээлде чечилет?*

1. компромисстерге баруу, келишим кылуу, макулдашуу жолу менен;
2. мамилелерди үзүү аркылуу;

3. мамилелердин салкындашы жана психологиялык жактан алыстоо;
4. же башкача (жазгыла)…

Анкета жүргүзүү студенттердин толерантуулугу тууралуу билимдерин аныктоо максатында когнитивдик (билимдик) деңгээде өткөрүлдү.



1-сүрөт- Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинде өткөрүлгөн эксперимент учуру.

*Тестирлөө* – бул усул тактыгы, жөнөкөйлүгү, жеткиликтүүлүгү, автоматташуу мүмкүнчүлүгү менен айырмаланат. Биздин изилдөөлөрүбүздө биз калыптануунун баалоонун мотивациялык, ишмердиктик, рефлекстик деңгээлдериндеги психологиялык тесттерди колдондук:

1. Толеранттык аныктоолордун деңгээлин белгилөө үчүн тест (П. Ф. Комогоров), ал стимул берүүчү материалда тигил же бул жүрүм-турумду талап кылуучу кырдаалдар келитирилгендигинин эсебинен толеранттуу карым-катышууга карата баалуулук аныктоолордун калыптануусуна баа берет [5];

2. Л.И. Дегтеванын «Сен толеранттуулукту көргөзө алдыңбы?» тести, толеранттулуктун калыптануусун – интолеранттуулукту интегративдүү динамикалык жеке сапат катары баалайт. 3. В.В. Бойконун (адаптациялык) тест-сурамжылоочусу, коммуникативдик толеранттулуктун калыптануусун, башкача айтканда баарлашууда, ишмердикте көрүнүүчү толеранттуулукка баа берет [6].

*Документтерди изилдөө* – фактылык жана эмпирикалык материалды алуу үчүн биз ата-энелер менен иш алып баруунун планы, отчеттор сыяктуу документтерди карап чыктык.




2-сүрөт- Студенттердин толеранттуулугун калыптандыруу жараянын уюштуруу модели.

Педагогикалык изилдөөлөрдө кеңири колдонулуучу дагы бир усул болуп *эксперимент* эсептелет. Эксперименттин көздөгөн максатына жараша аларды төмөнкүчө бөлүп карашат:

- *констатациялык эксперимент*, бул учурда белгилүү педагогикалык көрүнүштөр изилденет. Биздин констатациялык экспериментибизде биз студенттердин толеранттуулук билимдери (когнитивдик деңгээл) жана студенттердин коммуникативдик толеранттуулугунун деңгээли тууралуу билгибиз келди. Констатциялык эксперимент изилденүүчү маселени мүнөздөөгө мүмкүндүк берди;
- *педагогикалык эксперимент*, анын жүрүшүндө жаңы педагогикалык көрүнүштөр түзүлөт. Педагогикалык экспериментте биз психологиялык-педагогикалык дисциплиналарды жана аудиториядан тышкаркы иштерди изилдөө процессинде толеранттуулукту калыптандыруунун мазмунун, формаларын жана усулдарын ачып бердик;
- *текшерүүчү*, педагогикалык экспериментти жүргүзгөндөн кийин алынган өзгөрүүлөр, ал констатациялык эксперименттин маалыматтары менен салыштырылат. Изилдөөнүн аталган этабында педагогикалык эксперименттин педагогикалык колледждин студенттеринин толеранттуулугунун жогорулоосуна оң таасирин тийгизгенине күбө боло алдык.

Биздин изилдөөлөрүбүздө каралган жогоруда аталган бардык мамилелер жана усулдар тажрыйбалык-эксперименталдык ишти жүргүзүү үчүн негиз катары кызмат кылды, ал 3 этапта жүргүзүлүп: констатациялык, педагогикалык (калыптандыруучу) жана текшерүүчү эксперименттерди түздү. Мына ушуга байланыштуу, биздин изилдөө усулдарыбыздын жана мамилелерибиздин натыйжалуулугун жана ишенимдүүлүгүн белгилөөдө жогорку билимдүү илимдин кондидаттары жакшы сунуштарын берип кетишти [7].




3-сүрөт- Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин колледжиндеги студенттер арасында анкета, тест аркылуу эксперимент жүргүзүү учуру.

Биздин изилдөөлөрүбүздүн негизги милдеттерине ылайык, студент жаштардын толеранттуулугунун калыптануусун изилдөөгө багытталган усулдар пайдаланылды. Ушул максатта тажрыйбалык-эксперименталдык иштер жүргүзүлүп, ал: констатациялык, педагогикалык жана текшерүүчү эксперименттер 3 этапта өткөрүү жараянында, студенттердин толеранттуулук сапаттары аныкталды. Толеранттуулукту тарбиялоодо өзгөчө роль окуучу жана окутуучу тараптардын диалог түзүү жана кызматташуу процессинде окуучунун толеранттуу мамиле түзүүгө жана жүрүм-турумун даярдыгын жөндөмдүүлгүн жогорулатуу үчүн тарбия берүү мейкиндиги зор потенциалга ээ болгон ар кандай деңгээлдеги билим берүү уюмдарына берилет [8].

## Жыйынтыктар:

1. Жаштарда гумандуулук, сылыктык, толеранттуулук, өз элинин каада-салтына жана маданиятына аяр мамиле жасоо сыяктуу адептик сапаттарды калыптандыруу максатында психологиялык-педагогикалык дисциплиналарды окуп үйрөнүү процессинде, толеранттуулук тууралуу билимдерди ачып берген темаларды байытуу жана кеңири колдону зарыл экендиги аныкталды;

2. Кесиптик колледждин студенттеринин толеранттуулугун жогорулатуунун теориялык негиздерин изилдөөнүн натыйжасында педагогикалык ишмердиктин маанилүү аспектисин, жагдайларын эске алуу менен теориялык модель түзүлгөн, анын маанилик түзүмдүк компоненти катары кесиптик колледждин студенттеринин толеранттуулугун калыптандыруу максатында педагогикалык шарттар түзүлүүсү зарыл экендиги аныкталган.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Карабалаева, Г.Т.** Роль семейного воспитания в формировании толерантности в педагогической культуре кыргызского народа [Текст] / Г.Т.Карабалаева, А.С. Баялиева // Вопросы педагогики.– Москва, 2018. - С. 84-87.
2. **Асмолов, А.Г.** На пути к толерантному сознанию [Текст] / А.Г. Асмолов // Смысл.- Москва, 2000. - 255 с.
3. **Карабалаева, Г.Т.** Роль семейного воспитания в формировании толерантности в педагогической культуре кыргызского народа [Текст] / Г.Т. Карабалаева, А.С. Баялиева // Вопросы педагогики.– Москва, 2018. - Б. 84-87.
4. **Борытко, М.Н.** ЖОЖдордун студенттери үчүн окуу куралы [Текст] / М.Н.Борытко // Волгоград, 2006.- 80 с.
5. **Осипова, С.И.** Генезис сущности и содержания понятия «толерантности» [Текст] / С.И. Осипова, А.И. Богданова // Сибирский педагогический журнал.- Сибирь: НЗО, 2011.- 114 б.
6. **Акматова, У.Ж.** Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө толеранттуулукту тарбиялоо көйгөйүнө азыркы көз караштар [Текст] / У.Ж. Акматова // Наука.Образование.Техника. - Ош: КУУ, 2020.- №3.- С. 86-92.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_173

Поступила в редакцию 12. 03. 2022 г.

**УДК: 378.14:881.111.1**

*Тыныбекова Ч.А.*
*ст. преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# СТУДЕНТТЕРДИН ТААНЫП БИЛҮҮ ИШМЕРДИГИН УЮШТУРУУДАГЫ МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯНЫН ОРДУ

*Бул макалада маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу аркылуу студенттердин таанып-билүү ишмердигин уюштуруу изилдөөнүн предмети катары каралды. Ал эми инсандын таанып билүү ишмердигин уюштуруудагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын артыкчылыктарын ачып көрсөтүү – изилдөөнүн максаты болуп саналат. Изилдөөнүн жүрүшүндө талдоо, байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, аңгемелешүү, диагностикалык усулдар колдонулду. Изилдөөнүн жыйынтыгында колдонулган ыкмалар студенттердин өз алдынчалуулугун, өзүн-өзү уюштуруу чеберчилигин, өзүн-өзү баалоо жөндөмүнүн өнүгүшүнө өбөлгө боло тургандыгы аныкталды. Тажрыйбалык-эксперименттик иштердин жүрүшүндө алынган маалыматтардын анализи, биз сунуш кылган модель маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу аркылуу студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун, алардын таанып билүүдөгү өз алдынчалуулугун калыптандыруунун эффективдүү каражаты экендигин көрсөттү. Ошондой эле окуу жараянында өз алдынчалуулук көрсөткүчтөрүн жогорулатуу үчүн күчөтүлгөн тартипте иштөө зарылчылыгы белгилүү болду. Экономика багытындагы студенттерге чет тилдерин окутуу жараянында өзүн-өзү уюштурууга болгон жөндөмдөрү калыптандырылышы, аны андан нары өнүктүрүүгө сунушталган ыкманын колдонулушу максатка шайкеш келе тургандыгы тастыкталды. Макаладагы материалдар жогорку окуу жайлардын окутуучулары үчүн студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда пайданалууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *өзүн-өзү уюштуруу; чеберчилик; калыптандыруу; ишмердик; жөндөм; өнүгүү; таанып билүү.*

# РОЛЬ ИНФОРМАЦИОННО-КОММУНИКАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ОРГАНИЗАЦИИ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СТУДЕНТОВ

*В данной статье предметом исследования является организация познавательной деятельности учащихся посредством использования информационно-коммуникационных технологий. Цель исследования – выявить преимущества информационно-коммуникационных технологий в организации познавательной деятельности. В исследовании использовались аналитические, наблюдательные, опросные, интервью и диагностические методы. В ходе исследования установлено, что используемые методы способствуют развитию у студентов самостоятельности, самоорганизации, самооценки. Анализ данных, полученных в ходе экспериментальной работы, показал, что предложенная модель является эффективным средством организации самостоятельной работы студентов с использованием информационно-коммуникационных технологий, формирования у них познавательной автономии. Подтверждена целесообразность формирования навыков самоорганизации в процессе обучения иностранным языкам студентов-экономистов, а также применение предложенного метода для его дальнейшего развития. Материалы статьи рекомендуются к использовани. При организации самостоятельной работы студентов преподавателей вузов.*

***Ключевые слова:*** *самоорганизация; мастерство; формирование; мероприятия; способность; развивать; познание.*

# THE ROLE OF INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGIES IN ORGANIZING STUDENTS’COGNITIVE ACTIVITY

*In this article, **the subject** of research is the organization students’ cognitive activity using the information and communication technologies.**The aim** of the article is defining the effectiveness of the*

*information and communication technologies in the organization of students' cognitive activity.* ***Methods*** *of research: analysis, observation, monitoring.The study showed that the methods used contribute to the development of students' independence, self-organization, and self-esteem. The materials of the article are recommended for use in organizing students' independent work for university teachers*

***Key words:*** *self-organization; skills; formation; activities; development; ability; cognition.*

Окуу процессинде маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын кенен пайдаланылышы окутуунун интенцификациясынын негизги багыты болуп эсептеле тургандыгы белгиленип келет. Ырасында, көп жылдар бою билим берүүдө окутуунун технологиялык каражаттары пайдаланылып келген. Технологиялык прогресстин натыйжасы аларды маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен алмаштырды. Окуу процессинде маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын пайдаланылышы студенттердин өз алдынча иштеринин ролун жогорулатууга багытталат. Чет тилдерин окутууда өз алдынча иштерди уюштуруунун технологияларына байланышкан маселелерге көп жылдардан бери педагогдор, усулчулар, практиктер көңүл буруп келишет. Себеби, студенттердин өз алдынча ишмердикке болгон жөндөмү, анын инсандык белгисин көрсөткөн педагогикалык процесстин максаты болуп саналат.

Азыркы учурда өнүгүүдөгү экономикалык шарттарга байланыштуу эл аралык ааламдашуу коомчулугу адистерден чет тилдерин өздөштүргөн билимине катуу талап кое баштады. Ошондуктан, бүгүнкү күндө келип чыккан пикирлерди кыскартуунун каражаты – чет тилдерин өз алдынча окуп үйрөнүү болуп саналат. Ошондой болсо да, таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун мотивациялык компетенттин, предметке болгон кызыгуунун деңгээлин, билимдин эффективдүү өздөштүрүлүшүн, окутуучу тарабынан бериле турган жардамдын зарылдыгынын аныкталышы зарыл керек. “Чет тили боюнча сабактардын натыйжасын жакшыртуу үчүн эмнени сунуш кылат элеңер? – деген суроого студенттердин: 79 %ы маалыматтык технологияларды пайдалууну; 45 %ы сүйлөшмө кеп менен көбүрөөк иштөөнү; 25 %ы грамматикага көбүрөөк убакыт бөлүүнү; 18 %ы фильмдерди көрүп, видеолорду тез-тез пайдаланып туруунц; 9 %ы каалоочулар үчүн чет тилин тереңдетип окутууну; 7 %ы тилди алып жүрүүчүлөр менен карым-катыш жасоого мүмкүнчүлүк жаратууну, 6%ы оюндарды, тилдик жарыштарды өткөрүп туруунц, 1 %ы азыркы сленгдерди кошумча окутууну сунуштаарын беришти.

Таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун мотивациялык компонентинин деңгээлин так аныктоо үчүн биз диагностикалык шкаланы иштеп чыктык. Диагностикалык ишибиздеги анкеталык сурамжылоонун натыйжалары, кенже курстун студенттеринин көпчүлүгүндө өз алдынча иштерге карата оң мамиле үстөмдүк кыла тургандыгын көрсөттү. Тагыраак айтканда, биринчи курстардын 66 % ы оң, 14,6 % ы терс, 26,6 % ы кош көңүл көз караштa экендиги белгилүү болду. Жогорку мектептеги окуунун негизги артыкчылыгы катары өз алдынча окуунун көлөмүнүн көбөйтүлүшүн студенттердин басымдуу бөлүгү (87%) кабыл алышты. Студенттердин 93 %ы жогорку окуу жайдагы өз алдынча иштердин зарылдыгын белгилешти.

Өз алдынча иште студенттердин: 44,2 %ы өзүнүн билимин текшерүүгө, жакшы баа алууга жасалган аракетке – 41,6 %ы, билимди толуктоо мүмкүнчүлүгүнө – 39 % ы, өз алдынчалуулугун жаратуу мүмкүнчүлүгүнө 30,7% ы тартылды. Кесипкөй адис болуудагы өз алдынча иштердин ролуна студенттердин 89 % ы жогору баалашты. Алардын 87,2 % ынын көз карашы боюнча, акыл ишмердигин активдештирет, 56,5 % ынын пикиринде окууга чыгармачылык мамилени

калыптандырат, 69,4 % ынын көз карашында, өз алдынчалуулуктун, демилгелүүлүктүн жаралышына жол ачат.

Окуу ишмердигиндеги өз алдынча иштердин маанисин студенттер жакшы түшүнө тургандыгын, таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун мотивациялык компонентинин жогорку деңгээлин студенттердин 10,7 % ынан гана көрүүгө боло тургандыгын изилдөөбүздүн анализи көрсөттү. Бул студенттердин жаңы материалды өздөштүрүүгө кызыгып, өз алдынча билим алууга умтулушат. Кесипкөй адис болуудагы өз алдынча иштердин зарылдыгын түшүнүшөт. Аларга өз алдынчалуулуктун жогорку деңгээли, таанып билүүдөгү активдүүлүк, көз карандысыздык мүнөздүү. Ошондой эле алар окутуучунун жетектөөсү жок иштегенди жактырышат. Себеби, өз алдынча ишке болгон мотивациянын жогорку деңгээлине ээ болушкан. Бул студенттер кандай татаалдыктагы тапшырма болбосун, эч кимден жардам күтпөй аткара алышат. Өз алдынча ишке максат коё билишет.

Студенттердин 46,6%ы таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун мотивациялык компонентинин орто деңгээлине ээ болгондор. Алар кесипкөй адис болуудагы өз алдынча иштердин зарылдыгын түшүнүшөт. Бирок өз алдынча билим алууга болгон суроо-талап аларда кырдаалга байланыштуу жаралат. Алардын таанып билүү активдүүлүгү жогору болбогондуктан, мугалим тарабынан түрткү берилип турулушу талап кылынат.Таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун орто деңгээлиндеги студенттер ишти жакшы уюштурууда, тапшырма аткаруу багытында көрсөтмөлөргө муктаж болушат. Айрым учурларда берилген эреженин чегинен чыгып кетишет. Аларга айрым учурда гана өз алдынча иштеген жагат. Мотивдерди кырдаалдык катары баалашат. Орто татаалдыктагы тапшырмаларды жардамсыз аткарышы мүмкүн. Татаал тапшырмаларды башка бирөөнүн жардамында гана аткара алышат.

Студенттердин 42,7 %ы таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун мотивациялык компонентинин төмөнкү деңгээлине ээ болгондор. Кесипкөй адис болууда өз алдынча иштер алар үчүн негизги фактор болуп эсептелбейт. Өз алдынча иштерге карата аларда туруктуу активдүү кызыкчылык байкалбайт. Өз алдынча билим алуу процесси аларда дээрлик аткарылбайт. Алар өтө эле пассивдүү болгондуктан, жөнөкөй тапшырмаларды гана аткарышат. Тапшырма аткаруу учурунда жардамга муктаждыгы байкалат. Ал өзгөчөлүк 1- таблица көрсөтүлгөн.

Таблица 1. Таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун мотивациялык компонентинин өнүгүшү.

| Таанып билүүдөгү өзалдынчалуулуктун мотивациялык компонентинин көрсөткүчтөрү | | Таанып билүүдөгү өз алдынчалуулугунун деңгээли (пайыздык | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жогору | орто | төмөн |
| 1 | Кесипкөй адис болуудагы ӨИ ролунун таанылышы, ага карата оң мамиле | 24,5 | 48 | 27.5 |
| 2 | Өз алдынча билим алуудагы суроо-талап | 9 | 46 | 45 |
| 3 | Жардамга жаралган суроо-талап | 16 | 54 | 28 |
| 4 | Таанып билүү активдүүлүгү | 15 | 23 | 62 |
| | Жалпы | 16,1 | 42,7 | 40,6 |

Ошентип, таанып билүүдөгү мотивациялык компоненттин кенже курстун студентттериндеги негизинен, орто жана төмөнкү деңгээли көрсөтүлдү.

Студенттердин 8,5% ы инсандын чыгармачылык багытына, программалардын ийгиликтүү өздөштүрүлүшүнө жол ача турган баардык сапаттарга ээ болушкан.

Таблица 2. Студенттердин инсандык сапаттарынын өнүгүшү ( % дык катышта ).

| № | Инсандык сапат | % дык катышта |
|---|---|---|
| 1. | Ак ниеттүүлүгү | 88,5 |
| 2. | Тартиптүүлүгү | 77,3 |
| 3. | Аракетчилдиги | 87,7 |
| 4. | Эмгекчилдиги | 94,7 |
| 5. | Тырышчаактыгы | 91 |
| 6. | Аткарууучулугу | 89,6 |
| 7. | Көз карандысыздыгы | 22,6 |
| 8. | Ишке жөндөмдүүлүгү | 39,9 |
| 9. | Жоопкерчиликтүүлүгү | 17,5 |
| 10. | Уюштурууучулугу | 19,9 |
| 11. | Максаттуулугу | 11,6 |
| 12. | Активдүүлүгү | 12,1 |
| 13. | Демилгелүүлүгү | 7,6 |
| 14. | Өз алдынчалуулугу | 12,4 |
| 15. | Чыгармачылыкта иштей билиши | 6Д |

Ошентип, таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун деңгээли инсандык белги катары өз алдынчалуулук менен тыгыз байланышта деген тыянак чыгарууга болот. Бул көрсөткүчтөрдүн өз ара байланышы 3-таблицада көрсөтүлгөн.

3-таблица Таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун деңгээлинин ишмердиктин өз алдынчалуулук деңгээлине тийгизген таасири

Маалыматтык-мазмундук компоненттин деңгээлин аныктоо үчүн анкеталык суроо-жооп, ошондой эле а) билимди (тестирлөөнүн жардамында), жазуу иштеринин грамматикалык жасалгасынын тууралыгын баалоо; б) студенттердин чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнүн деңгээлин, башкача айтканда, чеберчилигинин өнүгүү деңгээлин (жазуу иштеринин негизинде) баалоо жүргүзүлдү. Чет тили боюнча студенттердин тил үйрөнгөн деңгээлин өзүн-өзү баалоо мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн 96 студент: Ош мамлекеттик университетинин Бизнес жана менеджмент факультетиндеги банк иштери адистигинен 44, ал эми каржы жана насыя адистигинен 52 студент катышты. Алардан анкеталык суроолорго жооп алынды. Натыйжалар статистикалык жактан иштелип чыкты. Өзүн-өзү баалоо төмөнкүдөй шкала боюнча жүргүзүлдү:

90%дан аз эмес – “ 5 балл” – жакшы чеберчиликтерим бар;

75-89 %ы – “4 балл” – жакшы чеберчиликтерге ээмин: материал же кырдаал жаңы болсо, татаалдыкка туш келем;

51-74 %ы – “3 балл” – чеберчиликтерим жеткиликтүү эмес;

50 % ы – “2 балл” – чеберчиликтерди начар өздөштүргөмүн;

“0 балл” – эч кандай чеберчиликке ээ эмесмин, бул маселе боюнча билимим жок.

Өз алдынча ишмердиктин таанып билүүдөгү өз алдынчалуулугуна индивидуалдаштырылган тапшырмалардын тийгизген таасирин текшерүү максатында

жүргүзүлгөн эксперименттин этабы таанып билүүдөгү өз алдынчалуулуктун төмөнкү баскычындагы студенттердин саны кыйла кыскаргандыгын, орто жана жогорку баскычына ээ болгон студенттердин саны өскөндүгүн көрсөттү.

## Жыйынтыктар:

1. Тажрыйбалык-эксперименттик иштердин жүрүшүндө алынган маалыматтардын анализи, биз сунуш кылган модель маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу аркылуу студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруунун, алардын таанып билүүдөгү өз алдынчалуулугун калыптандыруунун эффективдүү каражаты экендигин көрсөттү;

2. Окуу жараянында өз алдынчалуулук көрсөткүчтөрүн жогорулатуу үчүн күчөтүлгөн тартипте иштөө зарылчылыгы белгилүү болду;

3. Экономика багытындагы студенттерге чет тилдерин окутуу жараянында өзүн-өзү уюштурууга болгон жөндөмдөрү калыптандырылышы, аны андан нары өнүктүрүүгө сунушталган ыкманын колдонулушу максатка шайкеш келе тургандыгы тастыкталды.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Андреев, В.И.** Саморазвитие творческой, конкурентоспособной личности менеджера [Текст] / В.И. Андреев. - Казань: СКАМ, 1992. -183 с.
2. **Гура, В.В.** Роль самоорганизации учебной деятельности студентов в развитии профессионально значимых компетенций [Текст] / В.В. Гура // Международный журнал экспериментального образования.- 2016.- №11. - 149с.
3. **Курмангулов, А.А.** «Фабрика процессов» – новый формат организации образовательного процесса в высшем учебном заведении [Текст] / А.А. Курмангулов // Высшее образование в России. - 2018. - Т.27. -№ 5. – С. 37 - 41.
4. **Мандрикова, Е.Ю.** Разработка опросника самоорганизации деятельности (ОСД) [Текст] / Е.Ю. Мандрикова // Психологическая диагностика. - 2010, № 2. – С.87- 111.
5. Новый энциклопедический словарь.- М.: Большая Российская энциклопедия: Риполклассик, 2006. - 1455с.
6. **Петрова, Е.В.** Самоорганизация студентов вуза как условие формирования их научно-исследовательской компетенции [Текст] / Е.В.Петрова // Вестник ЧГПУ им. И.Я. Яковлева.- Чуваш: ГПУ, 2016.- №2 (90).- С.154-160.
7. **Тыныбекова, Ч.А.** Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда маалыматтык – коммуникациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары [Текст] / Ч.А.Тыныбекова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2018.- №3. -119с.
8. **Шипилов, В.** Перечень навыков softskills и способы их развития. URL:https://www.cfin.ru/management/people/devval/soft-skills.shtml. (дата обращения: 08.05.2020).


DOI:10.54834/16945220_2021_1_181

Поступила в редакцию 04. 04. 2022 г.

УДК: 37.01:00737.01

***Израйилова А.А.***
*аспирант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Момуналиев С.***
*д.п.н., профессор Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## АНГЛИС ТИЛИНИН ГРАММАТИКАЛЫК КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ИНТЕРНЕТ РЕСУРСТАРЫН КОЛДОНУУ

*Бул макалада изилдөөнүн предмети англис тилин окуп-үйрөнүүдөгү маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын интернет ресурстарын колдонуу ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн максаты окуучулардын чыгармачылык иштерин акысыз жана ыкчам басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү дүйнөнүн алдыңкы методисттери тарабынан иштелип чыккан сабак пландары, окутуунун эң акыркы технологияларынын деталдуу сүрөттөлүшү, нукура окуу комплекстерин түзүүчү авторлордун кеңештери, өз деңгээлин дайыма жогорулатуу, тилди билүү, чет жана орус тилдери боюнча кесиптештер менен тажрыйба алмашуу (виртуалдык методикалык бирикмелер), алар менен англис тилинде баарлашуу. Изилдөөнүн жыйынтыгында чет тилдерди үйрөнүүдө жаңы инновациялык технологияларды пайдалануунун жардамы эч күмөнсүз жана англис тилинин грамматикасын окутууда чыгармачылык процесске айлантып берүүчү чоң потенциал экени далилденди. Мындан тышкары, кептин грамматикалык жагын окутууда телекоммуникациялык технологияларды билим берүү процессине киргизүүнүн максатка ылайыктуулугунун маанилүү аспектиси болуп окуучулардын өз ара инсандар аралык байланышты текст, үн жана сүрөт түрүндөгү билдирүүлөр менен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу аныкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *электрондук почта; маалымат; үн; баарлашуу; долбоор; телекоммуникация; тестирлөө; тилдер; инновация; окутуу; интернет.*

## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНТЕРНЕТ-РЕСУРСОВ В ФОРМИРОВАНИИ ГРАММАТИЧЕСКИХ НАВЫКОВ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

*В статье рассмотрены переписка по электронной почте со сверстниками-носителями языка и изучающими английский язык как иностранный в других странах (современный, живой язык, оперативность информации, возможность изучения другой культуры, получать знания из «первых рук»). Участие в текстовых и голосовых чатах. Использованы методы интернет-ресурсов информационно-коммуникационных технологий для изучения английского языка. Участие в телекоммуникационных международных проектах. Участие в телекоммуникационных конкурсах, дистанционных олимпиадах возможность получить объективную оценку знаний, самоутвердиться, подготовиться к экзаменам, участию в других видах конкурсов и олимпиад, тестировании. Возможность оперативной бесплатной публикации творческих работ учащихся - повышение мотивации. Получение самообразования на курсах бесплатного или платного дистанционного обучения. Кроме того, определены важность аспектов целесообразности включения телекоммуникационных технологий в учебный процесс при обучении грамматической стороне речи является то, что учащиеся получают возможность осуществлять между собой опосредованное межличностное общение в рамках заданных грамматических тем или речевых ситуаций, передавая друг другу сообщения в виде текста, звука и изображения, обеспечивая тем самым устойчивую мотивацию познавательной деятельности.*

***Ключевые слова:*** *электронная почта; звуки; иностранный язык; инновация; интернет; телекоммуникация; тестирование; общение; обучение; проект.*

## USING INTERNET RESOURCES IN FORMING ENGLISH GRAMMATIC SKILLS

*The article describes the methods of using Internet resources of information and communication technologies for learning English. E-mail correspondence with peers who are native speakers and learn English as a foreign language in other countries (modern, live language, promptness of information, the opportunity to study another culture, gain first-hand knowledge). Participation in text and voice chats.*

*Participation in international telecommunications projects. Participation in telecommunications competitions, distance Olympiads, an opportunity to obtain an objective assessment of knowledge, to assert oneself, to prepare for exams, participation in other types of competitions and olympiads, and testing. The possibility of prompt free publication of students' creative works is an increase in motivation. Obtaining self-education in free or paid distance learning courses. In addition, the importance of aspects of the expediency of including telecommunication technologies in the educational process when teaching the grammatical side of speech is determined, that students get the opportunity to carry out mediated interpersonal communication among themselves within the framework of given grammatical topics or speech situations, passing messages to each other in the form of text, sound and images, thereby providing sustainable motivation for cognitive activity.*

***Keywords:*** *e-mail, sounds, foreign language, innovation, Internet, telecommunications, testing, communication, training, project.*

**Изилдөөнүн максаты жана милдети** англис тилинин грамматикалык көндүмдөрүн калыптандырууда интернет ресурстарын колдонуу боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Киришүү.** Мектепте англис тилин окутуу үчүн Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн жана ресурстарын пайдалануу кандайдыр бир деңгээлде кеңири колго алынган: буга электрондук почта аркылуу башка өлкөлөрдүн мектеп окуучулары менен кат алышуу, биргелешкен телекоммуникациялык долбоорлорду түзүү жана жүзөгө ашыруу, китептерди түпнуска тилинде окуу, ар кандай сынактарга жана олимпиадаларга катышуу, тексттик жана үн чаттарда баарлашуу, билим берүү жана көркөм өнөр сайттарында балдардын чыгармачыл чыгармаларын жарыялоо жана алар жөнүндө дүйнө жүзү боюнча пикирлерди алуу сыяктуу бир топ мүмкүнчүлүктөр кирет [1,3,6].

Мында байланышты жөн гана имитациялоо эмес, эки же андан көп маданияттын ортосундагы кызыктуу диалог түзүлө тургандыгын өзгөчө белгилеп кетсе туура болчудай [5]. Ал эми долбоорлор регионалдык аспектти козгогон учурларда мектеп окуучуларынын жалпы билими кеңейет, окууга болгон кызыгуу күчөйт, ар кандай предметтердин арасында бири-бирине сиңип кетүү жана таасир этүү аракети орун алат [2]. Бардык курактагы жана деңгээлдеги окуучулар Интернетти колдонууга байланышкан бардык иш-чараларга катышат [7]. Предметке болгон таанып-билүүчүлүк кызыгууну өнүктүрүү процесси жүрөт. Тилдик жана маданий тоскоолдуктар жарым-жартылай же толук жоюла баштайт, окуудагы көрсөткүчтөр жакшырат, окуучуларда өз жөндөмдүүлүктөрүнө ишеним пайда болот [4].

**Талкуулоо.** Тилдин грамматикасын окутууда Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануунун конкреттүү жолдору жөнүндө сөз жүргөндө, төмөнкү багыттардын эффективдүүлүгү жогору экендигин белгилей кетүү керек:

Башка өлкөлөрдө эне тилинде сүйлөгөн жана англис тилин чет тил катары үйрөнгөн курбалдаштар менен электрондук почта аркылуу кат алышуу (заманбап, жандуу тил, маалыматтын тездиги, башка маданиятты үйрөнүү мүмкүнчүлүгү, түздөн-түз билим алуу):

1. Жазуу жүзүндөгү жана үн аркылуу баарлашуу бөлмөлөрүнө (чаттарга) катышуу;
2. Эл аралык телекоммуникациялык долбоорлорго катышуу. Бул багыт тилди колдонуу деңгээлин жогорулатууга, жалпы көз караштын өнүгүшүнө алып келет жана конкреттүү долбоорду ишке ашыруу үчүн зарыл болгон атайын билимдерди алууну камсыздайт;
3. Телекоммуникациялык сынактарга, дистанттык олимпиадаларга, тестирлөөгө катышуу – билимди объективдүү баалоо, өзүн ырастоо, экзамендерге даярдануу, сынактардын жана олимпиадалардын башка түрлөрүнө катышуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Терс психологиялык учурдун жоктугу, реалдуу кырдаалдарда окуучуларга мүнөздүү болгон коркуу сезими. Эл аралык сертификаттарды алуу;

4. Окуучулардын чыгармачылык иштерин акысыз жана ыкчам басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү мотивациянын жогорулашына өбөлгө жаратат, андыктан өзүн-өзү ырастоо үчүн өспүрүмдөргө абдан зарыл;

5. Акысыз же акы төлөнүүчү дистанттык окуу курстарында өз алдынча билим алуу, анын ичинде алдыңкы британиялык, америкалык жана башка чет өлкөлүк окуу жайларында окутуу калктын орто жана аз камсыз болгон катмары үчүн эң актуалдуу;

6. Окуучулардын билиминдеги боштуктарды толтуруу үчүн дистанттык курстарга жана грамматикалык маалымдамаларга (1-таблица) кайрылуу, грамматикалык көндүмдөрдү калыптандыруу жана өркүндөтүү;

7. Лингвистикалык жана аймактык материалдардын көптүгү, дүйнөнүн алдыңкы методисттери тарабынан иштелип чыккан сабак пландары, окутуунун эң акыркы технологияларынын деталдуу сүрөттөлүшү, нукура окуу комплекстерин түзүүчү авторлордун кеңештери, өз деңгээлин дайыма жогорулатуу, тилди билүү, чет жана орус тилдери боюнча кесиптештер менен тажрыйба алмашуу (виртуалдык методикалык бирикмелер), алар менен англис тилинде баарлашуу жана буга студенттерди тартуу мугалимдер үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратат (1- таблица).

1-таблица. Грамматика жана грамматикалык маалымат китепчелери боюнча аралыктан сабак берүүчү интернет-сайттары.

| **Сайттын электрондук дареги** | **Сайттын мазмуну** |
|---|---|
| enative.narod.ru/theory/grammar.htm | «Native English» сайтында Сергей Соловьев тарабынан сунушталган Англис тилинин грамматиксынын курсу. |
| www.gsu.edu/~wwwesl/egw/verbprep.htm | Бул сайт грамматиканын айрым суроолорун, башкача айтканда, этиш менен байламтанын ортосундагы байланышты ачып көрсөтүүгө багытталган. |
| www.ucl.ac.uk/internet-grammar | Англис тилинин интернет-грамматикасы. Грамматиканын толук курсу. Авторлордун пикирине ылайык жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган. Окуу курсу түзүмүнүн жөнөкөйлүгү жана логикалуулугу, тилдин жеткиликтүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Орто мектептердин мугалимдери жана окуучулары үчүн да ылайыкташкан. |
| www.english.language.ru/lessons/index.html | Англис тилинин грамматикасы боюнча акысыз сабактар. |
| www.english-at-home. com/dir/English_Grammar | Ушул шилтеме өзгөчө сунушталат. Курстун эки бетинде англис тилинин грамматикасы боюнча эң пайдалуу жана кызыктуу сайттардын даректери топтолгон. Грамматикалык материалдардан |

| | |
|---|---|
| | тышкары алардын көпчүлүгүндө көнүгүүлөр жана сыноолор камтылган. |
| www.study.ru/lessons/index.shtml | Көнүгүүлөр менен коштолгон грамматика боюнча сабактар. Курстун өзгөчөлүгү –жооптордун тууралыгы дароо текшерилгендигинде. Материал өзалдынча окуп жаткан окуучулар жана тилди жаңыдан үйрөнүп жаткандар үчүн пайдалуу болушу мүмкүн. Бардык түшүндүрмөлөр жана комментарийлер орус тилинде берилген. |
| www.webster.commnet. edu/grammar | Окуу материалынын татаал уюштурулушу менен өзгөчөлөнгөн грамматикалык маалымдама. Көптөгөн көнүгүүлөр жана сыноолор камтылган. Түшүнүү поцессине интерактивдүү көзөмөл жүргүзүү. Талап кылынган ар кандай грамматикалык материалдарды издөө мүмкүнчүлүгү. Маалымдама түзүмүндө атайын суроо-жооп бөлүмү камтылган, анда грамматика боюнча ар кандай суроо берип, ага жооп алууга болот. |
| www/edufind.com/english/grammar | Грамматикалык колдонмо. Алфавит боюнча издөө. Теориянын көлөмү анча чоң эмес, артыкчылык мисалдарга берилген. Абдан ачык жана түшүнүктүү дизайн. Чет тили катары англис тилин үйрөнүп жаткандарга арналган. |

Мындан тышкары, кептин грамматикалык жагын окутууда телекоммуникациялык технологияларды билим берүү процессине киргизүүнүн максатка ылайыктуулугунун маанилүү аспектиси болуп окуучулардын өз ара инсандар аралык байланышты текст, үн жана сүрөт түрүндөгү билдирүүлөр менен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу саналат.

2-таблица. Англис тилинин грамматикасы боюнча интернет-сайттардын даректери.

| Интернет-сайттын аталышы | Интернет-сайттын дареги |
|---|---|
| Adverb Order | http:/www.ihes.com/Sresource/ |
| The Collective Noun Page | http://www.ojohaven.com/collectives/ |
| Common Errors in English | http://www-personal.umich.edu/~cell is/antagonym |
| An Elementary Grammar | http://www.hiway.co.uk/~ei/ intro.html |
| Elements of Style, by William Strunk | http://www.columbia.edu/acis/bartl-eby/strunk/ |
| Eleven Rules of Grammar | http://www.concentric.net/-rag/writing.shtml |
| English Grammar Links for ESL | http://www.gl.umbc.edu/-kpokoyl/grammar1.htm |
| ESL Grammar Notes: Articles | http://www.fairnet.org/agencies/lca/grammar2.html |
| ESL Grammar Notes: Countable and | http://www. fairnet.org/aftencies/lea/grammar1.html |
| ESL Grammar Notes: Verb Tenses | http://www. fairnet.org/agencies/lea/grammar3.html |
| Grammar and Style Notes | http://www.english.upenn. edu/~jlynch/Grammar/ |
| Grammar Help | http://www.hut.fi/-rvilmi/ help/grammar_help/ |
| The Grammar Lady | http://www.grammarlady.com/ |
| Gender-free Pronoun FAQ | http://www. lumina.net/OLD/gfp/ |
| ESL Help Center | http://www.pacificnet.net/~sperling/wwwboard2/ww |
| Irregular Verbs in English | http://www.library.pitt.edu/-coops/verbs.html |
| On-line English Grammar | http://www.edunet.com/english/grammar/toe.html |
| The Present Perfect | http://www.ihes.com/Sresource/Sstudy/ |
| Sentence Structure: Simple Sentences | http://www.ihes.com/Sresource/Sstudy/ |

| | |
|---|---|
| Teaching Grammar | http://www.geocities com/ SiliconValley/2 527/ |
| Grammar Clinic | http://www.ludbury.co.uk.grammar/ |
| Grammar Hotline Directory | http://www.tc.cc.va.us/vabeach/writcent/wchome/htm |
| Combine Your Grammar and Poetry | http://www.home.sn.no/~andreasl/gram-po.htm |
| Assessment and Evolution on the | http://www.cua.edu/www/eric_ae/intbod.htm |
| The language Tester's Guide to | http://www.surrey.ac.uk./ELI/cyber.txt.html |
| Language Tester | http://www.ling. |
| Language Tests for English Language | http://www.tcom.ohiou.edu/OU_Language/english/tes |
| Resources in language Testing | http://www.surrey.ac.uk/ELI/ltr. html |

Окуучулардын телекоммуникациялык долбоорлордо жемиштүү жана рецептикалык грамматика ыкмаларын («conferencing via e-mail») түзүүдө катышуу маселелери өзгөчө көңүл бурууга татыктуу.

Телекоммуникациялык долбоорлорду тилдик (лингвистикалык), культурологиялык (өлкө таануу) жана оюн (ролдук-оюн) мүнөздөрү боюнча типологиялоодо чет тилинин жемиштүү грамматикасын окутууда биринчи жана экинчи топтогу долбоорлор, ал эми рецептикалык грамматиканы окутууда экинчи топтогу долбоорлор өзгөчө көңүл бурууга татыктуу.

Окуучуда телекоммунативдик байланышка кирүүнүн чыныгы мүмкүнчүлүгү мугалим, окуу боюнча өнөктөштөр («student-to-student», «classic-to-class»), ошондой эле тил алып жүрүүчүлөр менен («a pen pals via e-mail», «keypals») коммуникативдик байланышка кирген учурда пайда болот [3]. Мындай баарлашуу чет тилин компьютердик телекоммуникациялык тармактар аркылуу окутуу процессинин ажырагыс бөлүгү катары каралат жана маалымат телекоммуникациялык пикир алмашуунун ар кандай түрлөрү аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Буларга телеконференция, электрондук почта боюнча жеке кат алышуу, Chat (атайын электрондук бөлмө) режиминдеги аңгемелешүүлөрдү камтыган «The International E-Mail Tandem Network», «EVENT-SL» ж. б. сыяктуу каражаттарды мисал катары келтирүүгө болот.«The International E-Mail Tandem Network» алкагында практикалык иш жүргүзүү үчүн эң чоң кызыгууну төмөндөгү сайттар жараткандыгын белгилеп кетүү керек: http://cc/matsuvama-u.ac.ip/~markusvk, http://marvin.uni-trier.de/.EVENT-SL электрондук форумуна алдын ала жазылуу жолу менен «тирүү» баарлашуунун катышуучулары акыркы окуялар боюнча маалымат алмаша алышат (http://www.latrobe.edu. au.www/education/ sl/sl.htmi).On-line режиминде талкуулоо убакыт боюнча чектөөсүз жүргүзүлүшү мүмкүн. Төмөнкү дарек боюнча жайгашкан www.bravenet.com сайты өздүк Web-беттерин жана виртуалдык мейманканаларды түзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай сайттын бир үлгүсү болуп Dave's ESL Café (http://www.elscafe.com)саналат [6]. Ага мугалимдер, окуучулар, ошондой эле бүткүл дүйнө боюнча англис тилин өз алдынча окуп үйрөнүүчүлөр кайрылышат [1].

Тилдик (лингвистикалык) телекоммуникациялык долбоорлор таза тилдик (окутуучу), лингвистикалык жана филологиялык болуп бөлүнөт. Грамматикалык көндүмдөрдү (жемиштүү да, рецептивдик да) калыптандыруу учурунда артыкчылыктуу багыт тилди практикалык колго алууга багытталган таза тил (окутуу) долбоорлоруна ыйгарылат. Лингвистикалык долбоорлор окутуу процессинде тил өзгөчөлүктөрүн жана тилдик реалияларды үйрөнүүгө багытталган жана рецептивдик грамматикалык материалдар менен иштөөдө маанилүү ролду ойнойт. Филология долбоорлорунун курамдык бөлүктөрүнө: сөз этимологиясын изилдөө, адабий изилдөөлөр, тарыхий-

фольклордук көйгөйлөрдү изилдөө, чыгармачылык кирет. Булардын арасынан акыркысы гана тилдин грамматикалык жагын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошууга багытталган [2].

Оюн жана ролдук-оюн телекоммуникациялык долбоорлорутилди жемиштүү деңгээлде билүү жөндөмүн өнүктүрөт. Бул процесс тилдик материалды өздөштүрүүнүн эки деңгээлинде (колдонуу деңгээли жана чыгармачылык деңгээли) маданияттар аралык баарлашууну уюштуруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Мазмундуу көз караш менен караганда оюн жана ролдук оюн долбоорлору окуучуларды элестүү, имитациялык-иштиктүү саякатка тартат, кесиптик, коммуникациялык жана драмалык, ошондой эле имитациялык-социалдык кырдаалдарды моделдештирет. Мында оюндун окутуу мүнөзү окуучуга байкалбайт [5].

Культурологиялык (өлкө таануу) телекоммуникациялык долбоорлор да продуктивдүү грамматикалык көндүмдөрдү өнүктүрүүнү шарттайт. Мында тилди үйрөнүү маданият, тарых, этнография, география, экономика, саясат, өнөктөш өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлүшү, искусство, адабият, архитектура, элдердин салттары жана турмушу менен тааныштыруу максатында маданияттар аралык карым-катнашты уюштуруу аркылуу жогорураак деңгээлде жүзөгө ашырылат. Мындай учурда чет тили баарлашуу каражаты катары кызмат кылат. Табигый тил чөйрөсү жалгыз мүмкүн болгон коммуникация каражаты катары англис тилин колдонуу муктаждыгын калыптандырууга шарт түзөт.

Окутуунун орто баскычында телекоммуникациялык долбоорлор жана конференциялар мугалим тарабынан атайын уюштурулат. Айрым көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ болуунун натыйжасында окуучулар Internet тарабынан сунуш кылынган эл аралык долбоорлорду табуу жана аларга өз демилгеси менен кошулуу, аларды кызыктырган темаларда ар кандай маселелерди талкуулоо үчүн эл аралык телеконференцияларга катышуу сыяктуу процесстерди өз алдынча ишке ашыра алышат. Активдүү билимдин жана продуктивдүү көндүмдөрдүн жана тажрыйбалардын жетишсиз учурларында окуучулар аталган иш-чараларга пассивдүү түрдө катыша алышат. Телекоммуникациялык долбоорлордун тематикасы абдан көп түрлүүлүгү менен айырмаланат. Тигил же бул теманы тандоо окутуу программаларынын алкагында, мектептин техникалык камсыздуулук деңгээлине, кесиптик артыкчылыктарына, окуучулардын жөндөмдөрүнө жана кызыкчылыктарына, ошондой эле бөтөн тилдүү билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине жараша билим берүү органдарынын түзүмдөрү же мугалимдер тарабынан аныкталышы мүмкүн.

Телекоммуникациялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча түзүмү бир топ татаал, анда төмөндөгү негизги этаптарды бөлүп кароого болот:

1. Координатор тарабынан жүргүзүлүүчү уюштуруу этабы (долбоорго техникалык, педагогикалык жана усулдук колдоо көрсөтүүнү уюштуруу);

2. Өнөктөштөрдү издөө этабы (кат жазышуунун башталышы, кызыкчылыктар чөйрөсүн аныктоо, көмөкчү маалыматтарды алуу);

3. Долбоордун башкы идеяларын тандоо жана талкуулоо этабы (максаттарды жана милдеттерди аныктоо,  долбоорду ишке ашыруунун стратегиялары);

4. Методикалык маселелерди талкуулоо этабы, окуучулардын сабактык жана сабактан тышкаркы иштерин уюштуруу;

5. Долбоорду структуралаштыруу этабы (материалдарды тандоо, көмөкчү тапшырмаларды аныктоо);

6. Долбоордун үстүндө иштөө этабы (топтордун мүчөлөрүнүн ичинде тапшырмаларды иштеп чыгуу, жашырын тууралоо жана окуучуларга жардам берүү, маалымат алмашуу);

7. Жыйынтыктарды чыгаруу этабы (презентация жана долбоорду коргоо, иш боюнча отчет, пикир алмашуу, рефлексия).

Долбоордун үстүндө иштөөнүн так структурасын аныктоо жана аны ишке ашырууда сарамжалдуу мамиле мугалимдердин жана окуучулардын ишин натыйжалуу кылууга өбөлгө жаратат.

Англис тилин окутуу жараянын оптималдаштыруу тармактык технологияларды пайдалануу аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Бул милдетти чечүү алкагында алыстан башкаруу системалары деп аталган жана алыскы компьютерди башкарууга жана тармактык режимде анда программаларды аткарууга мүмкүндүк берген атайын программалык каражаттар ишке киргизилет. Мында Microsoft NetMeeting программасы өзгөчө көңүл буруга татыктуу. Ал колдонууда жөнөкөйлүгү, жагымдуу интерфейси жана жогорку ылдамдыгы менен айырмаланат.

Жогорку ылдамдык мындай программалык камсыздоолорду тандоодо чечүүчү мааниге ээ болуп саналат. Мындан тышкары, жабдууларга өзгөчө талаптар коюлбайт: программа Windows орнотулган ар кандай компьютерде иштей алат. Ар бир окуу аудиториясындагы модулдарды ишке киргизүү схемасы сабактардын мүнөзүнө көз каранды.

Англис тилин окутууга коммуникативдик-багытталган мамиле ишмердүүлүктүн артыкчылыктуу формасы болуп эсептелет, анткени окуучулардын жигердүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууга жардам берет жана чет өлкөлүк өнөктөштөр менен баарлашууда инсандын практикалык муктаждыктарына көп жагынан шайкеш келет. Тармактык технологияларды колдонуу окуучулардын кызыгуусун бир топ деңгээлде жогорулатат жана активдүү өз ара аракеттешүүнүн ыкмаларын диалогдук негизде натыйжалуу ишке киргизүүгө мүмкүндүк берет.

Тил ээлери менен түздөн-түз баарлашуу жана өнөктөштөр менен эркин пикир алмашуу табигый түрдө чет тилди үйрөнүүгө күчтүү мотивациялык дем берет, ар кандай тилдик жөндөмдөргө жана көндүмдөргө ээ болууга өбөлгө түзөт. Тилди алып жүрүүчүлөр менен баарлашуу, ал тургай телекоммуникациялык байланыш окуп жаткандарды тилдик предметтик-коммуникациялык ишке тартат, ошону менен тилди натыйжалуу өздөштүрүү үчүн эң ыңгайлуу шарттарды камсыздайт.

Компьютердик телекоммуникациялык тармактар аркылуу окутуу окуучуларга тил ээси болгон реалдуу өнөктөш менен баарлашууга жана чыныгы турмуштук кырдаалда болуу менен байланышта болуп, мындай кырдаалды ойлоп чыгарбай жана жасалма жол менен түзбөй туруп чет тилин үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, компьютердик телекоммуникациялык тармактар аркылуу окутуу процессинде чет тилин предметтик-коммуникациялык ишке түздөн-түз киргизүү мүмкүнчүлүгү пайда болот.

## Жыйынтык

Окутуунун сунушталган түрлөрү маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен окуу процессинде каралган бардык функционалдык мүмкүнчүлүктөрдү комплекстүү пайдалануунун негизинде гана ал технологияларды чет тилдерди окутуунун салттуу методикасына түздөн-түз киргизүү жолу менен ишке ашырылышы мүмкүн. Чет тилдерди үйрөнүүдө жаңы инновациялых технологияларды пайдалануунун жардамы эч күмөнсүз жана англис тилинин грамматикасын окутууну жандуу чыгармачылык процесске айлантып берүүчү чоң педагогикалык потенциал болуп саналат. Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун башка жагы болуп компьютердик контролдоо жана грамматикалык машыгуунун калыптануу деңгээлин диагностикалоо.

## Колдонулган адабияттар:


1. **Израйилова, А.А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын орто мектеп окуучуларынын психологиясын калыптандыруудагы орду [Текст] / А.А.Израйилова // Наука новые технологии и инновации Кыргызстана.- 2021.- № 4.- С. 317-322.
2. **Тилекова, Н.Д.** Педагогическое содержание и формы обучения восточному художественному наследию [Текст] / Н.Д.Тилекова // Наука. Образование. Техника.- Ош: КУУ, 2016. - № 1 (49).- С. 107-114.
3. **Сыдыкбаева, Б.Ш.** Структурные особенности придаточных предложений в английском и кыргызском языках [Текст] / Б.Ш. Сыдыкбаева // Вестник Кыргызского Национального универ. им. Ж. Баласагына.- Б.: КНУ, 2019. - № 4 (100).- С. 85-89.
4. **Камчибекова, З.К.** Особенности использования соревнований в жизни студентов [Текст] / З.К. Камчибекова, А.М. Мадаева // Alatoo Academic Studies.-2019.- № 3. - С. 26-31.
5. **Израйилова, А.А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун педагогикалык жана уюштуруу –методикалык шарттары [Текст] / А.А. Израйилова // Известия ВУЗов Кыргызстана.- Бишкек, 2021.- № 2.- С. 267-272.
6. **Тыныбекова, Ч.А.** Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен англис тилинин окутулушу [Текст] / Ч.А. Тыныбекова // Вестник Ошского государ. универ.- Ош: ОшГУ, 2021.- Т.1. - № 4.- С. 367-375.
7. **Тилекова, Н.Д.** Литературное обозрение как фактор формирования профессиональной культуры студентов [Текст] / Н.Д.Тилекова // Наука. Образование.Техника.-Ош: КУУ, 2018.- №3.- С.44-52.


DOI:10.54834/16945220_2021_1_186

Поступила в редакцию 06. 04. 2022 г.

# ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 332**

***Дуванакулов М.А.***
*ст. преп. Ошского технологического универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*
***Култаева А.К.***
*к. г.н., доцент Ошского технологического универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*

## ЖАРАТЫЛЫШТЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары жаратылышты пайдалануу түшүнүгүнүн келип чыгышы жана анын зарылдыгы каралган. Жаратылышты пайдалануу түшүнүгүнүн пайда болуусу жана калыптанышы жаатында изилденген окумуштуулардын берген аныктамалары жазылган. Ошондой эле жаратылышты пайдалануу жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрдүн өнүгүүсү берилди. Изилдөөнүн негизги максаты окумуштуулардын жана илим изилдөөчүлөрдүн жаратылышты пайдалануу терминине берген аныктамаларынын окшоштук жактарын жана айырмачылыктарын, көп кырдуулугун ачып көрсөтүү болуп саналат. Жаратылышты пайдалануу илим катары өнүгүүсүндө, усулдарын иштеп чыгууда анын теориялык изилдөөлөрү чечүүчү мааниге ээ. Айрыкча, азыркы учурда, жаратылышты пайдалануунун салттуу формасын жана адамзаттын ар түрдүү жаратылыш чөйрөлөрүнүн шарттарына болгон туруктуулугун, жаратылыш ландшафттарынын шарттарына маданий-чарбанын адаптация алышын тарыхый тажрыйба катары өзгөчө изилдөөгө алууда. Андыктан, бул илимий макаланын жаратылышты пайдалануу жаатындагы изилдөөлөргө практикалык мааниси жогору.*

***Негизги сөздөр:*** *жаратылышты пайдалануу; коом; геоэкология; жаратылыш ресурсу; калк; чарба; туруктуу өнүгүү.*

## О ТЕОРЕТИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМАХ ПРИРОДОПОЛЬЗОВАНИЯ

*В данной работе предметом исследования является возникновение термина природопользование и даны определения ученых, изучающих природопользование. А также рассмотрены вопросы эволюции представлений о природопользовании. Цель исследования - раскрыть схожест и противоречивость мнений ученых и исследователей в определении термина природопользования изучить разносторонность мнений. При изучении природопользования как науки, решающим фактором является изучение теоретических аспектов. Актуальные сейчас исследования стандартных форм природопользования, устойчивости человечества разным факторам природных явлений, природных ландшафтных условий и адаптация имеют роль обособленного историко-практического развития. Поэтому значение данной статьи при изучении теоретических основ и проблем природопользования имеет высокую практическую ценность.*

***Ключевые слова:*** *природопользование; общество; геоэкология; природные ресурсы, население; хозяйство; устойчивое развитие.*

## ON THEORETICAL PROBLEMS OF NATURE MANAGEMENT

*It Is work, the subject of research is the emergence of the term environmental management and it is need. In addition, the definitions of scientists researching nature management are given. And also considered the issues of evdution of ideas about nature management. The purpose of the study is to reveal the similarity and inconsistency of the opinions of scientists and researchers in the definition of the term nature management, to study the diversity of opinions. When studying nature management as a science, the decisive factor is the study of theoretical aspects. The current research of standard forms of nature management, human resistance to various factors of natural phenomena, natural landscape conditions and adaptation have the role of a separate historical and practical development. Therefore, the importance of this article in the study of theoretical foundations and problems environmental management has a high value.*

***Key words:*** *nature management; society; geoecology; natural resources; population; economy; sustainable development.*

Жаратылышты пайдалануу коом менен жаратылыштын көп кырдуу байланышын чагылдыруучу процесс болуп, адамзаттын чарбалык иш-аракетинин башталышы менен кошо эле

